434

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз жетинчи жыл чыгышы, рабиулаввал 1444-х. – октябрь 2022-м.

## Ал-Ваъй сөзү

**Набий ﷺдын мавлиди – караңгылык доорунда жаркыраган нур**

**Эң оптималдуу экономикалык түзүм (4) (Исламий экономикалык түзүмдүн көлөкөсүндө)**

**АКШ менен Кытай ортосундагы атаандаштык жана мусулмандардын позициясы**

**Батыш идеясынын кара кутусу (2)**

**Расулуллах ﷺдын нусрат талап кылуусун эскерүү жана ага ээрчүү**

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

434

Отуз жетинчи жыл чыгышы, рабиулаввал 1442х, октябрь 2022м

# Ушул санда

– ***Ал-Ваъй сөзү:*** Набий ﷺдын мавлиди – караңгылык доорунда жаркыраган нур ................3

– АКШ менен Кытай ортосундагы атаандаштык жана мусулмандардын позициясы ..............................................................8

– Эң оптималдуу экономикалык түзүм (4) (Исламий экономикалык түзүмдүн көлөкөсүндө) .......................................................................... 18

– Батыш идеясынын кара кутусу (2) ...........36

– Расулуллах ﷺдын түрдүү уруулардагы күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылуусун эскерүү жана ага ээрчүү .......................................49

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***........55

– ***Куръани Карим сабагында***.........................61

– ***Бейиш бактары:*** Чындыгында, шайтан силерге душман, ошондуктан силер да аны душман туткула ......................................................72

– Шейх Билхаж Райссунинин билдирүүсүнө каршы аалымдардын милдети тууралуу жаркын сөздөр менен комментарий берди ..................... 79

– Алдыда жаңы жана күчтүүрөөк «араб жазы» күтүлүүдө ..................................................80

## НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

بسم الله الرحمن الرحيم

## НАБИЙ ﷺДЫН МАВЛИДИ – КАРАҢГЫЛЫК ДООРУНДА ЖАРКЫРАГАН НУР

**Хамд Тобиб – Байт ул-Макдис**

Биз мусулмандар азирети Пайгамбарыбыз ﷺдын мавлид күнүн эскергенибизде анын караңгылык доорун хидаят, туура жол жана акыйкат менен жарык кылган нурлуу рисалатын эстейбиз. Бул хидаят нуру соңку пайгамбардын т.а. Иса (عليه السلام)дын пайгамбарлык мөөнөтү бүткөн учурдан тартып, көптөгөн жылдар бою үзүлүп калган эле. Андан кийин биздин сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ пайгамбарлык кербенин толуктоочу жана жыйынтыктоочу нурлуу рисалаты менен келди. Ошентип, пайгамбарлык кербени толукталды жана анын устундары түбөлүктүү бекемделди. Бул берекелүү, куттуу жана жыпар жыттуу эскерүү күнүндө хидаятка баштоочу Расулуллах ﷺ алып келген Ислам рисалатындагы кээбир акыйкаттарга токтолуп өтүүнү каалайдык:

1 - Ислам рисалаты адамзатка өздүгүн таанытты. Исламга чейин адамдар көптөгөн жылдар бою сандалып жүрүп, адашуунун азабынан өздүгүн унутуп, тоо-таштарга, дарактарга, асман-жер жана жылдыздарга сыйынып калышкан эле. Ислам рисалаты адамзатка алгач адам, барлык жана тирүүлүктүн Жаратуучусун таанытты. Андан кийин жаратылган махлуктардын акыйкатын жана адам баласынын жаралуудан максатын баяндап берди, башкача айтканда, адам баласынын жөндөн-жөн эле жаралып калбаганын, балким улуу максат үчүн жаратылганын айтты. Аллах Таала айтат:

﴿أَفَحَسِبْتُمْ أَنَّمَا خَلَقْنَٰكُمْ عَبَثًا وَأَنَّكُمْ إِلَيْنَا لَا تُرْجَعُونَ ١١٥﴾

***«Же силердин оюңар боюнча, Биз силерди бекер эле, тамаша кылып*** *(башкача айтканда, дүйнөдө силерге бир да милдет такпай турган, акыретте эсеп-кысап кылбай турган абалда)* ***жараттык да силер Биздин алдыбызга кайтарылбайсыңарбы?!»*** *(Андай эмес)!»* [23:115]

﴿وَمَا خَلَقْنَا السَّمَاءَ وَالْأَرْضَ وَمَا بَيْنَهُمَا لَاعِبِينَ لَوْ أَرَدْنَا أَنْ نَتَّخِذَ لَهْوًا لَاتَّخَذْنَاهُ مِنْ لَدُنَّا إِنْ كُنَّا فَاعِلِينَ ﴿١٧﴾﴾

***«Биз асман менен Жерди, ошондой эле, алардын арасындагы нерселерди ойноп, бекерге жаратканыбыз жок.*** *(Тескерисинче Өз кудуретибизди көрсөтүү үчүн жана пенделерибиз пайдаланышы үчүн жараттык)****. Эгер Биз оюн-күлкү кылууну кааласак, эгер (ошондой) кылуучу болгон чагыбызда да аны Өз алдыбыздан кылмакпыз»*** [21:16-17]

Ушул сыяктуу кабарлардын негизинде Ислам пендеге улуу жаратуучу Аллах Азза ва Жалланын кулу экендигин жана ушунун өзү адамзат үчүн чексиз сыймык экендигин баяндады.

2 - Ислам рисалаты адамдарды өз көлөкөсү астында бири-бирин жакшы көрүүчү бир туугандарга айландырды. Исламда арабдын араб эместен, каранын актан, кызылдын сарыдан эч кандай артыкчылыгы жок. Артыкчылык бир гана алардын таквасында. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن ذَكَرٖ وَأُنثَىٰ وَجَعَلۡنَٰكُمۡ شُعُوبٗا وَقَبَآئِلَ لِتَعَارَفُوٓاْۚ إِنَّ أَكۡرَمَكُمۡ عِندَ ٱللَّهِ أَتۡقَىٰكُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٞ ﴿١٣﴾﴾

***«Эй инсандар, чындыгында Биз силерди бир эркек*** *(Адам)* ***жана бир аял*** *(Хавва)****дан жараттык да бири-бириңер менен таанышып*** *(дос-жолдош болушуңар)* ***үчүн силерди*** *(түрдүү-түмөн)* ***элдер жана уруу-элеттер кылып койдук. Албетте, силердин Алла алдындагы эң урматтууңар эң такыбааларыңар. Албетте Алла Билүүчү жана Кабардар»*** [49:13]

Имам ал-Байхакий «Шуъаб ул-Ийман» китебинде келтирген хадисте Расулуллах ﷺ айткан:

**«يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّ رَبَّكُمْ وَاحِدٌ؛ أَلَا لَا فَضْلَ لِعَرَبِيٍّ عَلَى عَجَمِيٍّ، وَلَا لِعَجَمِيٍّ عَلَى عربِيٍّ، وَلَا لِأَسْوَدَ عَلَى أَحْمَرَ إِلَّا بِالتَّقْوَى؛ إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِنْدَ اللهِ أَتْقَاكُمْ»**

**«Оо адамдар, акыйкатта, баарыңардын Роббиңер бир. Арабдын араб эместен, араб эместин арабдан жана каранын кызылдан таквалыктан башка эч кандай артыкчылыгы жок. Аллахтын алдында эң кадырлууңар – эң таквалууңар».**

3 - Бул улуу Роббаний рисалат адамзатка жакшылык менен жамандыктын жолун көрсөтүп, туура жолдун нурлуу ахкамдарын баяндады жана адамдардын көйгөйлөрүн башка эч бир мыйзамдар жете албай турган деңгээлде, толук жана кемчиликсиз кылып

чечип берди. Анткени, Ислам рисалаты Аллах Таала тарабынан түшүрүлгөн жалгыз мыйзам болуп, андан башка мыйзамдардын бардыгы адамдар тарабынан орнотулган, алсыз жана кемчиликтүү. Аллах Таала айтат:

﴿وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ ٱلْكِتَٰبَ تِبْيَٰنًا لِّكُلِّ شَىْءٍ وَهُدًى وَرَحْمَةً وَبُشْرَىٰ لِلْمُسْلِمِينَ﴾

***«Сага бардык нерсени баян кылыш берүүчү, хидаят*** *(Туура Жолго баштоочу)****, рахмат жана мусулмандар үчүн сүйүнчү кабар болгон Китепти – Куранды түшүрдүк»*** [16:89]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ قَدْ جَآءَكُم بُرْهَٰنٌ مِّن رَّبِّكُمْ وَأَنزَلْنَآ إِلَيْكُمْ نُورًا مُّبِينًا ١٧٤﴾

***«Эй адамдар силерге Раббиңерден далил келди. Дагы биз силерге ачык Нурду түшүрдүк»*** [4:174]

4 - Ислам рисалаты адамзатты чаң-топуракка жана дүйнө маталарына жармашуудан жогорулатып, Роббаний рисалаттын негизинде чаң-топурактын Жаратуучусу менен болгон улуу рухий байланышка алып чыкты. Аллах Таала айтат:

﴿۞وَلَقَدْ كَرَّمْنَا بَنِىٓ ءَادَمَ وَحَمَلْنَٰهُمْ فِى ٱلْبَرِّ وَٱلْبَحْرِ وَرَزَقْنَٰهُم مِّنَ ٱلطَّيِّبَٰتِ وَفَضَّلْنَٰهُمْ عَلَىٰ كَثِيرٍ مِّمَّنْ خَلَقْنَا تَفْضِيلًا ٧٠﴾

***«Чындыгында, Биз Адам балдарын азиз - урматтуу кылдык жана аларды кургактык жана деңизде*** *(ат-улоо жана кемелерге)* ***чыгарып койдук, ошондой эле, аларга пакиза нерселерден ырыскы бердик жана аларды Өзүбүз жараткан абдан көп жандуулардан абзел, артык кылып койдук»*** [17:70]

Ислам адамзатты жаныбарча жашоо таризинен инсанийликке көтөрдү жана өлүмгө тете болгон бактысыздыктан бактылуу турмушка алып чыкты. Аллах Таала айтат:

﴿أَوَمَن كَانَ مَيْتًا فَأَحْيَيْنَٰهُ وَجَعَلْنَا لَهُۥ نُورًا يَمْشِى بِهِۦ فِى ٱلنَّاسِ كَمَن مَّثَلُهُۥ فِى ٱلظُّلُمَٰتِ لَيْسَ بِخَارِجٍ مِّنْهَا ۚ كَذَٰلِكَ زُيِّنَ لِلْكَٰفِرِينَ مَا كَانُوا۟ يَعْمَلُونَ ١٢٢﴾

***«Ободу өлүк*** *(каапыр)* ***болгон, кийин Биз аны*** *(динге нускоо менен)* ***тирилтип, адамдар арасында өзү менен бирге алып жүрө турган нурдуу*** *(ыйманды)* ***берип койгон бир адам караңгылыкта калып кеткен жана андан эч качан чыга албаган адамга окшойбу?!*** *(Момундарга ыймандары кандай кооз-жакшы көрүнсө)* ***каапырларга да кылып жаткан амалдары дал ошондой кооз кылып көрсөтүп коюлду»*** [6:122]

5 - Ислам рисалаты тынчтыктын жана бейпилдиктин пайдубалын туура негизде түптөдү. Ал үчүн адамдар арасында хидаятты жайылтууну жана бирөөнүн колундагы нерселерге көз артпоону буйруду. Чынында, Исламга чейинки жахилийят доорунда адамдар мал-мүлк талашып, аялдарды зордук-зомбулук менен кыйнашып, жер бетинде бузукулук жайылтышат эле. Тарыхта атагы чыккан персиялыктар жана римдиктер, ошондой эле, кээбир араб уруулары дагы мына ушундай турмуш кечиришер эле. Буга мисал катары Дахис, ал-Габра, Халима, Буъас жана башка согуштарды айтууга болот.

Рисалаттын сыфаттары белгилүү бир бөлүмдөргө чектелбейт. Бардык аяттар жана Расулуллах ﷺдын хадистери бул рисалаттын акыйкат өзөгү жана нурлуу чырагы болуп эсептелет.

Караңгылык доорунда жердин бетин жаркыраткан бул улуу илахий нур бизге бүгүнкү күндөгү адамзаттын алгачкы жахилият доорундагыдан да оорураак адашууда, караңгылыкта жана зулумда жашап жатканын эстетет. Арийне, адамзат бүгүнкү күндө дагы акыйкаттын (Исламдын) турмушта жоктугу себептүү мына ушундай кордуктарды башынан өткөрүүдө. Аны бул абалдан Ислам гана алып чыга алат. Бул иш Расулуллах ﷺга вахий аркылуу түшүрүлгөн тарыйкаттын негизинде т.а. Ислам хадиятын, Ислам нурун жайылтуу аркылуу жер бетин мурункудай кайрадан жаркыратуу аркылуу ишке ашат.

Адамзат капитализм жана социализм мабдаларына чейин эле, чиркөөнүн жана дин кишилеринин зулумунан кордук көрүп, бактысыздыкта жашап келген эле. Ал зулумдар ушунчалык күчөгөндүктөн, Европада үлкөн жарылууга алып келди. Натыйжада, муфаккирлер менен дин кишилери ортосунда узак жылдарга созулган согуштардан кийин алар капитализм түзүмүнө ээрчий башташты. Бирок, адамдар дин кишилерине кулчулук кылуудан кутулушканы менен, капиталисттерге жана байларга кулчулук кылууга өтүштү. Андан кийин, бул зулумдан чарчаган адамдар бир ууч капиталисттердин үстөмдүгүнө чекит коюу максатында социализмди көтөрүп чыгышты. Бирок, арадан көп өтпөй адамзат чоктон качам деп отко кабылганын түшүнүп жетти. Тактап айтканда, социализм адамдарды мурункудан дагы көбүрөөк кордукка салды. Мына ошентип, бүгүнкү күнгө чейин адамзат бактысыздыктын баткагынан кутула албай келүүдө!

Тилекке каршы, жер жүзүндө бул улуу нурду таратуучу мамлекет жок болуп турат. Ислам мамлекети бар кезде мусулмандар бул нурду жердин Чыгышы менен Батышына, Түндүгү менен Түштүгүнө жайылтышар эле. Тилекке каршы, дүйнө жүзү чаң-топуракка (материяга) жармашкан капиталисттик түзүмдүн башчылыгы астында, караңгылыктын каардуу кылымдарын баштан кечирүүдө. Бул таш боор мабда адамзатты кордукка салып, согуштарды тутандырууда, кандарды төгүүдө, эл-жерлерди басып алууда жана кедейлердин оозундагы нанын тартып алууда. Ошондой эле, бул мабда өзүнүн ири ишканалары жана заалим мамлекеттери аркылуу жер жүзүндө ачарчылык менен бактысыздыкты жайылтууда.

Бул күн – Расулуллах ﷺдын мавлид күнү бизге Ислам Умматынын мойнундагы важибин эстетүүдө. Анткени, Расулуллах ﷺдын төрөлүшү – бул рисалаттын төрөлүшү. Мусулмандар Исламды татбик кылуучу мамлекети жок болсо сараңдын сарайында саргайган жетимден дагы аянычтуу абалда кала беришет. Дүйнө жүзү Исламсыз жамгырды күтүп чаңкаган жер сыяктуу. Аллах Таала мусулмандарды Ислам көлөкөсү астында т.а. Исламий Халифалык мамлекети астында «эң жакшы Уммат» деп сыфаттаган:

﴿كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِ ٱلْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ ٱلْمُنكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ﴾

*«(Эй Мухаммаддын үммөтү),* ***силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар жана Аллага ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

Имам Ахмад өзүнүн «Муснадында» риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ бул Умматты жердин бетин сугарган жамгыр деп сифаттаган:

«مَثَلُ أُمَّتِي مَثَلُ الْمَطَرِ لَا يُدْرَى أَوَّلُهُ خَيْرٌ أَوْ آخِرُهُ»

**«Менин Умматым жамгыр сыяктуу. Анын башы дагы, аягы дагы жакшылык».**

Аллах Тааладан бул куттуу эскерүү күнүн мусулмандарды Исламды кайтарууга, пайгамбарлык минхажындагы Халифалыкты орнотууга жана ал аркылуу Исламды бүтүндөй адамзатка хидаят жана жарык нур катары көтөрүп чыгууга түртүүчү себеп кылуусун сурап калабыз. ❑

## АКШ МЕНЕН КЫТАЙ ОРТОСУНДАГЫ АТААНДАШТЫК ЖАНА МУСУЛМАНДАРДЫН ПОЗИЦИЯСЫ

**Хасби Асур**

1990-жылдан тарта 20 жыл аралыгында Америка дүйнөдөгү теңдешсиз, эң таасирлүү мамлекет болуп турду. Бирок, соңку он жыл ичинде эл аралык саясатта АКШ менен Кытай ортосунда атаандаштык пайда болду. Кытайдын алдыга чыгуусу менен АКШнын үстөмдүгүнө доо кете баштаганы о.э. кээбир өлкөлөр Кытай тарапка ооп, аны менен иштешүүнү абзел көрө башташканы себептүү АКШ тынчсыздана баштады.

Индо-Тынч океан аймактары бул эки өлкө үчүн эң маанилүү атаандаштык майданына айланды. Кытай «Бир алкак – бир жол» долбоору о.э. аталган аймактагы бир катар мамлекеттер менен соода жана инвестициялык келишимдерди түзүү аркылуу бул аймакта агрессивдүү саясат алып барууда. Мындан тышкары, Кытай өзүнүн эгемендүү аймагы деп эсептеген Түштүк Кытай деңизинде аскерий иш-аракеттерди, изилдөөлөрдү жана балык уулоо иштерин күчөтүүдө. Ошондой эле, Кытай курал-жарак тармагындагы күчүн жогорулатып, бүгүнкү күндө АКШдан кийинки, аскердик чыгымдары көп болгон экинчи өлкөгө айланды.

Кытайдын Индо-Тынч океан аймагында таасиринин күчөшү жана саясий позициялары АКШнын аймактагы кызыкчылыктарына коопт туудурууда. Анткени, аталган аймак Америка үчүн соода жана коопсуздук жаатындагы стратегиялык өнөктөш болуп эсептелет. Мисалга алсак, 2018-жылда АКШ бийлиги Индо-Тынч океанындагы өлкөлөр менен Америка ортосундагы соода АКШ коомунда 3 миллион жумуш орундарын жаратканын билдирген. Ал эми 2016-жылда АКШ жалпы соодасынын болжол менен 6%ы мына ушул Түштүк Кытай деңизи аркылуу ташылган[1].

Эгер Кытай бийлиги Түштүк Кытай деңизи үстүнөн толук көзөмөл орното турган болсо, балык уулоо жана газ издөө иштерин ири көлөмдө алып баруу мүмкүнчүлүгүнө, ошондой эле, бул деңиз менен чектеш болгон өлкөлөрдү коркутуу жана аларга саясий басым өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Андан тышкары, Кытай LCS[2] зонасын өзүнүн абадан коргонуу аймагына айлантып, ал аркылуу Тайвань, Корея жана Япония өлкөлөрүн курчоого алат, ошону менен бирге, аны дүйнөдө

---

[1] Марвин Отт, «Түштүк Кытай деңизинин стратегиялык мааниси», 2009-жыл. https//:www.wilsoncenter.org/blog-post/the-south-china-sea-strategic-terms.

[2] LCS – литторалдык согуштук кеме же жээкке жакын зонадагы согуштук кеме.

күтүлүп жаткан саясий жана аскерий коркунчтарга каршы туруучу чекит катары колдонот.

АКШга келсек, Кытайдын LCS зонасы үстүнөн көзөмөл орнотуусу АКШнын Чыгыш Азиядагы союздаштарынын коргоосун оорлоштурат. Ошондуктан, АКШ Түштүк Чыгышта жана Чыгыш Азияда соода иштерин жүргүзүүдө. Ошондой эле, Кытайдын мындай кадамы Американын Тынч океанынан Инди океанына болгон аскердик жүк ташууларына дагы тоскоолдуктарды жаратат жана АКШнын Индо-Тынч океан аймагындагы стратегиялык позициясынан кол жууп калуусуна алып келет. Натыйжада, аталган аймак глобалдык деңгээлдеги коркунучтарга кабылат[1].

Америка Кошмо Штаттары Кытай коркунучтарына каршы туруу үчүн саясий стратегиясын белгиледи жана аны ишке ашырууда. Бул стратегия АКШ Улуттук коопсуздук кеңешинин документинде төмөнкүдөй көрсөтүлгөн:

1 - АКШнын достук мамиледеги өлкөлөргө болгон жардамдарын күчөтүү жана Кытайдын атаандаштык аракеттерине каршы туруу үчүн ал өлкөлөрдүн баары менен жакындашуу.

2 - Жапония, Корея жана Австралия сыяктуу стратегиялык өнөктөш өлкөлөр менен кызматташтыкты күчөтүү. Мисалы, төрт тараптуу коопсуздук алкагын түзүү аркылуу.

3 - Филиппин жана Таиланд өлкөлөрүнүн аймактагы жигердүү ролуна колдоо көрсөтүү үчүн аларга өнүктүрүү, коргонуу жана даярдыктан өткөрүү жааттарында жардам берүү аркылуу мамилелерди бекемдөө.

4 - Индо-Тынч океан аймагында гуманитардык жардам, табигый кырсыктар жана саламаттыкты сактоо сыяктуу салттуу эмес коопсуздук жааттарындагы АКШнын лидерлигин бекемдөө.

5 - Кытайдын дүйнөлүк соодага карата адилетсиз позициясына каршы туруу о.э. Кытай соодасы адилетсиз жана кыйратуучу экендиги тууралуу дүйнөлүк фикирди калыптандыруу[2].

---

[1] Роналд О'Рурк, «АКШ менен Кытай ортосундагы Түштүк жана Чыгыш Кытай деңиздериндеги стратегиялык атаандаштык: учурдагы АКШ менен Кытай ортосундагы мамилелердин өнүгүүсүндөгү «конгресс үчүн негиздер жана (жаңы пайда болгон) маселелер», 2021-жыл, 121 – 288.

[2] АКШ Улуттук коопсуздук кеңеши, «Американын Индо – Тынч океан аймактарындагы стратегиялык алкагы», 2018-жыл.

https//:trumpwhitehouse.archives.gov/wp-content/uploads/01/2021/IPS-Final-Declass.pdf

Америка мына ушул саясий стратегиясын ишке ашыруу үчүн түрдүү аракеттерди кылды. Бул үчүн аскерий кызматташтыктан тышкары, аскерий эмес дагы кызматташууларга баруuda. Мисалга алсак, 2017-жылы Дональд Трамп «Америка Кошмо Штаттарынын көз карашында ал үчүн Индо-Тынч океан аймагы ачык жана эркин» деп жарыялаган. Мунун алкагында, АКШ энергетика, санариптик коммуникация жана кибер коопсуздук аркылуу инфраструктуралык өнүктүрүүгө жана эконономикалык өсүүгө көмөк көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке түшүрүүдө. 2018-жылы АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги Индо-Тынч океан аймагындагы өлкөлөр менен АКШ ортосундагы кызматташтык тездик менен өскөндүгүн жана миңдеген долбоорлор ишке түшкөнүн билдирди. Бул кызматташтыкка Вьетнам, Индонезия, Жапония, Шри-Ланка жана Мьянма өлкөлөрү кирген[1]. 2021-жылы «Индо – Тынч океан форумунда» Америка Бангладеш, Бутан, Индия, Мальдив аралдары, Непал жана Шри-Ланка сыяктуу Түштүк Азия өлкөлөрүнө болгон жардамдарын кеңейтти. Ошондой эле, алардын катарында Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнөн Индонезия, Филиппин, Камбоджа, Лаос, Таиланд, жана Вьетнам, Тынч океан аймагынан болсо Папуа-Жаңы Гвинея, Соломон аралдары жана Вануату өлкөлөрүнө дагы АКШ жардамдары кеңейтилди. Бул өлкөлөргө бериле турган жардамдардын жалпы суммасы 286 млн долларды түздү[2].

2019-жылдан бери Америка Кошмо Штаттары Индо-Тынч океан аймагында 2000ге жакын согуштук учактарды, 200 согуштук кемелерди жана суу астындагы кайыктарды, 37000ден ашык аскерди, ошондой эле, АКШнын Индо-Тынч океан аймагындагы аскердик кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн иштеп жаткан экипажды жайгаштарды. АКШ аскерлеринин эң көбү Жапония менен Түштүк Кореяда жайгаштырылды. Андан тышкары, Филиппинде, Австралияда, Сингапурда жана Диего Гарсияда дагы майда бөлүктөр жайгаштырылган[3]. АКШ өзүнүн аймактагы стратегиялык өнөктөштөрү

[1] АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги, «Американын Индо – Тынч океан аймагына болгон ачык жана эркин көз карашын илгерилетүүдөгү АКШ Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) ролу», 2019-жыл.

https//:www.usaid.gov/indo-pacific-vision/econ/shared-prosperity.2019-

[2] АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги, «Американын Индо – Тынч океан аймагына болгон ачык жана эркин көз карашын илгерилетүүдөгү АКШ Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) ролу», 2021-жыл.

https//:www.usaid.gov/news-information/press-releases/oct-2021-28-usaid-showcases-more-286-million-planned-programs-and-initiatives.

[3] Коргоо министрлери департаменти: «Австралия Малабар 2020 машыгууларына кошулду», 2020-жыл. Австралия өкмөтүнүн Коргоо

Австралия, Индия жана Жапония менен биргеликте «Төрт тараптуу коопсуздук диалогу» деп аталган диалог форумун түздү. Аталган форум 2004-жылы суу толкундарынын таасиринен улам түзүлгөн. Бирок, бүгүнкү күндө ал коопсуздук, экономика жана саламаттыкты сактоо тармактарындагы стратегиялык маселелер, өзгөчө Кытайдын аймактагы таасирин токтотуу үчүн диалог форумуна катары өнүгүүдө. 2020-жылдын ноябрь айында бул каолиция Индиянын Малабар облусунда биргелешкен аскерий машыгууларды өткөрдү. Ал машыгууларда деңиз жана аба аскерий техникалары колдонулду. Бул тууралуу 2020-жылда каолицияга мүчө өлкөлөрдүн коргоо министрлери билдиришкен. Жогоруда айтканыбыздай, тараптар аскерий кызматташуу менен эле чектелип калбастан, covid-19 вирусуна каршы вакцина иштеп чыгуу жаатында дагы кызматташтыкты кеңейтишти. Ага ылайык, Кытайдын аймактык жана дүйнөлүк деңгээлдеги вакцина саясатындагы активдүүлүгүнө бөгөт коюу максатында Америка жана Жапониядан берилген каржылык жардамдар аркылуу Индияда вакцина иштеп чыгарууну көбөйтүү, ошондой эле, аларды Австралия аркылуу аймактагы өлкөлөргө таратууга көмөктөшүү жаатында дагы кызматташты[1].

2021-жылдын 11-ноябрында Америка, Британия жана Австралия өлкөлөрү жалпы коргонууну күчөтүү максатында OCOS деп аталган аскер-деңиз флотунун өзөктүк күчтөрү тууралуу маалымат алмашууда кызматташуу боюнча үч тараптуу келишимди жарыялашты. Бул келишимдин шарттарына ылайык, Австралия өзөктүк энергия менен иштөөчү заманбап суу асты кемелерине ээ болот. Өз кезегинде, аталган келишим Франциянын кыжырына тийди, анткени Австралия эки өлкө ортосундагы суу асты кемелери боюнча келишимден бир тараптуу баш тартууну чечти. Түштүк-Чыгыш Азиядагы Малайзия, Индонезия, Сингапур, Вьетнам жана Филиппин өлкөлөрү бул келишимди кубатташты.

Булардан тышкары, акыркы бир нече жылдар аралыгында Америка блогу менен Кытай блогу Батыш Кытай деңизинде согуштук маневрларды өткөрүү менен өз күчтөрүн демонстрация кылышты.

---

департаменти: «Австралия аймактык тынчтык жана коопсуздук ачкычына кошулду», 2020-жыл.

https//:www.minister.defence.gov.au/minister/lreynolds/media-releases/australia-joins-exercise-malabar:~:#2020-text=Australia

[1] Клео Паскаль, «Индо – Тынч океан стратегиялары жана жети өлкөнүн пикирлери». Азия – Тынч океан экологиялык энергия жана ресурстар программасы. 2021-жылдын март айы.

Мисалга алсак, 4000 аскер катышкан Америка-Индонезия аскерий машыгуулары, Индия-Вьетнам машыгуулары, Америка-Филиппин машыгуулары, Америка-Жапония машыгуулары, Индия-Филиппин машыгуулары жана башкалар. Ошондой эле, Кытай дагы Орусия менен Түштүк Кытай деңизи аймагында 10 000 аскер катышкан биргелешкен машыгууларды өткөрдү. Америка Кошмо Штаттары Индо-Тынч океан аймагында, өзгөчө Түштүк Кытай деңизинде жалпы 85 аскерий машыгуу өткөрдү. Кытай АКШ жана анын союздаштарына жооп катары, 2019-жылдан тартып өзүнүн аскер-деңиз күчтөрүн көбөйтө баштады[1].

Башка тараптан, 2018-жылы Дональд Трамптын доорунда АКШ өкмөтү Кытайга каршы соода согушун баштады. Ошондой эле, Америка Кытайдын уйгурларга каршы саясатын сындап, «адам укуктарын бузуу» оюнун баштады. Мына ушул себеп менен Жо Байдендин администрациясы дагы Пекинде өтүүчү Кышкы Олимпиада жана 2022-жылкы Паралимпиада оюндарына бойкот жарыялады.

Жогоруда айтылган фактылардан көрүнүп тургандай, Кошмо Штаттар Кытайдын Индо-Тынч океан аймагындагы саясатына абдан олуттуу жооп кайтарып жатат. Жада калса, АКШнын Ооганстандан аскерлерин алып чыгып кетүүсү дагы Кытай менен болгон күрөшкө өзгөчө көңүл буруу аракетинин бир бөлүгү болду. Үстүбүздөгү жылдын декабрь айынын аягында АКШ Конгресси АКШнын коргонуу чыгымдарын 5%га көбөйтүп, 777млрд долларга жеткирүүгө макулдук берди. Бул сумма Орусиянын чыгымдарын кошкон күндө да Кытайдын коргонуу чыгымдарынан алда канча ашып кетет. Бул маалыматты Демократиялык конгрессмен Элейн Лурия төгүндөдү жана бул Кытай коркунучуна каршы туруу аракетинин бир бөлүгү экенин айтты. Байдендин администрациясы коргонуу чыгымдарын көбөйтүүнү сунуштаган учурда Кытайды АКШ кызыкчылыктары үчүн эң негизги коркунуч катары баалады[2]. АКШнын мамлекеттик катчысы 2021-жылдын декабрында Таиландга, Малайзияга жана Индонезияга болгон

[1] Кай Хэ жана Ли Минцзян «Индо – Тынч океан аймагынын маанилүүлүгүнүн 4 себеби», 2020-жыл. (Op Blog)

https//:blog.oup.com/02/2020/four-reasons-why-the-indo-pacific-matters-in-./2020

[2] Али Харб, «Саясат Кытай артыкчылыктарына оогон сайын АКШнын аскерий чыгымдарды өсүүдө», 2022-жыл, 22-январь.

https//:www.aljazeera.com/news/16/12/2021/us-military-spending-grows-as-policy-shifts-to-prioritise-china.

иш сапарында «АКШ өзүнүн өнөктөштөрү менен бул аймактын ар бир адам үчүн ачык жана жеткиликтүү болушун камсыз кылуу жолунда аракет кылат», деп айтты[1].

Кытайга келсек, анын ушул күнгө чейинки экономикалык, саясий жана аскерий жааттарда алып барган иштери Индо-Тынч океан аймагындагы кызыкчылыктарын коргоо үчүн гана. Кытайдын аталган аймактагы кызыкчылыктары кыскача төмөнкүлөрдөн турат:

1 - Мьянма, Вьетнам жана Лаос сыяктуу кургактыктагы чек ара аймактарында, ошондой эле, Чыгыш Кытайдын жана Түштүк Кытай деңизинин деңиз чек аралында коопсуздукту күчөтүү аркылуу өз эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн сактап калуу.

2 - Кытай аталган аймактагы өлкөлөр менен соода жана инвестиция келишимдерин түзүү аркылуу өзүнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн улантууга муктаж.

Мисалга алсак, Түштүк Азиядагы Сингапур, Малайзия, Вьетнам, Таиланд жана Индонезия сыяктуу өлкөлөр Кытай үчүн маанилүү экономикалык өнөктөштөр болуп саналат. Мындан тышкары, Кытай мунай импорту үчүн транспорт жолу катары Малакка кысыгына өзгөчө таянат. Ошондуктан, Индонезия, Малайзия, Сингапур жана Таиланд Кытай үчүн экономикалык жактан эң маанилүү өлкөлөр болуп эсептелет. Ошондой эле, Бирма жана Мьянма өлкөлөрү Инди океанынан Кытайга чейинки жүк ташуудагы альтернативдик жол катары маанилүү максатка айланып калды[2].

**АКШ менен Кытай ортосундагы алакалар**

Тарыхый көз караш менен алып караганда, бул эки өлкө ортосундагы алакалар эки тараптуу күрөштөр менен башталган. Бул күрөш кансыз согуш мезгилинде өзгөчө күч алды. Мунун себеби эки өлкөнүн идеологиядагы жана саясий кызыкчылыктардагы айырмачылыктары болду. Кытай идеологиялык жаатта социализмди тандап, бул идеологияны бүткүл дүйнөгө, өзгөчө Түштүк-Чыгыш Азияга жана Чыгыш Азияга жайылтууга белсенип турган Советтер Союзу менен чогуу болду. Ал эми Кошмо Штаттар капитализм фронтун

---

[1] «Чагылган «агрессивдүү» Кытайды сынга алды; Ал Индо – Тынч океан аймагындагы эң күчтүү мамилелерди убада кылды», 2022-жыл.

https//:www.aljazeera.com/news/16/12/2021/us-military-spending-grows-as-policy-shifts-to-prioritise-china.

[2] Бонни Лин ж.б. «Индо – Тынч океан аймагындагы АКШ – Кытай атаандаштыгына аталган аймак өлкөлөрүнүн реакциясы: изилдөөлөргө сереп салуу жана корутундулар», 2020-жыл.

https//:doi.org/10.7249/rr4412.

жетектеп бара жаткан эле. Мына ушул идеологиялык карама-каршылыктар эки өлкөнүн кызыкчылыктарына дагы түздөн-түз таасир берип турду.

Өткөн кылымдын 70-жылдарында эки өлкө ортосундагы мамилелер жакшырып, АКШ Кытайдын БУУга мүчө болуусуна уруксат берди. 2001-жылга келип, эки өлкө ортосунда ири көлөмдөгү соода мамилелери түзүлүп калгандыктан Кошмо Штаттар Кытайдын Дүйнөлүк Соода Уюмуна мүчө болуусуна мүмкүнчүлүк берди[1].

Дүйнөлүк капиталисттик соода саясатына (т.а. ДСУга) кирүү Кытай үчүн үлкөн пайдаларды алып келди. Анткени, ДСУга кирүүсү себептүү Кытайдын кирешеси тездик менен өсүп отуруп, Жапонияны экономикадагы АКШдан кийинки эң кубаттуу өлкө макамынан түшүрүүгө жетишти. Мына ушул эле экономикалык жетишкендер менен алдынкы он жылдыкта Кытайдын АКШ колунан дүйнөлүк экономикалык жетекчиликти алып коюусу күтүлүүдө.

Британиялык Соода жана экономикалык изилдөөлөр борборунун 2022-жылдагы маалыматына ылайык, Кытайдын ички дүң продукциясы 2025-жылга чейин жылына орто эсеп менен 5,7%га, 2030-жылга чейин 4,7%га өсөт. Натыйжада, 2030-жылга барып Кытай АКШдан ашып түшкөн, эң күчтүү экономикалуу өлкөгө айланат[2].

Соңку жылдарда АКШ-Кытай мамилелеринин басымдуу бөлүгү Азия-Тынч океан аймагындагы атаандаштыкта даана көрүнүп турду. Аталган аймактагы атаандаштык эки өлкөнун бири-бирине болгон экономикалык көз карандылыгын айгинелеп койду. Бул абал азыркы күнгө чейин ошол бойдон уланып келүүдө. Кытай америкалык товарларды экспорттоо боюнча үчүнчү эң ири өлкө болуп турат. 2020-жылдагы маалыматка ылайык, Кытайдагы америкалык товарлардын экспорту 124,5 млрд долларды түзгөн. Бул 2019-жылга салыштырмалуу 16,9%га көп. Ошол эле учурда, Америка Кошмо Штаттары Кытай үчүн электр механизмдери, оюн автоматтары, спорттук жабдуулар, эмеректер, матрацтар жана текстиль товарлары

[1] Тышкы мамилелер боюнча кеңеш, «АКШ – Кытай мамилелеринин 1949 – 2001-жылдар аралыгындагы хронологиясы». 2022-жылдын 22-январы.
https//:www.cfr.org/timeline/us-relations-china.

[2] Ральф Женнингс, «Кытай экономикасы 2030-жылга чейин АКШ экономикасынан ашып кетиши мүмкүн».
https//:www.voanews.com/a/chinas-economy-could-overtake-us-economy-by-.6380892/2030html.

сыяктуу товарлардын эң ири жеткирүүчүсү болуп саналат[1]. Америкалык компаниялардын айтымында, Кытай чоң жана келечектүү рынокко айланды, бирок ошого карабастан, Кытай АКШ сыяктуу өлкөлөрдөн ири көлөмдөгү чет элдик инвестицияларга муктаж[2].

Билим берүү тармагына келсек, 2019 – 2020-жылдар аралыгында АКШда окуп жаткан кытайлык студенттердин саны 370 миңге жетти. Бул болсо АКШдагы чет элдик студенттердин 34%ын түзөт. Ошондой эле, эки өлкө ортосундагы илимий кызматташтык – covid-19 доорунда дагы – улантылууда.

**АКШ-Кытай тирешинин келечеги**

Бүгүнкү АКШ-Кытай тирешинде Кытай АКШнын иш-аракеттеринен коргонуу позициясын карманып жаткандай. АКШ ар кандай пропагандалык чабуулдарды, ошондой эле, биргелешкен аскерий машыгуулар, адам укуктарына кол салууда айыптоо ж.б.у.с. иштери менен чыңалууну күчөтүүчү провокациялык аракеттерди уюштурууда. Кытай болсо буга карама-каршылык менен жооп кайтарууда. Кытай ар дайым коргонууда болуп, өзүнүн ачык кызматташтык позициясын жана ар кандай көйгөйлөрдү сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө даяр экендигин билдирип келет. Башка жагынан алганда, Кытай АКШнын Индо-Тынч океан аймагын туруксуздаштыруучу провокациялык аскерий кызматташтыгынын көбөйүшүнө жооп кайтарды.

Эл аралык саясаттагы абал табигый түрдө өзгөрүп турат. Анда ар дайым жаңыдан бутка туруп келе жаткан күчтөр менен жетекчи күчтөрдүн орун алмашуулары болуп келет. Бүгүнкү күндөгү Кытайдын абалына көз чаптырсак жана аны АКШнын абалы менен салыштырып көрсөк, Кытайдан дүйнөлүк ири державага айлануу жолундагы алгачкы кадамдарын таштап жаткандыгына күбө болобуз. Бул абалды тыкыр күзөтүүдөн келип чыккан тыянак. Ошондуктан, Америка Кытайдын бул кадамына бөгөт коюуга жана келечекте токтотуу мүмкүн болбой кала турган акыбеттердин алдын алууга аркет кылууда.

---

[1] АКШнын соода өкүлү, «Кытай Эл Республикасы: АКШ менен Кытайдын ортосундагы соода акыйкаттар».

http//:ustr.gov/countries-regions/china-mongolia-taiwan/peoples-republic-china.

[2] «Бул жаңы кансыз согушпу? АКШ менен Кытай ортосундагы соода талашы кантип тереңдеп баруудa?»

https//:www.aljazeera.com/economy/29/6/2020/a-new-cold-war-how-the-us-china-trade-dispute-is-deepening.

АКШнын Кытайга жана аны токтотуу үчүн Индо-Тынч океан аймагындагы стратегиялык саясатына көз чаптыра турган болсок, Кошмо Штаттар жакынкы келечекте Кытайды АКШнын аймактагы жана дүйнөлүк деңгээлдеги кызыкчылыктарына зыян жеткирбеген деңгээлде сактап калуу үчүн атаандаштыкты күчөтүп бара бермекчи. Америка Кытайга каршы сокуу уруу максатында Түштүк Кытай деңизи аймагында адам укуктары маселесин саясий курал катары колдонот. Андан тышкары, Америка Кытайга басым өткөрүү үчүн Жапония, Түштүк Корея, Австралия жана Индия өлкөлөрү менен аскерий кызматташтыкарды, ошондой эле, АКШ, Британия жана Австралия ортосундагы үч тараптуу коргонуу альянсы кызматташтыгын (AUKUS) күчөтөт.

**Мусулмандардын позициясы**

Акыйкатта, азыркы учурдагы кең көлөмдүү АКШ-Кытай тиреши – бул илманий капиталисттик хазараттын ичиндеги гана тиреш. Башкача айтканда, бул эки өлкө ортосундагы атаандаштык адамзатты бүгүнкү көйгөйлөрдөн куткарууга жана бактылуулукка жеткирүүгө эч кандай салым койшпойт, тескерисинче дагы көптөгөн бактысыздыктарга себеп болот. Андыктан, бул тирешүү өткөн кылымдардан тартып, бүгүнкү күнгө чейин капитализм түзүмүнүн ичиндеги болуп келген согуштардан айырмаланбайт.

Азыркы учурда, тирешип жаткан эки тарап тең өлкөнү кыйратуучу ички көйгөйлөргө батып калышкан. Маселен, коомдук социалдык ажырымдын жогорулашы, демографиялык алсыроо (ымыркайлардын төрөлүшүнүн азаюусу), ахлакий бузулуу, кылмыштуулук, жумушсуздук, абанын булганышы ж.б.

«Edelman Trust Barometer» изилдөө борбору 2020-жылда дүйнөлүк коомчулуктун капитализмге болгон көз карашы тууралуу 28 өлкөдөн 34 000 адам катышкан сурамжылоо жүргүздү. Сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык, катышуучулардын 56%ы капитализмдин эң кыйратуучу түзүм экендигин айтышкан. Дүйнө элдеринин демократияга болгон көз карашы дагы мындан айырмаланбайт. Мисалы, «Pew Research Center» борбору 2019-жылда 27 өлкөдөн 30 000 адам катышкан сурамжылоо жүргүзгөн. Натыйжада, сурамжылоого катышкандардын 51%ы демократиягы наразы экендигин, 60%ы шайлоолор өзгөрүүгө алып барбайт экендигин жана 54%ы азкыркы саясатчылардын бардыгы бузуку экендигин айтышкан.

Коомчулуктун мындай позициясы демократиянын дүйнө өлкөлөрүнүн назарында кыйрап бара жатканын көрсөтүп турат[1].

Башка тараптан, Ислам ааламында шариятты татбик кылуу чакырыктары күчөп жатат. Муну мусулман өлкөлөрүндөгү Исламий кыймылдардын саясий иш-аракеттеринен көрүүгө болот. Ошондой эле, көптөгөн изилдөөлөр мусулман өлкөлөрүндө Исламий ваъйдын (аң-сезимдин) күчөп бара жаткандыгын көрсөтүүдө.

Илманийлик түзүмүнүн кулагандыгына дагы бир далил – бул илманийликти коргоп жаткан Американын Ооганстандан чыгып кетүүсү жана Талибан кыймылынын бийликке кайтып келүүсү. Бул окуяга ооган мусулмандарынын Аллах Субханаху ва Таала тарабынан түшүрүлбөгөн, адамдар ойлоп тапкан мыйзамдар менен башкарылуудан баш тартып, Ислам башкаруусу астында жашоого болгон куштарлыгы себеп болду.

АКШ-Кытай атаандаштыгында мусулмандар эки өлкөнүн бирин колдоодон алыс болушу шарт. Анткени, эки тараптын тең позициясы бүгүнкү күндөгү илманийлик хазараты келтирип чыгарган көйгөйдүн бир бөлүгү болуп эсептелет. Мусулмандар үчүн Ислам негиздерине таянган, 14 кылым боюн дүйнө жүзүн изгиликке жетелеген, улуу жана жарактуу күчтөрүн (мабдасын) майданга алып чыгуу убактысы келип жетти. ❑

[1] Уэйк Ричард, Лаура Силвер жана Александр Кастильо, «Дүйнө жүзү боюнча көптөгөн адамдар демократиянын кантип иштегенине нааразы».
https//:www.pewresearch.org/global/29/04/2019/many-across-the-globe-are-dissatisfied-with-how-democracy-is-working./

# ЭҢ ОПТИМАЛДУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМ (4)
# (ИСЛАМИЙ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМДҮН КӨЛӨКӨСҮНДӨ)

**Махмуд Абдулхадий**

## Капитализмдин дүйнө жүзүнө алып келген балээлеринин бири – акционердик коомдор

Акционердик коомдор бул түзүмдүн дүйнө жүзүнө алып келген балээлеринен. Акционердик коомдордун вакыйлыгына жана мыйзамдарына кылдат назар сала турган болсок, бул коомдор байлардын кирешесин арттыруу жана алардын байлык көбөйтүү мүмкүнчүлүктөрүн жеңилдетүү максатында гана түзүлгөнүнө күбө болобуз. Акционердик коомдор түрдүү акционерлерге үлүштөрдү сатуу менен алардын эсебинен жетекчи инвесторлордун капиталын жана пайдаларын көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берет. Жетекчи инвесторлор акционерлердин акчаларын айландырышып, аларды өздөрүнүн пайдасына гана колдонушат жана акционердик коом банкротко учураганда, акционерлердин үлүштөрүнө гана зыян жетет. Мындай коомдогу жетекчи кеңеш коомдун иштерин башкаруу укугуна ээ болот жана ал эң жогорку үлүшкө ээ болгон инвесторлордон турат. Алар коомдун акцияларын жана акчаларын алып-сатуу иштерин көзөмөлдөөгө укуктуу болушуп, өздөрүнүн пайдасын жогорулатуучу иштерди кылышат. Соңунда өз акцияларын сатып, коомдон чыгып кетишет. Көпчүлүк учурда мындай инвесторлор коомдун банкрот болуусуна аз калганда өз акцияларын сатып жиберишет. Натыйжада, коомго мүчө болгон башка, майда акционерлердин акчалары банкротко тушугуп, кыйрап жок болот. Мындай коомдордо бир же бир нече акцияны сатып алгандар коомдун шериги болуп калат жана өз акцияларын саткан учурда шериктиктен чыгып, аларды сатып алган адам коомдун жаңы шеригине айланат. Акционердик коомдогу шериктер т.а. акционерлер коом үстүнөн эч кандай укуктарга ээ болушпайт. Кээде, бир же бир нече адам өз ара келишимдин негизинде акционердик коомду түзүп, аны колдон келишинче өнүктүрүүгө аракет кылышат жана ыңгайлуу учур келгенде (же ыңгайлуу учурду түзүшкөндөн кийин) өз акцияларын сатып, шериктиктен чыгып кетишет. Ошондуктан, көпчүлүк учурларда акционердик коомдордун активдери жана мүлктөрү көп же аздыгына карабай, аларды жапырт жарнамалоо аркылуу акциялардын бааларын жасалма түрдө жогорулатышат.

Акционердик коомдордун өзгөчө мыйзамдарынын дагы бири – укуктарынын чектүүлүгү. Тактап айтканда, коом банкротко кабылса же кайсы бир тарапка карыз болуп калса, эч ким жоопкепчиликти толугу менен мойнуна албайт жана андагы акционерлер өздөрүнүн үлүштөрүнө жараша гана жоопкерчиликти көтөрүшөт. Жоопкерчилик коомдогу эч бир адамга жеке түрдө жүктөлбөстөн, жалпы коомго жүктөлүп, карыз берген тарап ар бир акционерден – өзүнүн башка мүлктөрү көп болушуна карабай – коомдогу акциясына жараша гана карызын доолай алат. Ошондуктан, акционердик коомдогу көпчүлүк укуктарга ээ болгон байлар өздөрү каалаганча байлыктарын көбөйтүшүп, ыңгайлуу учурда өз акцияларын ыңгайлуу бааларда сатып жиберишет жана коомдон чыгып кетишет. Натыйжада, акционердик коом кыйрап, акциялардын баалары төмөндөп кетет жана майда акционерлер өз акчаларын жоготушат. Ошондой эле, коомдогу укуктарга ээ болгон инвесторлор өз укуктарынан кутулушуп, ири суммадагы карыздарга болгон жоопкерчиликтен качышат. Карыз берген тарап болсо акционердик коомдун мыйзамдарына жараша, анын эсебинде калган курук цифралардан бөлөк эч нерсени өндүрө албай калат, анткени коомдун мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Мына ушул акыйкаттар акционердик коомдор максаттуу түрдө адамдардын байлыктарын талап-тоноо жана өз капиталдарын көбөйтүү үчүн түзүлгөн көз боёмочулук экендигин ашкерелейт.

**Банкроттук мыйзамдар мыйзамдуу уурулук болуп саналат**

Капитализмдин бузукулугуна дагы бир мисал – бул түзүмдөгү банкроттук мыйзамдары. Капиталисттер өздөрүнүн талап-тоноочулук, уурулук иштерин жеңилдетүү жана жоопкерчиликтен кутулуу үчүн банкроттук мыйзамдарды татбик кылышат жана аларды дүйнө мамлекеттерине таңуулап келишет. Алар бул мыйзамдарды «инвесторлорду жана соодагерлерди коргоо мыйзамдары» деп аташып, өлкөгө инвесторлорду кызыктыруу, акчаларды алып келүү жана экономиканы өнүктүрүү үчүн зарыл деп алдашат. Дүйнөлүк Банк мындай мыйзамдарды экономикалык көйгөйлөрдүн чечими, өнүгүүнүн ачкычы жана жакырчылыкты жоюунун жолу деген көз караш менен дүйнө мамлекеттерине таңуулайт. Иш жүзүндө болсо бул мыйзамдар адамдардын акчаларын харам жол менен тартып алууга, кен-байлыктарды

талап-тоноого жана батыштык капиталисттердин кызыкчылыктарын коргоого гана кызмат кылат.

Банкроттук мыйзамга ылайык, белгилүү бир ишкананын же инвестордун карыздары активдерине салыштырмалуу көбөйүп кетсе же карыздарын төлөөгө кадыр эмес болуп калса, анын банкротко кабылганы жарыяланат. Кайсы бир ишкана, уюм же соода банкротко кабылганын жарыя кылган учурдан тартып, мыйзам аны карыз бергендерден жана башка укук ээлеринен коргоого киришет. Натыйжада, банкротко кабылган ишкананын жетекчилери бай болушуна жана башка уюмдарга ээлик кылышына карабай, карыз берген тараптардын укуктары жокко чыгарылат. Жада калса, көпчүлүк учурларда ал жетекчилер өздөрүнө жетиштүү деңгээлде байлык чогултушкандан кийин, жасалма түрдө ишкананын банкротко кабылганын жарыялашат жана ал өлкөдөгү карыз берген адамдардын укуктары жокко чыгарылып, капиталисттер дагы башка ишканаларды жана уюмдарды түзүү менен ошол эле өлкөнүн байлыктарын талап-тоноого киришет.

Турмушта жогоруда айтылган нерселерди тастыкап туруучу фактылар абдан көп. Бирок мен алардын арасынан бир гана мисалды айтып өтөйүн: 2008-жылдагы дүйнөлүк кризистин айынан Lehman Brothers банкы банкротко учураган. Аталган банктын жетекчиси Ричард Сервин Дик Фулд банкты өтө кооптуу болгон ипотекалык операцияларга чөктүрүп, кыйроого жана банкротко кириптер кылган. Бирок, банктын банкротко кабылганын жарыя кылуудан мурун Ричард Сервин Дик Фулд 500 млн доллар өлчөмүндө компенсация алган, ошондой эле, жүздөгөн миллиарддар алдоо жолу менен манипуляцияланганы кабарланган.

Кувейттик гезиттер 2013-жылдын 11-ноябрында Дүйнөлүк Банктын Кувейт бийлигинен заманбап банкроттук мыйзамдарды кабыл алууну талап кылганын жазып чыгышты. Кабарда билдирилгендей, жакында АКШнын Банкроттук сотунан пенсияга чыккан жана Дүйнөлүк Банк тобунун мүчөсү болгон сот Чарльз Кейс кудуретсиз компаниялар үчүн толук түрдөгү жаңы мыйзамдарга муждык бар экендигин айтып мындай деген: «Бүгүнкү күндөгү соода мыйзамдары жоюу, айып салуу жана узакка созулуучу жоболорго гана басым жасоодо. Кувейт өлкөсү каржы борборуна айланышы үчүн ишмердүүлүгүн улантууга жөндөмдүү болгон уюмдарды реабилитациялоого, жөндөмсүз уюмдарды токтоосуз жоюуга жана карыз берүүчү тараптар менен

карыздарлардын ортосундагы мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө шарт түзүүчү заманбап мыйзамдарды кабыл алуу зарыл. Бул сот органдарына ой-фикирлерди жана сунуштарды берүүгө жол ачат».

2014-жылдын 12-яныварында Arabian Bussiness веб-сайты британиялык миллиардер сэр Ричард Брэнсондун Бириккен Араб Эмираттарында банкроттук мыйзамдарынын жоктугуна таң калганын жазып чыкты. Аталган веб-сайттын маалыматына караганда, Ричард Брэнсон БАЭде банкроттук мыйзамдардын жоктугун билгенден кийин таңыркоого батып, банкроттон коргоону камсыз кылуу жаңы жумуш орундарын түзүү үчүн эң маанилүү приоритет экендигин айткан. Ричард Брэнсон өз сөзүндө мындай деген: «Мен банкроттук мыйзамдардын жоктугун укканымда таң калдым. Анткени, 1850-жылдын аяк ченинде Британияны башка деңгээлге көтөргөн нерсе адамдарды финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда түрмөдөн коргогон жана башка компанияларды ачууга мүмкүнчүлүк берген банкроттук мыйзамдары болгон».

Бул капиталисттерди жана алардын акчаларын коргоо, ошондой эле, инвестиция шылтоосу астында кен-байлыгы мол болгон өлкөлөргө кол салууга шарт түзүүчү мыйзамдарды көз боёмочулук жана алдоо жолу менен таңуулоо. Анткени, банкроттук мыйзамдар капиталисттердин жоопкерчиликтен качуусун жана эселеген пайдалар менен өлкөдөн чыгып кетүүсүн камсыздоочу курал гана. Рибавий банктар, акционердик коомдор жана банкроттук мыйзамдар капиталисттердин уурулуктарын мыйзамдаштырууга кызмат кылышат. Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндө дал ушундай окуя болгон. 1997-жылдын октябрь айынын акыркы аптасында ал өлкөлөрдө кыска убакты ичинде каржы рынокторундагы акциялардын кескин төмөндөшү себептүү каржылык кризиси жүз берген. Натыйжада, акционерлер капиталисттердин кысымынан кыйналышып, жакырчылыкка батышкан жана жүздөгөн миллиарддарын жоготушкан. Алардын бул жоготуулары ири согуштун жоготууларына барабар болгон.

**Капиталисттик талоончулуктун кыйратуучу көз боёмочулуктарынын жана айла-амалдарынын практикалык мисалы**

Мисал катары айта турган болсок, банк ээлери же батыштык инвесторлор сыяктуу ири капиталисттер үлкөн каржылык фонд түзүүгө келишип, бир же бир нече акцонердик коомдорду түзүшөт.

Андан кийин ЖМКлар аркылуу ал коомдордун акцияларын жарнамалашып, адамдарды баалары улам жогорулап жатканын акцияларды сатып алууга кызыктырышат. Мына ошол учурда быкшыган чокко май куйган банктардын ролу ишке түшөт. Банктар өлкөдөгү байларга жана ири мүлк ээлерине карата азгырыгын күчөтүп, аларга майлуу-сүттүү сунуштарын тартуулай башташат. Башкача айтканда, банктар аталган акционердик коомдордун акцияларын сатып алган адамдарга дагы көбүрөөк акцияларды сатып алууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн алар сарптаган суммадан тогуз эсе көп суммадагы рибавий карыздарды (кредиттерди) берүүнү сунушташат. Мындай азгырыктарга жана акциялардын баалары улам көтөрүлүп жаткандыгы тууралуу көбүртүлгөн маалыматтарга алданган адамдар бул иштердин чыныгы максаттарын билбеген абалда акцияларды сатып ала башташат. Мына ошентип, катардагы адамдар капиталисттердин кайырмак учуна жеңил оокатын эч ойлонбой жутуп жирешет жана азыраак убакыт өткөндөн кийин анын ичинде катылган илгекке илинип, кутулуунун айласында тыпырчылай башташат.

Эгер бир кичи инвестор 1000 акцияны ар бирин 10 доллардан сатып ала турган болсо, ал банкка 10 000 салат. Банк болсо ага 90 000 доллар өлчөмүндө рибавий карыз берет да, инвестор ал акчага 1000 акциянын ордуна 10 000 акция сатып алат. Андан кийин кутум уланып, акцияны баасы болжол менен 1 долларга көтөрүлсө, инвестордун нак кирешеси 10 000 долларды түзөт жана анын банктагы карыздан тышкаркы аманат пулу 20 000 доллар болот. Натыйжада, инвестор банктан өз акчасынан 9 эсе көп суммада т.а. 180 000 доллар карыз алуу укугуна ээ болот. Банк алгач ал инвесторго 90 000 доллар карыз бергендиктен, ага кошумча дагы 90 000 доллар карыз болот. Эми бир акциянын баасы 11 доллар болгондуктан, инвестор жаңы 8182 акцияны сатып алат жана акционердик коомдун 18 182 акциясына ээлик кылып калат. Андан соң жарнамалар аркылуу аталган коомго инвестиция кылуунун кирешелүүлүгү жайылтылып, анын акциялары дагы кымбаттай баштайт. Эгер бир акциянын баасы 2 долларга кымбаттай турган болсо, инвестордун жалпы эсеби болжол менен 236 000 долларды түзөт (18 182*13=236 000). Ошентип, анын банктагы карыздан тышкары аманат пулу 56 000 доллар болот (236 000-180 000=56 000). Андан кийин, инвестор банктан өз эсебинен 9 эсе көп суммада т.а. 504 000 доллар карыз

алуу укугуна ээ болот (56 000*9=504 000). Банк ага чейин 180 000 доллар рибавий карыз бергендиктен, эми ага 324 000 доллар карызга берет (504 000-180 000=324 000). Ал акчага инвестор 13 доллардан жаңы 24 923 акция сатып алып (324 000:13=24 923), коомдогу жалпы 43 105 акцияга ээлик кылат. Натыйжада, анын банктагы жалпы акчасы 560 000 долларды түзсө, анын ичинен банкка төлөшү керек болгон карызы 504 000 долларды түзөт жана анын нак акчасы 56 000 доллар болот. Ошентип, кичи инвестор кыска убакыттын ичинде баштапкы капиталынан (10 000 доллардан) тышкары 46 000 доллар киреше табат. Мындай схема катардагы караңгы адамдардын шилекейин агызат.

Ал эми мындай кылдаттык жана куулук менен түзүлгөн схеманын артында турган капиталисттер ыңгайлуу учурду аңдып турушат да, көздөлгөн пайдага жетишкенден кийин дароо өз акцияларын сатууга киришет. Алардын ийгиликтүү киреше табып жатышканына күбө болгон адамдар алардын акцияларын кымбат бааларда сатып ала башташат. Капиталисттер өз акцияларын сатып бүтүп, акционердик коомдон чыгып кетишет. Мына ошол учурдан тартып акционердик коомду алкап-мактаган жарнамалар токтойт жана акциялардын баалары акырындык менен төмөндөй баштайт. Эгер акциянын баасы бир долларга арзандай турган болсо, жогоруда айтылган инвестордун акцияларынын баасы болжол менен 517 000 долларга түшөт (43 105*12=517 000). Анын акцияларынын көлөмү азайгандыктан, ага банк тарабынан берилген карыздын өлчөмү жалпы сумманын ондон тогузун б.а. 465 000 долларды түзүшү керек болуп калат (517 000*(10/9)=465 000). Ага чейин банк 504 000 доллар карыз бергендиктен, инвестордон ортодогу айырма – 39 000 долларды талап кыла баштайт. Мына ошондо, ага чейин санариптик көрсөткүчтөрдө турган сандардын бардыгы көздү кубантуудан башка нерсеге жарабаган курук сүрөттөр болгонун түшүнүп жетет. Инвестор андай суммадагы акчаны төлөөгө кудурети жетпедегендиктен, өз акцияларын 12 доллардан сатууга аргасыз болот. Ошентип, ал банкка болгон карызын төлөө үчүн 12 доллардан 3 250 акцияны сатыкка коёт (3 250*12=39 000). Эң кызыгы, мындай учурда андан башка дагы миңдеген акционерлер дал ушундай көйгөйгө кабылып, өз акцияларын сатууга шашып жатышкан болот. Натыйжада, аталган коомдун акциялары кескин түрдө арзандап, акция ээлерине коркунуч жарала баштайт. Андан

кийин, инвестор өз акцияларын 12 доллардан ала турган кардарды тапканга чейин, банк келип акциялардын баасы, мисалы, 9 долларга түшкөндүгүн билдирет. Мындан улам, инвестор ээлик кылган 43 105 акциянын баасы 387 000 долларды түзүп калат жана анын банктан алууга мүмкүн болгон карызынын көлөмү болжолдуу түрдө 349 000 доллар болот. Банк ага чейин 504 000 доллар карыз бергендиктен, инвестор ортодогу айырманы болжол менен 155 000 долларды төлөөгө же өз акцияларын банк көрсөткөн баа менен сатууга милдеттүү болот. Ошенип, инвестордун өзүндөгү 17 222 акцияны арзан баада сатуудан башка аргасы калбайт. Ансыз деле каржы рыногундагы толкундоолор себептүү акционерлер өз акцияларын сатууга шашылып жатышкандыктан, акциялардын баалары кескин түрдө төмөндөп бара берет. Натыйжада, акциялардын баасы бир нече центтерге чейин арзандап, аларды сатып алууну эч ким каалабай калат. Бул учурда банк инвестордон өзүнүн жоготкон негизги капиталы 10 000 доллардан тышкары, 504 000 долларды пайыздары менен кошуп төлөөгө мажбурлай баштайт. Инвестор банктан алган карыздарын төлөөгө күчү жетпей калгандыктан, банк анын карыздарынын суммасына барабар болгон башка мүлктөрүнө кол салат. Бул эми акционердик коомго 10 000 доллар инвестиция кылган адамдын мисалы. Эгер кимдир бирөө 100 000 доллар инвестиция кылган болсо, анын банк алдындагы карыздары 5 000 000 долларга чейин жетиши мүмкүн. Тез жана жеңил акча табууну сунуштаган рибавий банктарга жана акционердик коомдорго ишенгендердин абалы мына ушундай, өкүнүчтүү аяктайт. Бул балээнин кесепети аталган коомдорго инвестиция кылган адамдарга эле эмес, бүтүндөй мамлекетке дагы тиет. Натыйжада, мындай уюмдарга жана инвесторлорго мыйзамдуу түрдө жол ачып берген мамлекеттин жер астындагы жана үстүндөгү элдик байлыктарынын баары тонолот.

**Кыйратуучу кутумдарды өнүктүрүү жана талап-тоноолорду күчөтүү**

Кыска мөөнөттө эбегейсиз киреше табууну көздөгөн ачкөз капиталисттер өздөрүнүн пайдаларын кепилдөө үчүн рынокту жана андагы бааларды көзөмөлдөп турууга мүмкүнчүлүк берүүчү каржы фонддорун түзүү үчүн тил бириктиришет. Мисалга алсак, өткөн кылымдын 50-жылдарында 500 инвестордон турган хедж-фонддор (Funds Hedge) түзүлүп, аларга ар бир инвестор жарым миллион доллардан кем эмес инвестиция салышкан. Аталган фонддордун

жетекчилиги тажрыйбалуу, ири капиталисттердин колуна тапшырылып, алардын иш-аракеттерин текшерүүгө жана каралоого тыюу салынды. Мындай фонддордун милдети пайда алып келүүсү кепилденген жайларга инвестиция кылуу. Андан бери мындай фонддор көбөйүп, дүйнө жүзүндөгү акча, валюта, акция, пайыздар, баалар жана экономика тармактарында көптөгөн маневрларды уюштуруп келишүүдө. Бүгүнкү күндө алардын так санын аныктаган ишеничтүү изилдөөлөр жок, бирок алардын жалпы саны 10 000ден ашат. Мындай фонддордун түзүлүшү дүйнө жүзүн чыныгы өндүрүштүк экономикага акча салуудан тосууга жана паразиттик экономиканы өнүктүрүүгө багыттады. Натыйжада, баалардын туруксуздугу, жоготуулар жана чыныгы экономикадагы өндүрүүчүлөргө карата түрдүү кооптонуулар, ошондой эле, паразиттик экономика жаатында иштеген жумушчуларга дагы кыйынчылыктар жаралды. Бул фонддор бүтүн дүйнө экономикасы үчүн үлкөн балээ болуп, анын кесепеттеринен дүйнөдөгү ар бир адам зыян тартты. Аталган фонддор акчанын жана баалардын туруксуздугуна алып келип, мындай кооптонууларды азайтуу максатында хеджирлөө (тобокелдиктерди азайтуу же этияттоо) каражаттарын иштеп чыгууга өбөлгө түздү. Натыйжада, каржылык туундулардын соодасы пайда болуп, ал күндөн-күнгө өнүгүп барууда жана дүйнө жүзүн ири казино кумарканасына айлантып, бардык кирешелерди экономиканы жана рынокту көзөмөлдөгөн капиталист байлардын чөнтөгүнө салууда.

**Каржы туундулары – дүйнө жүзүн казиного айланткан шайтаний азгырыктар**

Каржылык туундулардын мааниси – негизги келишимдерге курулган финансылык (суб) контракттар. Алардын негизги предмети компаниялардын акциялары же облигациялары сыяктуу инвестициялык инструменттер, же болбосо, пахтаны, темирди, мунайды, алтынды же акчаны өткөрүп берүү сыяктуу реалдуу сооданын инструменттери болуп саналат. Акыйкатта, мындай келишимдерде товарды өткөрүп берүү ишке ашпайт, жада калса товардын өзү дагы негизги ролду ойнобойт. Мындай келишимдердин чыныгы максаты келишим түзүп жаткан эки тараптын бири пайда көрүүсү үчүн келишим түзүлгөн учур менен аяктаган учурдагы товардын баасындагы айырманы теңдештирүү гана. Мисалы, бир соодагер же насыячы кардар менен базардан 1 тоннасын 1000 доллардан сатып алуу шарты менен ага бир айдан

кийин 1000 тонна темирди жеткирип берүү боюнча келишим түздү деп элестетип көрөлү. Мындай учурда, аталган соодагер же насыячы баалардын ойноп туруу жана көтөрүлүп кетүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен жоготууга учурап калышы ыктымал. Т.а. темирди жеткирип берүү учуру келгенге чейин 1 тонна темирдин баасы 1100 долларга көтөрүлүп калышы мүмкүн. Андай болсо, насыячы жоготууга учурайт же келишимди ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жетпей калат. Мына ошол учурда, аталган насыячы жоготуунун алдын алуу максатында (суб) контракт түзүү үчүн фонддук биржага, же болбосо, 1000 тонна темирди каржылык туундулар келишиминин негизинде ар бир тоннасын 1000 доллардан сатуучу адамга кайрылат. Мындай келишимде товарды жеткирип берүү (баанын өзгөрүшүнө көз карандысыз абалда) баштапкы келишимде көрсөтүлгөн көлөмгө ылайык ишке ашат. Эгер товарды жеткирүү учуру келгенде 1 тонна темирдин базар баасы 1050 долларга көтөрүлө турган болсо, насыячы 50 000 доллар зыян тартып калышы мүмкүн. Бирок, анын баштапкы, каржылык туундулар негизиндеги келишими себептүү, сатуучудан 1000 тонна темир алууга акылуу болот. Мындай келишимде товар, аны өткөрүп алуу жана өткөрүп берүү ишке ашпайт, болгону баалар менен товардын ортосундагы айырма теңдештирилет. Теңдештирүүнүн натыйжасында, насыячы сатуучудан 50 000 доллар пайда көрөт т.а. 50 000 доллар жоготуудан сактанат. Анткени, келишимге ылайык насыячы 1000 тонна темирдин ар бир тоннасын 1000 доллардан алууга акылуу болчу, ал эми темирдин бир тоннасы 50 долларга кымбаттагандыктан, ортодо 50 000 доллар айырма пайда болот. Мына ошентип, насыячы каржылык туундулар келишиминин негизинде жоготуудан сактанып калат.

Бирок, кээде темирдин базардагы баасы арзандап, 1 тонна темир, мисалы, 950 долларга түшүп калышы мүмкүн. Мындай учурда туундулар рыногундагы сатуучу 1 тоннаны 1000 доллардан саткандыктан, ошондой эле, каржылык туундулар келишиминде реалдуу товар жок болуп, теңдештирүү маневрлары гана ишке ашкандыктан, теңдештирүүнүн натыйжасында ал насыячыдан 50 000 өндүрүүгө акылуу болот. Бирок, 50 000 долларды өндүрүүгө келгенде сатуучу насыячыдан базардагы 50 долларга арзандаган чыныгы темирди талап кылат. Ушул себептен улам, мындай схемаларды ойлоп табуучулар аларды тобокелдиктерден коргоонуу чарасы деген шылтоо менен акташат. Ал эми иш жүзүндө мындай

мамилелер жана ушуга өңдөш болгон башка келишимдер адамдар ортосундагы акча мамилелерине үлкөн зыян жеткирди. Жада калса, хеджирлөөдөн жана баштапкы келишимден бүтүндөй ажыраган фонддук биржалар жана башка орундар иштей баштады. Андан кийин, шайтан сымал капиталисттер адамдарды мындай бузуку келишимдерге кызыктыруу максатында жаңы схемаларды ойлоп табуу аракетинин арты менен «тандоо келишими: сатуудагы же сатып алуудагы тандоо» деген схеманы ойлоп табышты. Жогоруда айтылган насыячынын абалын мисал катары ала турган болсок, темирдин баасы кымбаттаган учурда ал үчүн өзүнүн жоготуусун толтуруу максатында келишимди аягына чыгаруу пайдалуу болот. А бирок темирдин баасы арзандап кеткен учурда өзүнүн баштапкы туундулар келишимине ылайык, ортодогу айырманы төлөөгө аргасыз болот. Мына ошол учурда, ал насыячы жогоруда айтылган «тандоо келишимин» пайдаланат. Бул келишимдин шарттарына ылайык, насыячы товарды жеткирүү мөөнөтү келген учурда келишимди аягына чыгаруу же чыгарбоо тандоосуна ээ болот. Бирок, келишимди аягына чыгаруудан баш тарткан учурда ар бир тонна үчүн белгиленген төлөмдү берүүгө милдеттендирилет. Мисалы, сатуучу менен насыячы ар бир тонна үчүн 30 доллар төлөмгө келишкен болсо, насыячы сатып алуу келишимин бузууну каалаган учурда 1000 тонна темир үчүн 30 000 доллар төлөөгө милдеттүү болот. Ошентип, насыячы белгилүү мөөнөткө чейин 1000 тонна темирди ар бир тоннасын 1000 доллардан насыяга алат да, аны башка кардарга сатып жиберет. Насыяны төлөө мөөнөтү келгенде темирдин баасы кымбаттаган болсо, ал үчүн келишимди аягына чыгаруу пайдалуураак болот. А эгер темирдин баасы арзандап кеткен болсо, ал келишимди аягына чыгаруудан баш тартат да, темирди базардан сатып алат жана сатуучуга 30 000 доллар төлөйт.

Мындай келишимдер түрдүү мамилерде колдонула баштады. Корпоративдик акцияларда, валюталардын бааларында жана пайыздардын өзгөрүүсүндө, ошондой эле, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларында жана башка көптөгөн тармактарда мындай келишимдер колдонулуп келет. Бул келишимдердин эсеп-кысаптары өзүнчө бир тармакка айланып, бул жаатта атайын ишканалар түзүлдү. Аларды эсептөө, рынокту изилдөө, рыноктогу жана баалардагы өзгөрүүлөрдү анализдөө үчүн атайын адистешкен математиктерге муктаждык жаралды.

## Ислам каржылык туундулар келишимдерин харам кылган

Бул келишимдерде товарды жана акчаны колго алуу, жада калса, товардын өзү дагы жок болот. Ошондуктан, мындай келишимдер харам жана аны шаръий көз караш менен кабыл кылуу мүмкүн эмес. Кээбир Батыш фикирлеринен таасирленген адамдардын мындай келишимдерге уруксат берүүчү фатваларды чыгарып жатышканы этибарга татыктуу эмес. Акыйкатта, бул келишимдер ири капиталисттердин жана аларга кызмат кылган эксперттердин ойлоп тапкан мыйзамдуу тоноочулук схемалары гана. Алар ири көлөмдөгү фонддорду түзүү аркылуу рынокторго киришет да, өздөрүнүн кенен мүмкүнчүлүктөрү, ири тажрыйбалары жана күчтүү таасири аркылуу рыноктун кыймылына жана андагы баалардын өзгөрүшүнө таасир өткөрүшүп, белгилүү бир товардын баасын кымбаттатуу же арзандатуу аркылуу киреше табышат. Алар мамлекеттин жана элдердин байлыктарын өз фонддоруна коюшат. Бул иште аларга таасир күчүнө ээ болгон капиталисттик өлкөлөр рынок экономикасы, эркин рынок, ачыктык жана инвестиция деген шылтоолор аркылуу тийиштүү мыйзамдарды, экономикалык жана каржылык саясаттарды таңуулоо менен жардам беришет. Паразиттик экономиканын мындай түрү буюмдарга болгон чыныгы баага, ошондой эле, адамдардын акчаларына жана байлыктарына чейин таасир өткөрө баштады.

Экономикада мындай эшиктерди ачуу өндүрүштүк экономиканын активдүүлүгүн чектеп, анын алсырашына алып келди. Ири капиталисттер мындай схемаларды эч кандай мээнет кылбастан, жеңил жана тез акча табуунун жолдору катары жайылта башташты. Натыйжада, жалпы адамзат үчүн үлкөн экономикалык кесепеттерди алып келди. Ал капиталисттер дүйнөдөгү бардык акчалар өздөрүнүн фонддоруна агып келишин шарттоо үчүн элдерди паразиттик экономика жаатында түрдүү жаңы схемаларды ойлоп табууга үндөп жатышат. Бүгүнкү күндө, бул тармак жумушсуздукту жоюунун жолу катары тер төкпөй туруп, жеңил акча табуу ыкмасына айланды. Натыйжада, рухий жана ахлакий кыйматтар жокко чыгып, адамдар үчүн пайдалуу өндүрүш менен алектенбеген, цифраларга гана негизделген жумуштар көбөйүп, сандаган экономикалык балээлерди келтирип чыгарууда. Акыйкатта, мындай жумуштардын көбөйүшү бүткүл дүйнө үчүн

жумушсуздук, ачарчылык жана кымбатчылык көйгөйлөрүнөн дагы чоңураак кыйынчылыктарды жаратат.

**Капитализм жийиркеничтүү, жырткыч түзүм жана анын кыйрашына аз гана убакыт калды**

Бүгүнкү күндөгү алтын эквивалентине ээ болбогон кагаз акчаларга, рибага жана акционердик коомдорго негизделген дүйнөлүк экономика паразиттик экономиканын чыныгы өндүрүштүк экономикага үстөмдүк кылуусуна алып келди. Ошондой эле, акчанын туруктуулугуна жана дүйнөдөгү экономиканын кыймылына сокку уруп, ири капиталисттердин кызыкчылыгы үчүн үлкөн жоготууларды алып келди. Андан тышкары, алтын, мунай ж.б.у.с. көрүнүктүү товарлардын бааларын манипуляциялоонун натыйжасында башка товарлардын жана акчанын бааларында кескин өзгөрүүлөр жүз берүүдө. Мына ушул нерселердин бардыгы чыныгы өндүрүштүк соодага коркунуч жаратып, чыныгы экономикалык иштердин көпчүлүк бөлүгү паразиттик, виртуалдык жана санариптик экономикагы көчүп өтө баштады. Натыйжада, паразиттик, виртуалдык жана санариптик экономика дүйнөдөгү жалпы экономиканын 98%ын түзүп, чыныгы экономика 2%ын гана түзүп калды. Ага кошумча, өткөн он жылдык аралыгында экономикалык кризистер жана ири жоготуулар жүз берди. Мына ушул жана башка фактылардан көрүнүп тургандай, дүйнөлүк экономикалык түзүм жарылуу босогунда турат.

Акыйкатта, мындай трагедиялуу көрүнүштөрдүн бардыгы жийиркеничтүү капиталисттик экономикалык түзүмдүн кесепеттеринен башка нерсе эмес. Ошого карабастан, айрым батыш фикирлеринен жана түзүмдөрүнөн таасирленген кем акылдар бул түзүмдүн гениалдуулугу тууралуу сөз кылышып, аны өнүгүүнүн жана илимдин туу чокусу деп айтышууда. Алар капиталисттик экономиканы инвестиция деп аташат, иш жүзүндө бул инвестиция эмес, карапайым калкты алдоо жана алардын байлыктарын талап-тоноо экендиги ашкере болду. Андан кийин, алар муну кыйыр инвестиция деп атай башташты. Иш жүзүндө болсо бул түзүм көз боёмочулук жана иллюзиялык соодадан башка нерсе эмес экендиги далилденди. Акыйкатта, капиталисттик түзүмдүн мыйзамдары негиздери жана түркүктөрү – кумар гана. Кумардын бул түрү дүйнө жүзүндө кенен жайылып, анын дүйнөлүк жана аймактык биржалары пайда болду. Натыйжада, дүйнө жүзү миллиарддаган акчалар айлана турган, чыныгы акча жок,

цифралар гана өкүм сүрө турган ири казиного айланды. Ошондуктан, мындай операциялар каржылык туундулар деген, мындай экономика болсо паразиттик экономика деген наамды алды. Алар паразиттик экономиканы чыныгы өндүрүштүк экономика менен жанаша өнүгүүчү тармак деп айтышкан эле. Иш жүзүндө болсо капиталисттик түзүм түрдүү маневларды уюштуруу аркылуу паразиттик экономиканы өнүктүрүп отуруп, аны өндүрүштүк эконмикадан бир нече эсеге чонойтуп жиберишти. Анын бузукулугу жана зыяндары дүйнөнүн булуң-бурчунда турмуштун бардык тармактарына болуп көрбөгөндөй балээлерди алып келди. Капиталисттер паразиттик экономика аркылуу элдин акчасын соруп, байлыктарын талап-тоношту. Дүйнө эли жакырчылык жана кордук азабына батып, укуктар тепселенди, аруулук жана сый-урмат сыяктуу фазилеттер жоюлду. Бул түзүмдүн зулуму жана канкордугу чегинен ашып, адамзаттын турмушуна, инсанийлигине жана келечегине коркунуч алып келди.

Бул бактысыздыктын торунан кутулуунун жападан жалгыз жолу – Аллах Субханаху ва Таалага кайтуу, Анын буйрук-кайтарууларына ылайык жашоо. Аллах Таала Рум сүрөсүндө мындай деген:

﴿وَإِذَآ أَذَقۡنَا ٱلنَّاسَ رَحۡمَةٗ فَرِحُواْ بِهَاۖ وَإِن تُصِبۡهُمۡ سَيِّئَةُۢ بِمَا قَدَّمَتۡ أَيۡدِيهِمۡ إِذَا هُمۡ يَقۡنَطُونَ
٣٦ أَوَ لَمۡ يَرَوۡاْ أَنَّ ٱللَّهَ يَبۡسُطُ ٱلرِّزۡقَ لِمَن يَشَآءُ وَيَقۡدِرُۚ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَأٓيَٰتٖ لِّقَوۡمٖ يُؤۡمِنُونَ ٣٧
فَـَٔاتِ ذَا ٱلۡقُرۡبَىٰ حَقَّهُۥ وَٱلۡمِسۡكِينَ وَٱبۡنَ ٱلسَّبِيلِۚ ذَٰلِكَ خَيۡرٞ لِّلَّذِينَ يُرِيدُونَ وَجۡهَ ٱللَّهِۖ وَأُوْلَٰٓئِكَ
هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ٣٨ وَمَآ ءَاتَيۡتُم مِّن رِّبٗا لِّيَرۡبُوَاْ فِيٓ أَمۡوَٰلِ ٱلنَّاسِ فَلَا يَرۡبُواْ عِندَ ٱللَّهِۖ وَمَآ ءَاتَيۡتُم
مِّن زَكَوٰةٖ تُرِيدُونَ وَجۡهَ ٱللَّهِ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُضۡعِفُونَ ٣٩ ٱللَّهُ ٱلَّذِي خَلَقَكُمۡ ثُمَّ رَزَقَكُمۡ ثُمَّ
يُمِيتُكُمۡ ثُمَّ يُحۡيِيكُمۡۖ هَلۡ مِن شُرَكَآئِكُم مَّن يَفۡعَلُ مِن ذَٰلِكُم مِّن شَيۡءٖۚ سُبۡحَٰنَهُۥ وَتَعَٰلَىٰ
عَمَّا يُشۡرِكُونَ ٤٠ ظَهَرَ ٱلۡفَسَادُ فِي ٱلۡبَرِّ وَٱلۡبَحۡرِ بِمَا كَسَبَتۡ أَيۡدِي ٱلنَّاسِ لِيُذِيقَهُم بَعۡضَ ٱلَّذِي
عَمِلُواْ لَعَلَّهُمۡ يَرۡجِعُونَ ٤١ قُلۡ سِيرُواْ فِي ٱلۡأَرۡضِ فَٱنظُرُواْ كَيۡفَ كَانَ عَٰقِبَةُ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلُۚ كَانَ
أَكۡثَرُهُم مُّشۡرِكِينَ ٤٢﴾

***«Акыры алар Алла Өзү каалаган кишинин ырыскысын кең кылышын жана*** *(Өзү каалаган кишинин ырыскысын)* ***тар кылышын билишпедиби?! Албетте мында ыйман келтире турган коом үчүн аят-үлгүлөр бар. Демек, тууган-урукка,***

***бечера жана мусапырга** (кайыр-садага кылуу менен) **акыларын бергин. Алланын жүзүн эңсей турган кишилер үчүн мына ушул эң жакшы** (иш). **Дал ошолор кутулуучулар. Силер адамдардын малдары ичинде, артыкча болуп** (кайтуусу) **үчүн берген сүткордук-пайдакордуктан турган акча-малдарыңар** (белек-бечкегиңер) **Алланын алдында артыкча** (сооп) **алышыңарга себеп болбойт. Алланын жүзүн – ыраазылыгын эңсеп берген зекеттен турган нерселериңер, демек дал ошол** (зекет берүүчү кишилер соопторун) **бир нече эсе кылып алуучулар. Алла силерди жараткан, кийин ырыскыңарды берген, кийин жаныңарды ала турган, кийин силерге** (кайра) **жашоо бере турган Зат. Силер** (сыйынып жаткан) **буттарыңардын арасында мына ушулардын бирөөнү кыла ала турганы барбы?!** (Алла) **алардын шериктеринен аруу жана жогору. Адамдардын өздөрү кылган кылмыштары себептүү кургактыкта да, деңизде да,** (түрдүү) **апаат-балээлер пайда болду.** (Бул балээ жана апааттар адамдар кылып жаткан күнөөлөрүнөн) **кайтуусу үчүн, аларга** (өздөрү) **кылган айрым күнөөлөрүнүн** (жазасын) **таттырып коюу үчүн** (жиберилген)**.** (эй Мухаммад, мушриктерге) **айткын: «Жер жүзүндө кыдырып - саякат кылып, мурда өткөндөрдүн акыбеттери кандай болгонун көргүлө! Алардын көптөрү мушриктер эле»*** [30:37–43]

## Исламий экономикалык түзүм – адамзатты куткаруучу жана хидаятка баштоочу Роббаний түзүм

Капитализм «динди турмуштан ажыратуу» фикратынан келип чыккан куфр түзүмү. Ошондуктан, бул түзүмдөн келип чыккан фикирлер, мыйзамдар жана түзүмдөр куфр болуп, аны кабыл алуу, татбик кылуу жана ага чакыруу харам. Капитализдин акционердик коомдору дагы шариятта харам. Анткени, алар Исламдагы ширкат (шериктик) ахкамдарына каршы келет. Исламдагы ширкат – бул «эки же андан көп тараптар ортосундагы, пайдага жетүүнү максат кылган каржылык иштердеги келишим». Бул келишим эки тарап же алардын бири аткара турган ишке негизделиши зарыл. Эгер ишти келишимге өкүл болгон тараптардын бири аткарбай турган болсо, ал келишим туура болбойт. Ал эми акционердик коом – эки же андан көп тараптардын каржылык долбоор үчүн өз үлүштөрүн ортого салуу келишими. Бул келишимге ылайык, ар бир тарап өз байлыгынан белгилүү өлчөмдө салым кошот жана долбоордон түшкөн пайда менен зыян тең бөлүнөт. Мындай шериктик иште эч кандай шаръий келишим жок болгондуктан, ал негизинен батыл.

Анткени, шаръий келишимде «ийжаб (сунуш)» жана «кобул (кабыл кылуу)» болушу важиб. Ал акционердик келишимде «ийжаб» жок жана эки тараптын «кобулу» гана бар. Ошондой эле, шарияттагы ширкаттын (шериктиктин) шарттарынын дагы бири – иштти аткаруучу тараптын болуусу. Т.а. иштти аткаруучу тарап дагы келишимдин өкүлү болууга тийиш. Акционердик коомдун келишимине ылайык, келишимдин өкүлдөрү акча салуу менен гана чектелишет. Бул келишимде иштти аткаруучу жана «ийжаб» кылуучу тарап келишимдин өкүлү болуп эсептелбейт. Мына ошондуктан, акционердик коомдордун бардыгы «ийжаб» деген рүкүндүн жоктугу себептүү шарияттын көз карашында батыл келишимдер. Ислам мындай бузуку келишимдерге жана алардан бутактап чыккан схемаларга тыюу салган, ошондой эле, мындай уюмдар менен иштешүүнү, алардын акцияларын сатып алууну жана алардан келип чыккан «тандоо келишимдерин» пайдаланууну харам кылган.

Ошондой эле, Ислам түзүм жана ахкамдары мына ушундай келишимдер жана мамилелердеги бузукулуктун тамыры, балээнин башаты болгон **рибаны** харам кылган. Рибанын пайыздары аз болобу же көп болобу айрымасыз, Ислам алардын баарын кескин түрдө харам кылган. Эч бир мусулман рибадан түшкөн акчага ээлик кыла албайт, эгер ал акчалардын ээлери табылса, аларга кайтарылып берилет. Аллах Таала рибанын ыпластыгын баяндап, аны жегендерди жин-шайтандын азгырыгы себептүү акылдан азган адам менен салыштырган. Бакара сүрөсүндө Аллах Таала мындай деди:

﴿ٱلَّذِينَ يَأْكُلُونَ ٱلرِّبَوٰاْ لَا يَقُومُونَ إِلَّا كَمَا يَقُومُ ٱلَّذِى يَتَخَبَّطُهُ ٱلشَّيْطَـٰنُ مِنَ ٱلْمَسِّ ۚ
ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَالُوٓاْ إِنَّمَا ٱلْبَيْعُ مِثْلُ ٱلرِّبَوٰاْ ۗ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلْبَيْعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ ۚ فَمَن جَآءَهُۥ مَوْعِظَةٌ مِّن
رَّبِّهِۦ فَٱنتَهَىٰ فَلَهُۥ مَا سَلَفَ وَأَمْرُهُۥٓ إِلَى ٱللَّهِ ۖ وَمَنْ عَادَ فَأُو۟لَـٰٓئِكَ أَصْحَـٰبُ ٱلنَّارِ ۖ هُمْ فِيهَا
خَـٰلِدُونَ ﴿٢٧٥﴾

***«Сүткор болгон адамдар*** *(Кыямат Күнүндө мүрзөлөрүнөн)* ***турушпайт. Бирок, жин тийген, акылдан азган*** *(кем акыл)* ***сымал турушат. Буга себеп алардын: "Соода дагы сүткорлуктун өзү го?" дегени. Акыйкатта болсо, Алла сооданы адал, бирок сүткорлукту арам кылган. Демек, кимге Раббисинен үгүт-насаат жеткен соң,*** *(сүткорлуктан)* ***тыйылса, анда***

***мурункулары өзүнө жана анын иши Аллага*** *(тапшырылат т.а. Алла кааласа кечирилет)* ***Ким*** *(сүткорлукка)* ***кайтса, ошолор тозок ээлери жана анда түбөлүккө калышат»*** [2:285]

Ошондой эле, рибанын оор харам экендигин баяндоо үчүн Аллах Таала рибаны жегендерге каршы согуш жарыялап, мындай деген:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَذَرُواْ مَا بَقِيَ مِنَ ٱلرِّبَوٰٓاْ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ ۝٢٧٨ فَإِن لَّمۡ تَفۡعَلُواْ فَأۡذَنُواْ بِحَرۡبٖ مِّنَ ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦۖ وَإِن تُبۡتُمۡ فَلَكُمۡ رُءُوسُ أَمۡوَٰلِكُمۡ لَا تَظۡلِمُونَ وَلَا تُظۡلَمُونَ ۝٢٧٩﴾

***«Эй, ыйман келтиргендер! Алладан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор, сүткорлук саркындыларын таштагыла*** *(т.а адамдарга берген карызыңарга пайыз кошуп албагыла)****. 279. Эми эгер*** *(буйругубузду)* ***аткарбасаңар, анда Алла жана анын элчиси тарабынан болуучу сүткорлукка каршы согушту угуп билгиле! Эгер тообо кылсаңар, мүлкүңөр өзүңөргө –заалим да, мазлум*** *(кордолгон)* ***да болбойсуңар»*** [2:288 – 289]

Мындан тышкары, акционердик коомдордогу келишимдер, алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги, ошондой эле, капиталисттердин элдердин акчаларын талап-тоноолоруна жол ачуучу, андан кийин банкротко кабылганын жарыялап, карыз бергендердин жана башка укук ээлеринин акы-укуктарын жокко чыгаруучу банкроттук мыйзамдар дагы шариятта харам. Бул мыйзамдар жана схемалар Ислам ахкамдарына тикелей каршы келгендиктен, шарият булардын бардык түрлөрүн харам кылган. Ислам шериктик иштерде жана келишимдерде бардык тараптардын укуктарын толугу менен камсыз кылууну важиб кылган. Ошондуктан, эч бир тараптын укуктары жокко чыгарылбашы керек. Имам ал-Бухарий Абу Хурайра ﵁дан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деген:

«من أخذ من أموال الناس يريد أداءها أدى الله عنه، ومن أخذ يريد إتلافها أتلفه الله»

**«Кимде-ким адамдардын акчасынан кайтарып берүү ниети менен алса, Аллах анын атынан кайтарып берет. Кимде-ким аны жок кылуу ниети менен алса, Аллах аны жок кылат».**

Имам Ахмад Абу Хурайра ﵁дан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деди:

«لتؤدُّنَّ الحقوق إلى أهلها يوم القيامة حتى يُقتصَّ للشاة الجماء من القرناء تنطحها»

**«Кыямат күнү бардык акы-укуктар өз ээлерине кайтарылат, жада калса, мүйүзсүз койлордун дагы аларды сүзгөн мүйүздүү койлордон өчү алынат».**

Расулуллах ﷺ укуктарды толук түрдө ээлерине кайтаруунун важибдигин баса белгилеп, эгер бул дүйнөдө кайтарылбаса, акыретте сөзсүз түрдө кайтарыларын айткан. Бул адилетсиздик менен башкалардын акысын жегендер үчүн азап болорун убадалоочу эскертүү. Ислам шарияты бай адамдын карызын төлөөнү кечиктирүүсүн зулум деп эсептеген. Имам ал-Бухарий Абу Хурайра رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مطل الغني ظلم»

«**Байлардын** (карызын төлөөнү) **кечиктирүүсү – зулум».**

Эгер карызды төлөөнү кечиктирүү зулум болсо, бирөөнүн акысын жеш жана карызды төлөбөй коюу андан дагы оорураак зулум болору, ошондой эле, анын азабы дагы оорураак болору талашсыз. Ошондуктан, акционердик коомдорго карыз бергендерге жана анда акысы барларга банкроттон калган гана нерселерди бөлүштүрүп берүү харам болот. Алардын бардык карыздарын жана акыларын кемчиликсиз, толук түрдө кайтарып берүү важиб.

Ошондой эле, мурунку бөлүмдөрдө айтылган милдеттүү кагаз акча (банкнот) түзүмүн дагы Ислам харам кылган. Ислам алтын түзүмүн бекитип, алтын менен күмүштү товарлардын, иш-амалдардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары үчүн негизги өлчөө кылган.

Акыйкатта, мусулмандарды жана бүткүл дүйнө элин бүгүнкү капиталисттик экономикалык түзүмдүн бузукулугунан жана жамандыктарынан куткара турган жалгыз жол – бул Ислам түзүмү жана андан балкып чыгуучу Исламий экономикалык түзүм. Ислам түзүмү гана жалпы адамзатты, мусулмандарды жана кайры мусулмандарды, жакырларды жана байларды бул кордуктардан куткарып, зомбулукка, зулумга, жакырчылыкка жана бактысыздыктын башаты болгон капитализмге бөгөт коёт. Исламий экономикалык түзүм адамзат турмушун азапка батырган, эчендеген кандарды төккөн, коомдогу кыйматтарды жана адамгерчиликти жокко чыгарган ири капиталисттердин талоончулугуна, кутумдарына жана шайтаний схемаларына чекит коёт.

Капиталисттер бул акыйкатты абдан жакшы билишет. Ошондуктан, алардын алдында эки гана жол бар: башка өлкөлөрдү күч менен колонизациялоо же жер бетинен жок болуп кетүү. Мына ушул себептен улам капиталисттер дүйнөнүн булуң-бурчунда Исламдын башкарууга келүүсүнө жана Ислам мамлекетинин тикеленүүсүнө каршы туруу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн

жумшашууда. Анткени, Ислам мамлекети алардын үстөмдүгүнө, колонизаторлугуна чекит коюп, алардын мабдасын жана түзүмүн түп-тамырынан жок кылат. Ислам мамлекети тикеленип, Исламий экономикалык түзүм татбик кылынган учурда Батыш түзүмдөрү ичинен ыдырап, алардын колониалисттик экономикалык түзүмү болгон капитализм табигый түрдө жокко чыгат.

Мына ошондуктан, куфрга каршы фикирий күрөштүн эң маанилүү жана орчундуу бөлүгү Исламий экономикалык түзүмдү, ошондой эле, андагы мүлккө ээлик кылууну жана экономикалык мамилелерди туура тартиптөөчү муъжизавий Роббаний ахкамдарды туура баяндоо болуп эсептелет. Андан тышкары, бузуку жана ийгиликсиз болгон капиталисттик түзүмдү, ага чакыруучулардын каталарын, ошондой эле, Батыштын фикирий чабуулдары, малай өкүмдарларынын аракеттери жана алардан таасирленген жалданма «муфтийлердин» адаштыруулары себептүү Ислам Умматына кирип калган туура эмес фикирлерди туура Исламий түшүнүктөр негизинде ачыктап берүү зарыл.

Азирети пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана кыяматка чейин анын артынан ээрчигендерге Аллахтын саламы жана салаваты болсун!

(Уландысы бар) ❑

## БАТЫШ ИДЕЯСЫНЫН КАРА КУТУСУ (2)

**Саир Ахмад Салама**

Бул демократия, илманийлик (светтик), либерализм жана капитализм мабдасынын негиздери тууралуу кылдат изилдөөнүн экинчи бөлүгү. Бул изилдөөдө аталган мабданын фикирий негиздерине каршы келген жагдайлары жана фикирий карама-каршылыктары ашкере болот. Ошону менен бирге, демократия жана илманийлик мабдасынын коомдо адилеттүүлүктү орнотуучу, укуктарды тактоочу жана жөнгө салуучу, мамлекет ишке ашырышы зарыл болгон жалпы кызыкчылыктарды, жакшылык менен жамандыкты жана туура менен катаны конкреттүү түрдө айырмалап берүүчү мыйзамдарды түзүүгө жараксыз экени ачыкталат. Акыйкатта, бул иштер коомдук үрп-адаттарды жана мыйзамдуу максаттарды ишке ашыруудагы, мыйзам чыгаруудагы негиздер болуп саналат. Мурунку санда заманбап мамлекеттин төрт чабалдыгын ачыктаган элек. Алар: 1. Адам жана анын турмуштагы милдети менен турмуштун ортосундагы фикирий ажырымды келтирип чыгаруу чабалдыгы. 2. Бийликтин мыйзамдуулугундагы (т.а. бийликтин өзөгү жана булагындагы) чабалдык. 3. Элдин конституцияга жана мыйзамдарга баш ийүүсүнө укуктук жактан кандай негиздеме бар?! 4. Мыйзамдардын ар дайым өзгөрүп туруусундагы чабалдык (бул жалпы адилеттүүлүктүн ишке ашуусун мүмкүн эмес кылып коёт). Бул бөлүктө аталган мабданын дагы башка чабалдыктары тууралуу сөз кылабыз. Ошондой эле, демократия, либерализм жана илманийлик түзүмүнүн туура эмес негизге курулгандыгы, мыйзам чыгарууга жараксыз экендиги, элдерди оюн жана каалоолорун чагылдырбай тургандыгы, бул мабданын конституциясына жана мыйзамдарына элдердин баш ийүүсү үчүн укуктук негиз жок экендиги жана эң негизгиси адамдардын турмушу үчүн мыйзамдарды жана түзүмдү орнотуу Илахий, Роббаний шарияттын гана колунда болушу керек экендиги тууралуу жыйынтыктоочу пикирди айтабыз.

**Бешинчиден: Мыйзамдарды кабыл алуу үчүн негиз болуучу жашоо образына жана мамилелерге өлчөөлөрдү белгилөөдөгү чабалдык:**

Илманий демократиялык түзүм нукура материалисттик көз караштан келип чыгып, метафизика (табияттан тышкары нерселер) менен болгон байланышты үзүп койгон. Бул түзүм мыйзамдар жана фикирлер менен «жакшылык жана жамандык», «жагымдуу жана жагымсыз», «сооп жана жаза» түшүнүктөрүнүн ортосундагы байланышты үзүп койгон. Акыйкатта, «жакшылык жана жамандык» түшүнүктөрү маддий (материалдык) түшүнүктөр эмес. Жакшылык

жана жамандык түшүнүктөрү адамдын сезүү органдары аркылуу сезилбейт, аларды тажрыйбага салуу мүмкүн эмес. Демек, «ахлакий (моралдык) абийир» же «адамгерчилик» түшүнүктөрү материалдык эмес түшүнүктөр болгондон кийин, илманийлик түзүмү кантип бул түшүнүктөрдү изилдейт жана аларды адамдын жашоо образы үчүн ахлакий негиз кылып белгилейт?

Андан да жаманы, «нейтралдуулукту» камсыздоо максатында өкүмдөр менен диний, каада-салттык жана ахлакий негиздердин ортосундагы байланышты үзүү, ошондой эле, өкүмдөр менен алардын жардамында жүзөгө чыгарылуучу кайматтардын ортосундагы байланышты үзүү болду (бир гана нукура маддий кыймат калтырылып, анын шарттарын белгилөөдө дагы ийгиликсиздикке кабылышты. Натыйжада, дене рахаттарына жетүү жана бузукулук кылуу негизги жашоо образына айланып калды). Алар адеп-ахлактын чек-өлчөмдөрүн белгилөөнүн ордуна иш-амалдардын натыйжаларына гана көңүл бурушту да, жашоо образын мына ошол натыйжаларга жараша өлчөштү. Ага ылайык, эгер кайсы бир иш жакшы натыйжа берсе, ал жакшы иш болуп саналат. Бирок, белгилүү бир натыйжанын жакшы же жаман экени кайсы тараза менен өлчөнөт? Бул суроого жооп берүүдө демократтар маддий пайда (утилитаризм) түшүнүгү менен чектелишти. Батыш хазараты бактылуулук түшүнүгүн мына ушул негиз үстүнө курган, ошондой эле, ага дене рахаттары (гедонизм) жана жыргачылык түшүнүктөрү дагы байланышкан. Бирок биз билебиз, адеп-ахлакка карата прагматикалык утилитаризм түшүнүгүн колдонуу ахлакий кыйматты кыйратып жок кылат. Пайда жана зыян түшүнүктөрү абалга жараша өзгөрүп турат. Мисалы, бир эле иш бир адам үчүн пайда болсо, башка адам үчүн зыян болуп калат, же болбосо бир эле иш бир учурда пайда болсо, башка учурда зыян болуп калышы мүмкүн, ошондой эле, бир иш башталышында пайда болуп, соңунда зыянга айланышы мүмкүн. Ошондуктан, пайда түшүнүгү коомду башкарып жаткан түзүм үчүн негизги критерий болууга жараксыз. Анткени, мындан кайсы бир ахлакий түзүмдү башкасынан абзел коюу келип чыгат жана өкүмдөрдү тартиптөөчү негиз болгон өлчөөлөр жокко чыгат. Натыйжада, бир маселе үстүндө өкүм чыгаруу жана өкүмдөрдү татбик кылууга өбөлгө түзүүчү коомдук кыйматтарды иштеп чыгуу мүмкүн болбой калат.

Ошондуктан, биз илманийликте фикирий өзгөрүүлөрдүн болушу табигый көрүнүш экендигине күбө болуудабыз. Илманийлик фикраты алгач ааламдын кожоюну катары инсанды борборлоштуруудан жана табиятты инсанга моюн сундуруудан башталат. Андан кийин, кайра табиятты борборлоштурууга, инсанды табиятка жана анын өзгөргүс

мыйзамдарына моюн сундурууга өзгөргөн. Андан кийин, борборлоштуруу идеясы жокко чыгарылып, ааламдын өзгөрүп туруу мыйзамы жана адамзаттын жок болуп кетүүсү таанылып, адамды жана табиятты эркин рынок идеясына моюн сундуруу ишке ашырылды. Табияттын жана инсандын улуулугу жокко чыгарылып, алар күчтүүлөр өз кызыкчылыгына жараша пайдалануучу материя катары кабыл алынгандан кийин, бул маанилердин ар кандай чектерден жана мыйзамдардан ажыратылгандыгы, көптүгү жана ар түрдүүлүгү, ошондой эле, «салыштырмалуулук» мыйзамынын туруксуздугу ашкере болду. Алар негиздеген бул фикирлер «дарвинизм» теориясына таянган болуп, күчтүү менен алсыздын ортосундагы т.а. адам менен адамдын ортосундагы күрөшкө алып барды. Натыйжада, алар тарабынан колониализм саясаты ишке түшүп, дүйнө мамлекеттери күчтүү колониалист жана алсыз көз каранды өлкөлөрдөн турган эки лагерге бөлүндү. Ошондой эле, адамдардын айырмачылыктарына жараша расисстик согуштар жана инсан менен табият ортосундагы күрөштөр келип чыкты.

Илманийлик хазатарында адеп-ахлакты жүзөгө чыгаруучу бийлик жок. Ошондуктан, дин жок болгон же жок кылынган жерлерде бардык иштер мубах (уруксат берилген) болуп эсептелет жана ахлакий кыйматтарды жүзөгө чыгаруучу фикирий өлчөөлөр жок болот. Илманийлик хазараты кайсы бир ишти кылуу же кылбоо үчүн, жакшылык менен жамандыкты айырмалоо үчүн жана адам баласынын иш-амалдарындагы кыйматтарды белгилөө үчүн негизги өлчөө – түзүмдү орното алган жок.

Батыш түзүмү акыйкат менен батылды, жакшы менен жаманды ажыратып берүүчү фикирий жана акыйдавий эрежелерди жокко чыгаргандан кийин, көйгөйлөрдү чечүүгө жана жалпы кызыкчылыктарды белгилөөгө жарактуу болгон мыйзамдардын тууралыгын кепилдөөчү негизги өлчөөлөрдү орнотууда дагы ийгиликсиздикке кабылды. Негизи, акыйкат жана тууралык маселелери эксперименталдык далилдер же логика аркылуу аныкталуучу илимий же мантыкий (логикалык) истилахтар (терминдер) эмес, балким динге кыйматтарга жана каада-салттарга негизделген ахлакий истилахтар болуп саналат. Кээде көпчүлүк биригип, бул маселе үстүндө системалык түрдөгү саясий аракеттер аркылуу «расмий» токтом кабыл алып коюшу мүмкүн. Бирок, мындай токтом коомдогу башка адамдар үчүн т.а. улутчулдук, тайпачылык, жыныстык же фикирий негиздеги азчылыктар үчүн зыяндуу болуп калат. Ошондой эле, Батыш хазараты коомду жетелөөчү коомдук кыйматтар үчүн керектүү болгон өкүмдөрдү жана мыйзамдарды ишке

ашыруучу өлчөөлөрдү кепилдөөдө дагы ийгиликсиздикке кабылды. Адамдардын жеке тандоолорунан тышкары болгон коомдук максаттарды белгилөөдөгү рационалдуу жана мантыкий (логикалык) эрежелер жок болгондуктан, жеке адамдардын тандоолорун жана каалоолорун камсыз кылуучу кызыкчылыктарды белгилөөнүн, ошондой эле, мына ушул жеке тандоолордун коомдук жашоо образы менен шайкештигинин жоктугу себептүү коомдук биримдикти жана коопсуздукту камсыз кылуу мүмкүн болбойт. Анткени, мындай учурда жеке адамдардын же болбосо көпчүлүктүн максаттарын чагылдыруучу бирдиктүү чечимдер жок болот. Натыйжада, көйгөйлөр көбөйүп, аларды чечүү тууралуу фикирлер дагы көп түрдүү болуп чыгат. Жеке адамдар менен коомчулуктун кызыкчылыктары ортосунда ажырым пайда болот.

Батыш түзүмү эч кандай рационалдуу негизге таянбай туруп, көпчүлүктүн чечими туура ахлакий чечим болуп эсептелет деген бүтүмгө токтолду. Натыйжада, элге т.а. айтканда эл өкүлдөрүнө же эл өкүлдөрүнүн көпчүлүк бөлүгүнө катадан аруу деген сифат берилди. Мына ошол өкүлдөрдүн көпчүлүк бөлүгү каалаган нерселер жалпы элдин каалоосу катары баалана баштады. Ал эми иш жүзүндө, алар кабыл алган токтомдордун жана чечимдердин бардыгы карама-каршы түрдөгү өзгөртүүлөргө муктаж болуп калды. Соңунда, коом жаңы кабыл алынган мыйзамдар үчүн «эксперименталдык коёндорго» айланды. Акыйкатта, көпчүлүк ар дайым акыйкат үстүндө боло бербейт жана көчүлүктүн чечими коомдун кызыкчылыгы, пайдасы жана жыргалчылыгы үчүн кепилдик боло албайт. «Элдик башкаруу» б.а. демократия мабдасын терең изилдей турган болсок, анын максаты тиранияны же бийликтин монополиясын болтурбоо же бийликтин акы-укуктарын чектөө эмес экендигин көрөбүз. Анткени, бул мабда татбик кылынган учурда, жогоруда айтылган максаттардын эч бири ишке ашпайт. Тескерисинче, бул мабда адамдардын эркиндигин жана укуктарын чектөөгө, ошондой эле, жалпы элдин кызыкчылыктарын парламенттеги көпчүлүктүн каалоосуна моюн сунудурууга гана алып келет.

**Алтынчыдан: Мамлекет жалпы кызыкчылыкты аныктоодо ийгиликсиздикке кабылган болсо, кантип аны камсыз кыла алмак эле?**

Демократиялык либерализм (илманийлик) коомдогу көпчүлүктүн оюн чагылдыруучу жалпы кызыкчылыкты белгилөөдө ийгиликсиздикке кабылды. Алардагы саясий түзүмдөр кабыл алган «жалпы кызыкчылыкты» чагылдыруучу мыйзамдар акыйкатта жалпы элдин эмес, мыйзам чыгаруучу органдардын гана ой-фикирлерин

чагылдырат. Илманийлик түзүмү мыйзамдарды жана түзүмдөрдү орнотууда, ошондой эле, «жалпы кызыкчылыкты» аныктоодо ага чейинки чиркөө орноткон «кудайлык укук» истилахынын ордуна альтернатива орнотуу деген өңүттөн келип чыккан. Алар өздөрүнүн мындай аракеттерин төмөнкүдөй атама менен башташты:

**Чиркөө башкаруусуна чейинки, коомдордогу жана мамлекеттердеги табигый абал.** Мына ушул фикраттын негизинде коомдук келишим жана табигый укук түшүнүгү аркылуу түзүм орнотууга жана биригүүгө чакырышты. Табиягый укук б.а. ар бир адамга өзүнүн табигый мүмкүнчүлүктөрүн жана бийлигин колдонуу үчүн, ошондой эле, өзүнүн нукура табиятын сактап калуу үчүн берилген табигый эркиндиги деген фикратты негиз кылышып, аны «соо акыл» деген истилахка айлантышты. Алардын айтымында, табыгий мыйзам б.а. «соо акыл» - түшүнүгү бир катар жазылбаган, туруктуу, бардык коомдордогу адамдарга жана табиятка ылайык келген мыйзамдардан турат, ошондой эле, табигый мыйзам адилеттүүлүк жана теңдик сыяктуу бардык жерлерге жана замандарга төп келүүчү ахлакий мыйзамдын бир бөлүгү болуп эсептелет. Алар табигый мыйзам – бул адамдар тарабынан орнотулбаган, балким адамзаттын табиятында катылган түпкү мыйзам деп эсептешти. Илманийликтин айрым негиздөөчүлөрү «инсандын табигый абалы жырткыч карышкыр», деп айтышса, башкалары «табигый мыйзамдын өзөгү соо акыл», деп айтып чыгышты. Бул болсо үлкөн карама-каршылык. Ошентип, бир кездерде табигый укук жана табигый мыйзам фикраттары мыйзамдар үчүн негиз болуп эсептелсе, башка учурларда анын ордун жырткыч адамзаттын абсолюттук эркиндигине негизделген «коомдук келишим» фикраты, андан кийин мыйзамдардагы нейтралдуулукту камсыздоочу ахлакий бөлүмдөрдү четке каккан «жарандык мыйзам» фикраттары басып кетти.

Батыштыктар адамдардын акы-укуктары «табигый укук» негизинде адам менен кошо жаралбагандыгын, балким алар адамдар карманган хазарий жана сакафий түшүнүктөрдүн негизинде калыптанарын билишпеди. Акыйкатта, хазарат өзү тандап, дайын кылган түшүнүктөргө жана адамдын табиятына төп келүүчү түзүмдөргө жараша өзгөчөлөнүп турат. Ошондой эле, хазарат адамдардын узвий кажаттарын (организмдик муктаждыктарын) жана гарыйзаларын (инстинкттерин) кандыруу жолдорун туура тартиптөөгө жарактуулугу же жараксыздыгы менен өзгөчөлөнөт. Хазараттын негизи жеке жана коомдук максаттарды ишке ашырууга, акы-укуктарды белгилөөгө жана тартиптөөгө, ошондой эле, коомдо адилеттүүлүктү орнотууга багытталышы зарыл!

Андан тышкары, батыштыктар мыйзамдардын үзгүлтүксүз өзгөрүп туруусу коомдогу абсолюттук адилеттүүлүктү орнотууга карама-каршы келерин дагы билишпеди. Ошондуктан, түпкүлүгүндө «табигый мыйзам» деп аталган түшүнүктүн эч кандай маани-маңызы жок. Кызыкчылыктар ортосундагы ажырым, аларды ишке ашыруу жолдорунун түрдүүлүгү жана аларды кандыруудагы адамдар ортосундагы карама-каршылыктар «табигый теңдик» түшүнүгүн жокко чыгарат. Ошондой эле, адамдардын акыл жүгүртүүсүндөгү, калоолорундагы жана ыктоолорундагы айрмачылыктар, түрдүү сакафаттардын таасирлери ж.б.у.с. көптөгөн факторлор себептүү «соо акыл» түшүнүгү дагы жокко чыгат.

Батыш түзүмү, жогоруда айтканыбыздай, «жалпы элдин каалоосун» аныктоодо ийгиликсиздикке кабылды. Алар «жалпы кызыкчылыкты» «жалпы элдин каалоосуна» негиздешип, «жалпы элдин каалоосу» дегени көпчүлүктүн же белгилүү бир топтун эле эмес, балким жалпы коомдун каалоосу болот деп айтышты. Бул фикрат өз кызыкчылыктарын коомдун кызыкчылыгынан жогору койгон жеке адамдардын бири-бири менен атаандашкан түрдүү каалоолорун четке кагуунун натыйжасында келип чыкты. Алардын көз карашында, жалпы элдин каалоосу бул мамлекет ишке ашырууну көздөгөн жалпы жана бирдиктүү кызыкчылыктарды чагылдырат.

Бул фикратка кылдат назар сала турган болсок, чын эле адамдардын биримдигин камсыздоочу жалпы кызыкчылыктар бүтүндөй коомду ыраазы кылуучу чечимдерге муктаж экендигин көрөбүз. Бирок, бул чечимдердин жеке адамдарга жана коомго ылайык келиши, ал чечимдердин жана мыйзамдардын тууралыгы, жакшылык-жамандык, туура-ката жана жагымдуу-жагымсыз түшүнүктөрүнө болгон көз карашы, ошондой эле, алардын «табигый укукту» белгилеши жана анын негизинде түзүм иштеп чыгылышы абдан чоң маселе болуп саналат. Бул чечимдер «жалпы жакшылыктан» же «соо акылдан» келип чыкпайт. Эгер бул чечимдер адилеттүү, Илахий шарияттан алынбай турган болсо, (банктын кредит алгандар үстүнөн, капиталисттердин жумушчулулар үстүнөн кожоюндук кылуусу сыяктуу) коомдо күчтүүлөрдүн алсыздар үстүнөн кожоюндук кылуусуна, коомдун негизсиз үрп-адаттарга ээрчүүсүнө, зулум жана зомбулуктун күчөшүнө, алсыздарга, аялдарга жана кулдарга карата адилетсиздик орнотулушуна, ошондой эле, зынаа жана гомосексуализм сыяктуу шахваттарга эркиндик берилишине алып келип, коомдун гүлдөп өркүндөшүнө коркунуч жаратат. Ошондуктан, бул чечимдер адамдар тарабынан ойлоп табылган мыйзамдарга ташталган учурда алардын тууралыгына кепилдик

болбойт. Анын үстүнө, «жалпы элдин каалоосун» чагылдыруунун вакыйлыгына назар сала турган болсок, анын дагы ири көйгөй экендигин көрөбүз. Анткени, жалпы элдин өздөрүнө туура келген жана туура келбеген, өздөрү ыраазы болгон жана ыраазы болбогон нерселерди аныктоо үчүн бир жерге чогулушу, ошондой эле, парламенттин жалпы элдин оюн чагылдыруусу акыйкатта ишке ашпай турган адаштыруудан башка нерсе эмес. Чын-чынына келгенде, парламент көпчүлүктүн дагы, жалпы элдин дагы оюн чагылдырбайт.

Жалпы эл кабыл алган «жалпы жакшылыкка» же ишке ашыруу көздөлгөн «жалпы кызыкчылыкка» негизделген «жалпы элдин каалоосу» деген фикрат акыйкатта ишке ашпай турган нерсе. Айрыкча, бүгүнкү күндө адамдар арасында жакшылыкка, кызыкчылыкка жана көйгөйлөрдүн чечимдерине болгон көз караш чачыранды болуп, жамаъий адеп-ахлакка жана гумандуулукка болгон бирдиктүү көз караш жок болуп турат. Бул нерселер тууралуу бирдиктүү көз караш илманий-демократиялык коомдун негизи болгон «ар түрдүүлүк» принцибине каршы келип, коомду белгилүү бир акыйдавий же ахлакий кыйматтарга чектеп коёт. Натыйжада, «ар түрдүүлүктү» туу туткан илманий-демократиялык коомдун иденттүүлүгүнө коркунуч жаратып, илманийликтин динге оодарылуусуна алып келет. Мына ошондуктан, демократияда «коомдук кызыкчылыкты» белгилөөчү жана мыйзамдарга негиз болуучу «жалпы элдин каалоосун» ишке ашыруу мүмкүн эмес.

«Жалпы жакшылык», «соо акыл», боордоштук, эркиндик жана теңдик түшүнүктөрү зулумду токтотуп, адилеттүүлүктү орнотуучу, адамзатты бактылуулука жеткире турган коомдук кыйматтарды белгилөөчү чечимдерди жана мыйзамдарды кепилдеп берүү үчүн жарактуу болгон фикирий өлчөөлөрдү орнотууга жараксыз. Алар бул маселелерди бүдөмүк истилахтарга чектеп, кээбир адамдар туура деп эсептеген нерселерди гана таңуулашат жана ал нерселер башкалардын назарында ката, зыяндуу же өз каалоолоруна карама-каршы бойдон кала берет. Акыйкатта, мыйзам чыгаруудан максат кандай болсо дагы, эптеп бир мыйзамды чыгаруу эмес, балким адамзаттын жашоо образын туура тартиптөөнү жана көйгөйлөрдү туура чечүүнү кепилдеп берүүгө жарактуу болгон туура мыйзамды чыгаруу. Адам баласынын акылы көптөгөн тышкы факторлордон таасирленип тургандыктан, адамзатка тийиштүү жалпы абалдарды камтып алууга кудуретсиз. Кээде адамдын нафс-каалоолору акылды зынаа, арак ичүү ж.б.у.с. туура эмес иштерге түртүшү мүмкүн. Ошондуктан, акылдын өзүнөн келип чыккан өкүмдөр туура боло бербейт. Адамдын табияты жана ыктоолору көптөгөн тышкы жана

сакафий факторлордон таасирленгендиктен, батыштык адамдын табияты менен мусулмандын табияты бири-биринен айырмалуу болот. Адамдардын акылы күчтүүлүк жана алсыздык, кылдат түшүнүү жана тайыздык жагынан бири-биринен айыраланып тургандыктан, ал бардык доорлордогу жана абалдардагы иш-амалдарга ылайык келе турган өкүм чыгара албайт. Анткени, акыл адамдардын иш-амалдарына таасир берүүчү гойбий (кайыптагы) факторлорду билбейт, нерселерге обьективдүү эмес субьективдүү гана назар салат жана акыл чыгарган чечимдер убакыттын өтүшү менен ката болуп чыга келет. Андан тышкары, акыл вакыйлыкка белгилүү бир өңүттөн гана өкүм бере алгандыктан, башка өңүт менен алганда ал чечим туура эмес болуп калат, же болбосо акыл кайсы бир ишти пайда деп эсептесе, башка өңүттөн алып караганда ошол эле иш зыян болуп калат. Анткени, акыл иш-амалдардын себептери жана натыйжалары тууралуу кескин билимге ээ эмес. Ошондуктан, адамдар тарабынан ойлоп табылган мыйзамдар жана түзүмдөр карама-каршылыктарга толо жана ар дайым өзгөрүп турууга муктаж. Иш-амалдардын өзүнө карап, аларга жакшы же жаман деп өкүм берүү мүмкүн эмес. Анткени, аларга жакшы же жаман деп өкүм берүү тышкы факторлорго т.а. түзүмгө байланыштуу болот (жогоруда айтылгандардан келип чыгып, адамдар тарабынан орнотулган түзүм көйгөйлөрдү туура чечүүгө жана иштерге жакшы же жаман деп өкүм берүүгө жараксыз экендиги, ошондой эле, бул иштерде бир гана Илахий түзүмгө моюн сунуу зарыл экендиги анык болду).

Батыштыктардын мабдасы мамлекеттин туруктуулугу, коопсуздугу жана түзүмү үчүн, ошондой эле, жалпы элдин каалоосу үчүн жеке адам өзүнүн абсолюттук эркиндигинен кечиши зарыл деген негизге курулду. Ошентип, жалпы кызыкчылык жеке кызыкчылыктан үстөм болду. Бийлик толук түрдө мамлекеттин колуна өтүп, мамлекет баарынан күчтүү жана үстөм болду, андан жалпы эл коркуп, ага абсолюттук түрдө моюн сунду. Алар айтып жаткан «адамзаттын жырткыч табиятына» моюн сунуусунан тосуу үчүн коомдук келишимдин негизиндеги «кан төгүүсүз бүтүмдөр» курук сөздөн башка эч нерсе эмес болуп калды.

Бул түшүнүктөр (табиягый абал, табиягый укук, табигый мыйзам, жалпы элдин каалоосу ж.б.) чачыранды, бүдөмүк жана карама-каршылыктарга толо болуп, ар дайым өзгөртүүлөргө жана бурмалоолорго кабылып турат. Ошондуктан, мыйзам чыгаруучулар бул түшүнүктөрдү белгилүү чектер менен көзөмөлдөй албай келишет. Анткени, адамдардын акылдары көпчүлүк ынана турган «жалпы жакшылыкты» чагылдыруучу бирдиктүү чечимге бириге албайт!

Мындан улам «жалпы элдин каалоосу» деген түшүнүк вакыйлыкта ишке ашпай калды. Адамдар ортосундагы мамилелер коомдук каалоолорду изилдөөнүн негизине курулбады жана бир тараптын гана сунушу кабыл алынып, «жалпы элдин каалоосу» деген шылтоо менен ал сунуш калгандарга таңуулана баштады. Иш жүзүндө илманий-демократиялык өлкөлөрдө бийликтеги бир ууч саясий партиялар жана капиталисттер тарабынан кабыл алынган мыйзамдар жана түзүмдөр «жалпы элдин каалоосу» деп бекитилди.

Илманийлер диндин коомго жана мамлекетке кандайдыр бир түшүнүктөрдү таңуулоосуна тыюу салышты. Ошону менен бирге, Гоббс өзү айткандай, мамлекеттин да кайсы бир ишенимди же иш-амалды таңуулоосуна тыюу салышып, аны амалий түрдөгү коомду башкарууга гана чектешти. Андай болсо, мыйзамдар жана конституциялар менен кайсы бир иш-амалды таңуулабоо түшүнүгүнүн ортосун кантип бириктирүүгө болот?

Чындыгында, табигый укук теориясын турмушка татбик кылуу сөзсүз түрдө түрдүү коомдук карама-каршылыктарга алып келет жана жогоруда айтканыбыздай, бийлик тарабынан кабыл алынган мыйзамдар жалпы элдин каалоосун жана тандоосун чагылдыра албайт. Ошондуктан, бул теорияны татбик кылуу мамлекеттик бийлик тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды мажбурий түрдө таңуулоо менен гана ишке ашат.

**Жетинчиден: демократиялык мамлекет менен либерализм ортосунда калыптанган маърифий карама-каршылык чабалдыгы:**

Демократия жана либерализм фикраттарын саясий жактан бири-бирине айкалыштыруу аракетинин натыйжасында үлкөн карама-каршылык келип чыкты. Анткени, демократия негизи мыйзамдарды иштеп чыгууда, колдонууда жана алардын негизинде өкүм кылууда көпчүлүктүн фикирине таянууну түшүндүрөт. Ал эми либерализм мунун тескериси. Анын фикирий негизи жекеликке, азчылыктарга жана эркиндиктерге таянат. Либерализм жеке эркиндикти фикирлердин жана мыйзамдардын негизи катары эсептейт. Мына ушул эки фикраттын айкалыштырылуусу жана либерализмге демократия үстүнөн артыкчылык берилүүсү демократияны негизсиз, бош жана өлүк фикратка айлантты.

Батыш түзүмү алгач азчылыкты эч кандай укуктук жана ахлакий негизи жок эле көпчүлүктүн фикирине моюн сундурууга негизделип, коомдо жамааттык ажырымды келтирип чыгарган эле. Андан кийин кайрадан өз негиздерине каршы чыгып, коомчулукка азчылыктын фикирин таңуулоого киришти. Алар муну демократия менен

либерализмдин айкалышуусу б.а. демократиялык либерализм деп аташты. Натыйжада, эч кандай укуктук жана ахлакий негиз жок эле адамдардын жеке кызыкчылыгы жана жеке эркиндиги жогору коюлуп калды.

Батыш түзүмү «жамааттык бирдиктүү кыйматтар жеке адамдын жашоо образына таңууланбашы керек» деген философияны либерализмдин негизи катары кабыл алды. Анткени, либерализм коомдук кыйматтарды белгилөөдөн келип чыккан коомдук биримдикти болтурбоого, ошондой эле, кээбир адамдар тарабынан кабыл алынган жашоо образын коомго таңуулабоого негизделген. Алардын көз карашында, мындай түшүнүк эркиндиктерди камсыз кылууга жол ачат жана жеке адамдын «фикирлөө, ойлоп табуу» мүмкүнчүлүктөрүн чектеп коюудан тосот.

Батыштык либералдык көз карашка ылайык, коом – жеке адамдардын жана азчылыктардын жыйындысы (азчылык дегенде сан жагынан эмес, балким күч жана таасир жагынан). Аялдар, майыптар, гомосексуалдар, иммигранттар, кара денелүүлөр, наристелер, кары-картаңдар, диний жана этникалык топтор, жумушчулар жана коомдун башка катмарлары «азчылыктар» катары эсептелет. Алардын ар бирине белгилүү укуктар берилген. Бирок алардын эч бири «көпчүлүк» болуп эсептелбейт жана башкарууга, мыйзам чыгарууга таасир өткөрө албайт. Бул эпистемологиялык демократия принциптерине каршы келет. Анан кантип жеке адамдардын кызыкчылыктарын четке каккан жана аларды көпчүлүктүн каалоосуна сокурларча ээрчүүгө мажбурлаган демократия менен коомго жеке адамдардын жыйындысы деп караган жана жамааттык баалуулуктардын жеке адамга таңууланусун четке каккан либерализмдин ортосун айкалыштырууга болот? Демократия жекеликке жана азчылыктын өкүмдарлыгына каршы турат, көпчүлүктүн каалоосуна тескери келген учурда жеке адамдардын же азчылыктардын акы-укуктарын жокко чыгарат, көпчүлүккө баш ийүүгө мажбурлайт жана жеке эркиндиктерди чектейт. Ал эми либерализм болсо көпчүлүктүн мыйзам чыгаруу тизгинин монополиялаштыруусуна тыюу салат, жеке эркиндикти жана жеке адамдардын укуктарын камсыздоого басым жасайт, ошондой эле, жеке адамдардын көпчүлүктүн каалоосуна ээрчип кетүүсүнө тыюу салат. Анан мына ушул бири-бирине карама-каршы келген эки бөлөк багытты бириктирүү мүмкүнбү? Стюарт Милл XVIII кылымга мүнөздүү болгон демократиялык тенденцияларды кабыл алуудан баш тарткандан кийин мындай деген: «Эркиндик көйгөйү демократиялык мамлекеттик ичинде тездик менен күчөп барууда... Өкмөт канчалык демократиялуу

болсо, жеке адамдардын эркиндиги ошончолук азаят». Жекелик жана азчылык фикратына басым жасаган өлкөдө сөзсүз түрдө коомдук бөлүнүү келип чыгат. Анткени, андай өлкөдө кандайдыр бир материалдык же моралдык (көпчүлүк сыяктуу) бийликке ээ болгондугу себептүү мыйзамдарды таңуулай алуучу субьект жок болот. Натыйжада, саясий майдан үстөм болгон азчылыктын т.а. саясатчылардын, капиталисттердин жана таасирлүү адамдардын колунда калып, алар өздөрү каалаган нерсени коомго таңуулай башташат.

**Сегизинчиден: демократия түзүмү бийликтердин биригүүсүнө жана бир ууч топтун колунда калышына жол бербөөдө ийгиликсиздикке кабылды**

Демократиялык түзүм бийликтерди үч бутакка бөлүүдө ийгиликсиздикке кабылып, иш жүзүндө бийликтин бардын бутактары бир ууч топтун колунда калды. Доктор Мухаммад Муфтий жана доктор Сами ал-Вакилдер бул тууралуу мындай дешкен: «Тирания көйгөйү бийликтерди бириктирүүдөн улам келип чыккан жок, балким Батыш фикириндеги туруктуу укуктук эрежелердин жоктугунан улам келип чыкты. Натыйжада, мыйзамдарды кабыл алуу жана ишке ашыруу жеке адамдын же башкаруучу топтун колунда калды. Алар болсо мыйзам чыгарууну өздөрүнүн кызыкчылыктарын ишке ашыруу жолунда курал катары колдоно башташты жана мунун кесепетинен жекелик тираниясы келип чыкты. Ал эми Ислам шарияты турмуштун бардык тармактары үчүн туруктуу болгон түзүмдөрдү жана мыйзамдарды алып келген. Ошондой эле, башкаруучуну ал туруктуу мыйзамдарды бузуудан кайтарып, аларды буза турган болсо башкаруучудан шаръий негиздеги жетекчи статусу алынарын баса белгилеген. Андай учурда, мусулмандар «харам иште залым өкүмдарга итаат кылынбайт» деген эрежеге ылайык, жетекчиге моюн сунуудан баш тартышат жана ага акыйкатка кайтуу үчүн насихат кылышат же болбосо «куфр баввах» көрүнгөн учурда ага каршы көтөрүлүшөт. Андан тышкары, шарият жарандарга жетекчини мухасаба кылуу жана мункардан кайтаруу укугун дагы берген».

Батыш өлкөлөрүндөгү түзүмдөргө назар сала турган болсок, алардагы бийлик бутактарынын бир ууч топтун т.а. парламенттин басымдуу бөлүгүн түзгөн жетекчи партиянын колунда калганына күбө болобуз. Анткени, аларда парламенттин басымдуу бөлүгү (мыйзам чыгаруу бийлиги) менен аткаруу бийлиги өкмөттү түзөт. Бул бийликтер өздөрүнүн башкаруу мөөнөтүндө мыйзам чыгаруу жана аларды аткаруу аркылуу мамлекеттин бардык ресурстарына

жетекчилик кылышат. Ошондуктан, мамлекет иш жүзүндө мыйзам чыгарууда дагы, аткарууда дагы жетекчи партиянын колунда болот.

Алар негиздеген бийликтин үч бутагы т.а. мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги иш жүзүндө бири-бирине көз карандысыз эмес, балким тыгыз чырмашып калганынын дагы бир мисалы: сот бийлигинин кызматкерлерин дайындоодо жана кызматтан алууда аткаруу бийлиги эң чоң жана башкы ролду ойнойт. Ошондуктан, аткаруу бийлигинин токтомуна ылайык дайындалган же иштен алынган соттор көпчүлүк учурда толук көз карандысыз боло алышпайт, анткени алардын көз карандысыз болушуна эч кандай кепилдик жок.

Андан тышкары, өлкө конституциясынын өзү бир топ мыйзам чыгаруу комитетинин өкүлдөрү жана соттор тарабынан кабыл алынат, алар болсо өз кезегинде конституцияны бекитүү үчүн парламентке кайрылышат. Мына ушунун өзү бийликтердин бири-бирине кийлигишүүсүнө шарт түзөт. Анткени, соттордун конституцияны түзүүгө кийлигишүүсү сот бийлигинин мыйзам чыгаруу бийлигине болгон кийлигишүүсү болуп саналат.

Ошондой эле, конституциялык сот мыйзам чыгаруу бийлиги тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды текшерип чыгып, конституцияга каршы келген мыйзамдардын кабыл алынышына тыюу салуу укугуна ээ. Сот бийлиги орнотулган учурда, анын башына конституциялык сот орнотулган. Конституциялык сот – бардык соттордун эң жогорку даражадагысы. Мыйзам чыгаруу бийлиги тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын конституцияга ылайык же каршы келишин териштирүүдөгү акыркы чечим конституциялык соттун колунда болот. Констиуциялык сот кабыл алынган мыйзамдардын аткаруу бийлиги тарабынан ишке ашырылышын дагы көзөмөлдөп турат. Анын үстүнө, конституциялык сот мыйзам чыгаруу бийлигинин өкмөткө т.а. аткаруу бийлигине карата ишенимин же ишенбөөчүлүгүн белгилөө укугуна ээ. Эгер конституциялык сот аткаруу бийлигине карата ишенбөөчүлүк билдире турган болсо, өкмөт кызматтан кетүүгө аргасыз болот. Ошондуктан, мыйзам чыгаруу бийлигинин ишенимине муктаж болгон өкмөт эч качан көз карандысыз боло албайт.

Бийликтин бутактарга бөлүнүшү жоопкерчилик принцибин жокко чыгарат. Натыйжада, көйгө келип чыккан учурда ар бир бийлик жоопкерчиликтен качып, келип чыккан көйгөйгө башка бийликти айыптоого, ошондой эле, жоопкерчиликти өзүнөн башкага жүктөөгө аракет кылат. Мына ушул жана башка фактылардан улам, Батыш түзүмдөгү бийликти үчкө бөлүү фикраты ийгиликсиздикке кабылды

жана бийликтин бир ууч топтун колуна чогулуп калышына алып келди.

**Беш негизсиз жокмоктор: дөөлөр, Феникс, суу периси, жарандык мамлекет жана ааламдардын көптүгү!**

Арабдарда байыртан үч нерсени негизсиз жомок катары санап келишкен: дөөлөр, Феникс жана бузулбас уксус. Бүгүнкү күнгө келип, алардын ичинен бузулбас уксус чыгарылып, анын ордуна суу перилери тууралуу мифтер, ааламдардын көптүгү тууралуу теориялар жана жарандык мамлекет түшүнүгү кошулду жана негизсиз жомоктордун бешөө болуп калды. Ооба, биз жогоруда айткыныбыздай, ааламдын жаралышы жана жашоонун башаты тууралуу аклий изилдөө жүргүзө турган болсок, улуу Жаратуучунун бар экендиги далилденет. Ошондой эле, булардын арасына бешинчи болуп кошулган негизсиз жомок – жарандык мамлекеттин куралышы. Башкача айтканда, демократия, илманийлик, либерализм жана капитализм түзүмдөрүнүн фикирий негиздерде бири-бирине каршы келбеген абалда айкалышуусу дагы негизсиз жомокко айланды. Бул түзүмдөрдүн айкалышуусу турмуштагы улуу максаттарды белгилөөдө, фикирий негиздеги түзүмдөрдү курууда, бийликти элдин колуна тапшырууда, мыйзамдуу мамлекетти түптөөдө жана күчтүүлөрдүн алсыздардын акысын жеп жашоосуна бөгө коюуда ийгиликсиздикке кабылды.

Жогоруда жана биринчи бөлүмдө айтылгандарды тыянактай турган болсок, демократиялык, илманий жана либералдык түзүмдөр куру кыялдарга гана негизделген. Бул түзүмдөр туура мыйзамдарды иштеп чыгууга жараксыз жана фикирий негиздерде бири-бирине төп келгис. Андан тышкары, бул түзүмдөр турмушта бар булуу укугунан айрылды. Анткени, алар башкарууну коомдогу таасирлүү катмарлардын кызыкчылыгына гана кызмат кылган саясий партиялардын колуна тапшырып, жалпы элдин каалоосун жана кызыкчылыктарын четке какты. Алар өздөрү түзгөн конституцияларга жана кабыл алган мыйзамдарга элдин моюн сунуусу үчүн укуктук негиз сунуштай алышпады. Натыйжада, бул кесепеттердин бардыгы туура негизге кайтуу зарылчылыгын келтирип чыгарды. Туура негиз – адамзаттын турмушу үчүн жарактуу болгон мыйзамдарды жана түзүмдү Илахий, Роббаний мыйзамдарга т.а. Ислам шариятына негиздөө!

(Уландысы бар). ❑

## РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫН ТҮРДҮҮ УРУУЛАРДАГЫ КҮЧ-КУБАТ ЭЭЛЕРИНЕН НУСРАТ ТАЛАП КЫЛУУСУН ЭСКЕРҮҮ ЖАНА АГА ЭЭРЧҮҮ

**Ал-Мубарак ибн Ахмад Яхя - Яман**

Расулуллах ﷺ Таифтен кайтып келгенден кийин, ажылык мезгилинде түрдүү араб уруулары менен жолугушуп, аларга Исламды түшүндүрүп, даъват кылат эле жана алардан Аллах Азза ва Жалланын Сөзүн жайылтуу үчүн нурсат-коргоо талап кылат эле. Ал ﷺ ар дайым уруулар чогула турган ажылык жана соода мезгилдеринде тынбай аракет кылат эле.

Расулуллах ﷺ алар менен жолгушууда максаттарды так белгилеп, кылдат жана тунук саясий даъваттык пландын негизинде иш туткан. Ал уруулар арасындагы кадыр-баркка жана күч-кубатка ээ болгон жетекчилер менен жолугушуп, өзү менен чогуу араб урууларынын тегин, абалын жана тарыхын мыкты билген Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنه жана Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه сыяктуу сахабаларды ээрчитип алат эле. Расулуллах ﷺ урууларга өз даъватын сунуштоосунан мурун, ал сахабалар уруулардын нусрат берүүгө жана коргоп алууга кадыр экендигин, күч-кубатынын жетиштүүлүгүн билүү максатында алардын башчыларына «Силердин кубатыңар канчалык? Канчалык деңгээлде согуша аласыңар? Саныңар канча?» деген суроолорду беришет эле.

Расулуллах ﷺ араб урууларын Исламга даъват кылууда Кинда уруусунан баштады. Андан кийин, бану Калб, бану Амир, Госсан, бану Фазара, бану Марро, бану Ханифа, бану Салим, бану Наср, бану Саълаба ибн Укаба, бану ал-Харис, бану Каъб, бану Узра, Кайс ибн ал-Хатим жана Абу ал-Юср Анас ибн Абу Рофиъ урууларын даъват кылды. Расулуллах ﷺ аларга кайрылып: «Ким мени өз коомуна алып кетип, Роббимдин рисалатын жеткиришим үчүн коргоп алат? Курайш уруусу Роббимдин рисалатын жеткирүүмө тыюу салышууда», - деп айтат эле[1].

Расулуллах ﷺ бул жолдо көптөгөн кыйынчылыктарга кабылды. Имам ат-Тирмизийдин риваятында Жабир ибн Абдуллах رضي الله عنه айткан: «Расулуллах ﷺ мавкифте (Меккедеги элдер чогулуучу жайда) туруп:

«ألا رجل يحملني إلى قومه؟ فإن قريشًا قد منعوني أن أبلغ كلام ربي»

**«Мени өз коомуна алып кетер киши барбы? Курайш уруусу Роббимдин рисалатын жеткирүүмө тыюу салууда»**, - деп айтар эле[2]. Пайгамбар ﷺ түрдүү урууларды Исламга даъват кылганда,

[1] Имам Ахмаддын «ал-Муснад» китеби (3-том, 492 – 493 беттер). Ибн Хишамдын «Сийрат» китеби (2-том, 64-бет).

[2] Ат-Тирмизий, Ибн Маажа жана Абу Дауд риваяты.

алардын көпчүлүгү терс жооп беришип «Аны өзүнүн коому жакшыраак билет да. Өз коому аны бузуку деп жатса, анан кантип бизди туура жолго баштамак эле?» деп айтышат эле. Андан тышкары, Курайш уруусу зыяратка келгендер арасында жалган-имиштерди таратышып, Расулуллах ﷺдын даъватына каршы маанайды жаратып турушкан. Бул нерселер Пайгамбар ﷺдын көңүлүнө абдан оор батар эле. Имам ат-Табарий өзүнүн «ал-Кабийр» китебинде Мудрик ибн Мунийбден, ал атасынан жана ал чоң атасынан мындай риваят кылган: «Мен жахилият доорунда Расулуллах ﷺдын «Оо адамдар, Аллахтан башка кудай жок деп айткыла, ийгиликке жетесиңер», деп жатканын уктум. Ошондо, айланадагы адамдардын кээбирлери анын жүзүнө түкүрүштү, кээбирлери ага кум чачышты, дагы башкалары болсо түрдүү сөздөр менен акаараттап кириштиi. Адамдар ага күн ортолоп калганга чейин түрдүү кыйноолорду көрсөтүштү. Андан кийин, бир жаш кыз ага (Расулуллах ﷺга) суу алып келип, анын жүзүн жана колдорун жууй баштады. Ошондо, Расулуллах ﷺ ал кызга: «Кызым, атаң жеңилип калат же кор болот деп коркпогун», - деп айтты. Мен жанымдагылардан «Бул ким?» деп сурасам, алар «Бул Расулуллах ﷺдын кызы Зайнаб, өтө нурлуу кыз», деп айтышты»[1]. Абу Жахл менен Абу Лахаб дагы Расулуллах ﷺга кыйноолорду үзгүлтүксүз көрсөтүп турушкан.

Мына ушул себептерден улам, Расулуллах ﷺ уруулар менен жолугушуу учурунда мушриктердин айла-амалдарынан кутулуу үчүн бир нече ыкмаларды колдонгон:

**1 - Уруулар менен түн ичинде жолугушуу.** Расулуллах ﷺ уруулар менен боло турган жолугушууларга мушриктер тоскоолдук кылбашы үчүн алар менен түнкүсүн жолугушууга аракет кылат эле. Аус жана Хазраж уруулары менен жолугушуу, ошондой эле, биринчи жана экинчи Акаба байъаттары түнкүсүн болуп өткөн.

**2 - Уруулардын турак жайларына барып жолугушуу.** Расулуллах ﷺ Курайш төбөлдөрүнүн чуу чыгаруусунан сактанып, Калб, бану Ханифа жана бану Амир уруулары менен ыңгайлуу шартта жолугушуу үчүн алардын турак жайларына барган.

**3 - Жардамчыларды ээрчитип алуу.** Кээбир уруулар менен сүйлөшүүлөрдө Расулуллах ﷺды Абу Бакр жана Али رضي الله عنهمалар коштоп барышат эле. Ал уруулар Расуллах ﷺ тууралуу «муну өз коомунан колдогон таасирлүү адамдары жана жакындары жок экен» деп ойлоп

[1] Имам ал-Бухарийдин «ат-Тарих ал-Кабир» китеби, 4-том, 14-бет. Имам ат-Табаранийдин «ал-Муъжам ал-Кабир» китеби, 20-том, 342-бет. «Муъжам ул-Заваид» китеби, 6-том,21-бет.

калбашы үчүн сахабаларды ээрчитип алган. Ошондой эле, ал сахабалар уруулардын тегин, тарыхын жана күч-кубатын жакшы билишкендиктен, алардын арасынан даъваттын оор жүгүн көтөрүп кетүүгө жарактуу болгон урууну туура тандоо зарыл эле.

**Расулуллах ﷺдын бану Амир уруусу менен сүйлөшүүлөрү:**

Сакиф уруусу Расулуллах ﷺдын даъватына жооп бербегенден кийин, ал даъват ишин бекемдөө үчүн башка күчтөрдү издей баштады. Ошентип, Расулуллах ﷺ Сакиф уруусу менен жаатташып, чырдашып турган бану Амир уруусу менен келишим түзүүгө бел байлады. Анткени, бану Амир уруусу күчтүү жана кадыр-барктуу болуп, Курайш, Хузаъ жана Сакиф уруулары сыяктуу эркин, падышаларга баш ийбеген жана салык төлөбөгөн 5 уруунун бири болгон. Сийрат аалымдарынын риваятына ылайык, бану Амир уруусунан болгон Байхара ибн Фирас мындай деген: «Эгер бул кишини Курайштын колунан (куткарып) ала турган болсом, аны менен бардык арабдарды жеп (жеңип) чыгат элем». Ал Расулуллах ﷺдын даъватын уккандан кийин, андан: «Эгер биз сага жана сенин диниңе ээрчий турган болсок, Аллах сени сага каршы чыккандарга үстөм кылып койгондон кийин, сенин артыңдан бизге бийлик калабы?» - деп сурады. Расулуллах ﷺ:

«الأمر لله يضعه حيث يشاء»

**«Бул иш Аллахтыкы, аны Өзү каалаган адамга калтырат»**, - деп жооп берди. Ошондо, бану Амирдин башчылары: «Сени коргоо үчүн биз арабдарга өз мойнубузду тоссок, Аллах сени үстөм кылгандан кийин, бийлик башкалардын колунда калабы? Анда бизге сенин диниңдин кереги жок», - деп айтышты да, Расулуллах ﷺдын талабына жооп берүүдөн баш тартышты[1].

**Расулуллах ﷺдын бану Шайбан уруусу менен сүйлөшүүлөрү:**

Имам Али ибн Абу Талиб رضي الله عنهдан риваят кылынышынча, ал мындай деген: «Аллах Таала Расулуллах ﷺды өзүн араб урууларына тааныштырууну буйруган кезде, мен дагы аны менен чогуу чыктым... Андан кийин, тынчтык жана чечкиндүүлүк үстөмдүк кылган бир чогулушка бардык. Абу Бакр алдыга чыгып «Бул кайсы уруу?» деп сурады. Алар «Шайбан ибн Саълабанын уруусу», деп жооп беришти. Абу Бакр Расулуллах ﷺга кайрылып «Ата-энем сиз үчүн курман болсун, булар чынында өтө айкөл эл», деп айтты. Отургандар арасында сөзгө чечен жана келбети сулуусу Мафрук дагы бар эле. Ал

[1] Ибн Хишамдын «Сийрат» китеби, 2-том, 66-бет. Абу Наъимдин «ад-Далаил» китеби, 215-бет. Ибн Саъддын «Мухтасар» китеби, 1-том, 216-бет. Имам ат-Табарийдин «ат-Тарих» китеби.

чачтарын эки желкесине жайып, ылдый жакта отурган эле. Абу Бакр алардан «Саныңар канча?» деп сурады. Отургандар арасынан Мафрук «Биз миңден ашабыз жана аздыгыбыз менен жеңилип калбайбыз», деп жооп берди. Абу Бакр «Силердин күч-кубатыңар канчалык?» деп сураганда, Мафрук «Биз душман менен беттешкен учурда өтө каардуу болобуз жана каарданган учурда душман менен өтө катаал беттешебиз. Биз балдардан көрө улоо-аттарды, даарылардан көрө курал-жарактарды артык көрөбүз. Аллахтын амири менен бирде жеңип, бирде жеңилип келебиз», деди да, Расулуллах ﷺга карап «Байкашымча, сен Курайш бир туугандарынан болсоң керек?» деп сурады. Абу Бакр ага жооп кылып «Силер Аллахтын расулу тууралуу кабарды уккандырсыңар? Мына, ал алдыңарда турат», деди. Андан кийин Мафрук «Эмнеге чакырып жатасың, оо Курайш бир тууганы?» деп сурады. Расулуллах ﷺ: «Мен силерди Аллахтан башка илах жок экендигине, мен Анын кулу жана пайгамбары экендигиме күбөлүк берүүңөргө чакырамын. Мени өз коргооңорго алып, мага нусрат берүүңөргө чакырамын. Курайш уруусу Аллахка каршы чыгып, Анын пайгамбарын жалганчыга чыгарууда жана акыйкатты таштап, жалганды ээрчүүдө. Акыйкатта, Аллах эч нерсе муктаж эмес жана бардык мактоолорго татыктуу», - деди. Бул сөздөрдөн жүрөгү жылый түшкөн Мафрук «Дагы эмнелерге чакырасың, оо Курайш бир тууганы? Аллахка касам, мындан жакшыраак сөздү уккан эмесмин», деди. Ошондо, Расулуллах ﷺ төмөнкү аятты окуду:

﴿قُلْ تَعَالَوْا۟ أَتْلُ مَا حَرَّمَ رَبُّكُمْ عَلَيْكُمْ ۖ أَلَّا تُشْرِكُوا۟ بِهِۦ شَيْـًٔا ۖ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَٰنًا ۖ وَلَا
تَقْتُلُوٓا۟ أَوْلَٰدَكُم مِّنْ إِمْلَٰقٍ ۖ نَّحْنُ نَرْزُقُكُمْ وَإِيَّاهُمْ ۖ وَلَا تَقْرَبُوا۟ ٱلْفَوَٰحِشَ مَا ظَهَرَ مِنْهَا وَمَا
بَطَنَ ۖ وَلَا تَقْتُلُوا۟ ٱلنَّفْسَ ٱلَّتِى حَرَّمَ ٱللَّهُ إِلَّا بِٱلْحَقِّ ۚ ذَٰلِكُمْ وَصَّىٰكُم بِهِۦ لَعَلَّكُمْ تَعْقِلُونَ ﴿١٥١﴾﴾

***«Айткын: «Келгиле, Раббиңер силерге арам кылган нерселерди окуп берейин. Ал затка бир да нерсени шерик кылбагыла; ата-энеге жакшылык кылгыла; балдарыңарды кембагалдыктан*** *(коркуп)* ***өлтүрбөгүлө – силерге да, аларга да Биз ырыскы беребиз; ачык да, жашыруун да бузукулук иштерге жакындабагыла; Алла*** *(өлтүрүүнү)* ***арам кылган жандыктарды өлтүрбөгүлө, бирок ак менен*** *(т.а өч алуу үчүн же динден кайтканы же никесиз зынаа кылганы үчүн шарият өкүмү менен өлтүрүшүңөр мүмкүн)****. Балким акыл жүгүртөрсүңөр деп силерди мына ушул нерселерге буюрду»*** [6:151]

Бул аяттарды уккандан кийин Мафрук «Аллахка касам, асыл адеп-ахлакка, аруу амалдарга чакырдың. Сени жалганчыга чыгарган жана сага каршы чыккан коом адилеттүүлүк кылбаптыр», деди да, сөз кезегин Хани ибн Кубайсага өткөрүп «Бул Хани, биздин аксакалыбыз

жана динибиздин башчысы», деп айтты. Хани ибн Кубайса Расулуллах ﷺга кайрылып «Айткандарыңды уктум, оо Курайш бир тууганы. Менин оюмча, сен келип кошулган мына ушул чогулушубуздан эле акыбетин ойлобой туруп, дароо өз динибизди таштап, сенин диниңе ээрчип кеткенибиз калыстык болбос. Шашылуунун арты жаңылуу дешет. Биз артыбызда калган эл менен кеңешпей туруп, алардын атынан келишим түзүүнү каалабай турабыз. Андыктан, биз өз элибизге кайтып баралы, сен да өз коомуңа кайт. Акыл калчап, ойлонуп көрөлү», деди. Андан кийин Хани сөз кезегин Мусанна ибн Харисага өткөрүп берүүнү каалап «Бул Мусанна, биздин аксакалабыз жана кол башчыбыз», деди. Кийинчерээк Исламга кирген Мусанна ибн Хариса رضي الله عنه маанилүү тиктеп алып, мындай сөз баштады: «Сөздөрүңдү уктум, оо Курайш бир тууганы. Аларга айтар жообум Хани ибн Кубайсанын өз динибизди таштап, сенин диниңе ээрчип кетишибиз тууралуу айткан жообу менен бирдей. Биз ал-Ямама жана ас-Самама деген эки түркүктүн ортосунда турабыз». Расулуллах ﷺ «Алар кандай түркүктөр?» деп сурады. Мусанна «Алар Кисра (Хосров) дарыялары жана араб суулары. Ал түркүктөр ортосунда айып кылган кечирилбейт. Кисра падышасы менен эч кандай жаңылык киргизбөөгө жана жаңылык киргизгенди коргообузга албоого келишим түзгөнбүз. А мен болсо сен чакырып жаткан нерсени көрүп, оо Курайш бир тууганы, анын падышаларга жакпас иш экенин көрүп турам. Эгер кааласаң, биз сени араб суулары аккан жерлерден гана коргоп кала алабыз», деди. Ошондо, Расулуллах ﷺ айтты:

«ما أسأتم في الرد إذ أفصحتم بالصدق، وإن دين الله – عز وجل – لن ينصره إلا من حاطه من جميع جوانبه، أرأيتم إن لم تلبثوا إلا قليلًا حتى يورثكم الله تعالى أرضهم وديارهم ويفرشكم نساءهم، أتسبحون الله وتقدسونه؟»

**«Чындыкты айтуу менен туура жооп кылдыңар. Акыйкатта, Аллах Азза ва Жалланын динине бардык тарабын камтып алуучулар гана нусрат бере алышат. Кыска убакыттан кийин Аллах Таала алардын жерлерин жана шаарларын силердин колуңарга, аялдарын силердин төшөгүңөргө салып бермек. Аллахты айып-кемчиликтерден аруулап, улуулайсыңарбы?»** - деди. Анын сөздөрүн угуп турган Нуъман ибн Башир «Аллахым сени ошол күнгө жеткирсин», деди»[1].

Бул окуялардан көрүнүп тургандай, Расулуллах ﷺ даъватты жана даъватчыларды коргоо үчүн, адамдар арасында даъваттын жайылышын кепилдөө үчүн, ошондой эле, даъватка жана аны ээрчигендерге зыян жетишинин алдын алуу үчүн нусрат талап кылган. Бул эреже Исламды толугу менен татбик кылуу аркылуу жер бетинде

[1] Абу Наъимдин «Далаил ан-Нубувва» китеби, 214-бет.

адилеттүүлүктү орнотуу үчүн бийликти, башкарууну жана жетекчиликти алуунун шаръий жолу. Расулуллах ﷺдын бийликти алуудагы тарыйкаты мына ушундай болгон. Эгер бул риваяттарга кылдат назар сала турган болсок, төмөнкү нерселер айкын болот:

1 - Нусрат талап кылуу Аллах Тааланын Өз расулуна болгон буйругунун негизинде ишке ашкан.

2 - Нусрат талап кылуу Расулуллах ﷺдын жубайы Хадижа رضي الله عنها жана Курайштын кыйноо-азаптарынан коргоп турган абакеси Абу Талиб өлгөндөн кийин башталган. Анткени, коргой турган күч жок болсо, даъватты көтөрүп чыгуучу адам олуттуу аракет кыла албайт жана анын даъватынын жайылуусуна ыңгайлуу шарт түзүлбөйт.

3 - Расулуллах ﷺ нусрат берүүгө даяр болгон күчтөрдүн эч бирине сыйлык же акы катары башкарууну жана бийликти берүүнү убада кылган эмес. Анткени, Исламий даъват Аллах үчүн гана болот. Ошондуктан, Исламга кирген жана ага нусрат берүүгө даяр болгон адам оболу Аллахка ихлас кылуусу, өз амалдарын Анын ыраазычылыгы үчүн гана аткаруусу шарт.

Андыктан, урматтуу мусулман бир туугандар, даъват жүгүн көтөрүүчү адам өз жолунда түрдүү кыйынчылыктарга жана тоскоолдуктарга кабыларын билүүсү шарт. Бул жолдо бизден жигердүүлүк, ихлас, чыдамкайлык жана талыкпас мээнет талап кылынган. Бул жолдун аягында бизди Аллах Азза ва Жалланын ыраазычылыгы жана акыретте кеңдиги асмандар менен жерге тең болгон бейиш күтүп турат. Акыретке кеткенге чейин, бул убактылуу дүйнөдө мээнет кылып калалы. Ал жакка баргандан кийин ар бир адам «Оо Роббим, мени артка кайтарчы, калтырып кеткен солих амалдарымды аткарайын», деп жалынары анык. Демек, азыркы мүмкүнчүлүгүбүздү колдон чыгарбай, солих амалдарга шашылалы. Аллах Тааладан бизди тез арада келүүчү Ислам мамлекетинин тикеленешине салым кошуучулардан кылуусун сурайбыз. Акыйкатта, бул Аллахтын убадасы жана Анын убадасы сөзсүз түрдө ишке ашат. Аллахтын изни менен пайгамбарлык минхажындагы экинчи рошид Халифалык жер жүзүндө адилеттүүлүктү орнотот, мазлумдарды куткарат, Исламды жана мусулмандарды азиздикке алып чыгат. ❑

## «Израилдик» жазуучу: Ливан менен газ келишими даяр жана жарыя кылынуу алдында

Араб өлкөлөрү иштери боюнча эксперт, «израилдик» жазуучу Смадар Пери «Yedioth Ahronoth» гезитинде жарыяланган, «Arabi 21» маалымат агенттиги тарабынан которулган макаласында Америка – «израил» ортомчусу Амос Хохштейндин Ливан менен «израил» ортосундагы мунай кендерин бөлүштүрүү боюнча сүйлөшүүлөрдү улантып жатканын жазды. Анын айтымына караганда, «Кареш» талаасы «израилге», ал эми «Кана» талаасы Ливан жетекчилигине өтөт жана Хохштейн бул маселени атайын көмүскөдө калтырууда. Жазуучу Смадар Пери өз макаласында буларга токтолду: «Мунай кендерин активдештирүү боюнча «макулдашуу» 1-ноябрда «израил» Кнессетине болуучу шайлоодон, ошондой эле, Ливан президенти Мишель Аундун 6 жылдык мөөнөтүнүн бүтүшүнөн кийинкиге калтырылды. Бул макулдашуунун кошумча өнөктөшү болгон «Хизболла» бардык деталдарды кылдат күзөтүп баруу менен чектелбестен, «Кареш» операциясынын ишке түшүрүүсүн жарыялоого чейинки саналуу күндөрдү дагы пайдаланарын айтып, коркутууда. «Хизболланын» артында турган Иран мамлекети ага курал-жарак жана акча каражат бөлүп берүүнү убада кылды. Бул жерде жалпы көйгөй бар: «израилде» кезектеги премьер-министр ким болору белгисиз, ошондой эле, Ливанда дагы президенттик кызматка ким көбүрөөк добуш алары суроо астында. «Израилдиктер» Ливан башкы штабынын жетекчиси Жозеф Аунду эң идеалдуу талапкер катары көрүшүүдө. Белгилүү болгондой, эгер Жозеф Аун бийликке келсе, «изараил» менен болгон макулдашууну колдойт жана саясий жаатта андан дагы көбүрөөк кызматташууларга барышы мүмкүн. Биз кимге ишенебиз? Макулдашуу ишке түшө элек жатып «израилди» кейиштүү акыбет менен коркутуп жаткан Насруллахкабы? Же ливандыктарды, атап айтканда, Хизболланы эскертип жаткан «израил» коопсуздук министри Бенни Ганцкабы? Же болбосо макулдашуу кагаздарын өз нугунда калтыруусун жана бул кызматташууларга позитивдүү көз караштa экендигин билдирип жаткан Амос Хохштейнгеби?».

**Ал-Ваъй:** Ушул күнгө чейин «душмандыгын» айтып келген өлкөлөр «израилди» түрдүү, жийиркеничтүү формалар менен тааный башташты. Бул кабар дагы Иран бийлигинин «израилди» таануусунун бир формасын көрсөтүп турат. Буга чейин «изарилдин» мамлекеттүүлүгүнө каршы күрөшүп келген Иран мындан ары чек аралар үчүн күрөшүүгө өттү.

## Индиядагы Болливуд мусулмандарга каршы тукуруу куралы катары колдонулууда

Америкалык «Global Village Spice» веб-сайты Исламабаддагы Стратегиялык изилдөөлөр институтунун изилдөөчүсү Махмуд Али даярдаган баяндаманы жарыялады. Автор өз баяндамасында Индиядагы мусулман азчылыгына карата өздөрүнүн негизсиз жырткычтыктарын жана зомбулуктарын актоо үчүн массалык маалымат каражаттарын пропагандалык курал катары пайдаланган индиялык диний экстремисттер жана ашынган улутчулдар тууралуу сөз кылган. Аталган веб-сайт жарыялаган жана «Arabi 21» маалымат агенттиги которгон бул баяндамада айтылышынча, жалган кабарларды фальсификациялоо жана жайылтуу жаатында Индия бурмаланган телеберүүлөрдүн фабрикасы катары таанылган, ошондой эле, азыркы учурдагы премьер-министр Нарендра Моди өлкөдөгү мусулман азчылыктарын жек көрүүчү жана бузуку катары көрсөтүү үчүн ММКларды жана кино индустриясын тукуруу куралы катары колдонууда. Болливудда «тарыхый окуяларга негизделген» деген шылтоо астында мусулмандарга жана христиандарга каршы маанайда тартылган кинолордун узун тизмеси бар. Ал кинолордун максаты көрүүчүлөрдүн мээсин айлантып, аларды өлкөдөгү азчылыктардын курмандыгы болуп жатышканына ынандыруу. Бхаратия Жаната партиясынын (БЖП) өкмөтү, ошондой эле, индус улутчул идеологдору жана экстремисттик диний лидерлер нацисттик Германиянын изин ээпчип баратышат. Болливуд кинолорундагы азчылыктарды бутага алуу тенденциясынын күчөшү өлкөдө ажырымдын кеңейишине гана алып барат.

**Ал-Ваъй:** Индия өкмөтү мусулмандарга каршы алып барган расисттик саясаты менен «израил» жетекчилеринен дээрлик айырмаланбайт. Индияда жашаган мусулмандардын саны ондогон миллионду түзөрүн эске ала турган болсок, бул кутурган кампаниялар кеңири жайылган фитна долбоорлору жана Исламга каршы дүйнөлүк согуштун бир бөлүгү экендиги ашкере болот.

## «Haaretz»: Бийлик коопсуздук күчтөрү Иорданияда Америка көзөмөлү астында даярдыктан өтүшкөн

«Израилдик» «Haaretz» гезити жарыялаган макалада журналист Амос Харел Фалестин бийлигинин коопсуздук күчтөрү жакында Иордания борбору Амманда, Америка көзөмөлү астында даярдыктан өткөнүн маалымдады. «Фалестин коопсуздук органдарынын ой жүгүртүүсү өзгөрүп бара жатканы «израил» коопсуздугун кабаатырга

салууда. Анткени, Фалестин коопсуздук органдары Батыш жээктеги каршылык көрсөтүүчү согушкерлер менен бир тараптуу мамиле кылышып, «израил» менен координациялоо иштеринин алсырашына өбөлгө түзүшүүдө», деп айтылат гезиттин маалыматында. Ошону менен бирге, аталган гезит төмөнкүлөрдү маалымдады: «Жакында «израил», Фалестин бийлиги жана Кошмо Штаттар Фалестин коопсуздук органдарынын күчүн жакшыртуу боюнча мындан аркы кадамдарды талкуулашты. Ошондой эле, «израил» Фалестин коопсуздук органдарынын куралдуу топтор алдында күч-кубатын жогорулатуу максатында курал-жарактарды жана ок-дарыларды өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. Андан тышкары, «Хамас» жана «Исламий жихад» сыяктуу куралдуу согушкерлерге каршы туруу үчүн атайын даярдалган жана куралданган фалестиналык күчтөрдү түзүү идеясы дагы сунушталды. Мындан ары Фалестин бийлиги менен «израил» ортосунда жогорку деңгээлдеги коопсуздук сүйлөшүүлөрү уланып турмакчы. Бирок, азыркы учурда «израилдик» форумдарда Фалестин коопсуздук органдары менен иштешүү тууралуу бирдиктүү пикир жок. Ошондой эле, Фалестин коопсуздук органдары менен тыгыз иштешүүнү сактап калуу үчүн аларга ашыкча ыйгарым укуктарды берүү, же болбосо, аларды этибарга албай, Батыш жээкте коопсуздукту орнотуу үчүн масштабдуу операция баштоо маселелеринде дагы талаш-тартыштар бар».

**Ал-Ваъй:** Фалестинде эле эмес, жалпы мусулман өлкөлөрүндөгү саясий режимдердин абалы мына ушундай. Бул бийликтин мусулмандарга карата кыянаттарынын ачыкка чыккандары гана, жашыруун кылмыштары мындан да көп. Тез күндө, бийликтин шаръий милдеттери аткарыла турган жана мусулмандардын шаръий укуктары корголо турган күн келет, ин шаа Аллах.

## «Изарилдин» Сисиге тынсыздануусу... «yedioth»: «Колдорубуз көкүрөгүбүздө»

Яхудий гезити Мисирде болуп жаткан ири кризистер себептүү өлкө президенти Абдулфаттах Сиси башынан өткөрүп жаткан оор кырдаал тууралуу түрдүү «израилдик» форумдарда тынчсыздануулар болуп жатканын кабарлады. Ал эми яхудий гезити «Yedioth Ahronoth» жарыялаган редакциялык макаласында араб өлкөлөрү иштери боюнча эксперт, «израилдик» журналист Смадар Пери мындай деди: «Президент Сисинин 2022-жылдын 8-сентябрында сүйлөгөн сөзү анын 8 жылдык башкаруу мөөнөтүндөгү эң оор, эң кейиштүү жана эң түйшүктүү билдирүүсү болду. Учурда Нил дарыясын бойлогон Мисир

өлкөсү түрдүү көйгөйлөр себептүү оор күндөрдү баштан өткөрүүдө. Мисалга алсак, Орусия жана Украинадан келип турган буудай импортунун токтошу, Миср фунтунун кадырсызданышы, туризмди кайра жандандыруудагы чабалдык ж.б.». Аталган гезит президент Сисини коргоо иретинде төмөнкүлөрдү жазды: «Сисини ондогон миллион акча каражаттарын туура эмес сарптоодо, көз боёмочулукта, ээлеген кызматын туура эмес жолдордо пайдаланууда, жең ичинен көптөгөн акчаларды кымырууда жана ал акчаларды элдин эсебинен сарптоодо айыптагандар бар. Бирок, чын-чынына келгенде Мисир сыяктуу жакыр өлкөнү бутка тургузуу үчүн чечимдерди табуу өтө оор. Мисирге (Сисиге) жардам берүү үчүн «израил» эмнелерди кыла алат? Колдорубузду көкүрөктөрүбүзгө коюдан башка аргабыз жок. Биз 107 миллион калкы бар өлкө үчүн мындан башка жардам бере албайбыз. Биз жогорку деңгээлдеги боорукердикти гана көрсөтүп, аларды табалабай турганыбыз эң чоң жардам. Жада калса, Каир менен Тель-Авив ортосунда саясий кризис жүз бере турган болсо дагы, бир сабырдуулук кылып, алар баштан кечирип жаткан оор жүктү түшүнүү менен кабыл алышыбыз керек. Сиси аны менен сүйлөшүүгө мүмкүн болгон кадырлуу коңшубуз. Ошондой эле, анын оң колу болгон Мисир чалгын кызматынын министри Аббас Камил менен дагы жылуу мамиледе боло алабыз. Бүгүн президент Сиси экономикалык жардам суроо максатында Катарга барат. «Израил» Сисинин Перс булуңуна болгон иш сапары ийгиликтүү аяктайт деп үмүт кылышы зарыл». Сөзүнүн соңунда, Смадар Пери Мисирдеги кризистердин кесепеттерин эске алып «Мисир кризисинин кесепеттери биз үчүн дагы оор сценарий болорун унутпашыбыз керек», деди.

**Ал-Ваъй:** Аллах Таала мусулмандар үчүн эң чоң душман деп сыфаттаган яхудийлердин Сиси тууралуу мындай сөздөрдү айтуусу жана ал үчүн тынчсыздануу менен колдорун көкүрөктөрүнө коюусу Аллахтын жана Ислам Умматынын алдында Сисинин зыянына болгон күбөлүк!

## 10 жылдык үзгүлтүктөн кийин… Хамас Сирия режими менен алакаларын кайра жандандырууда

Фалестиндеги Исламий Каршылык Кыймылы – ХАМАС Сирия режими менен «бекем карым-катнаштарды курууну жана өнүктүрүүнү» кайра жандардырып жатканын билдирди. Кыймыл расмийлеринин айтымында, мындай билдирүү «Умматка жана анын көйгөйлөрүн чечүүгө, алардын ичинен эң орчундуу болгон Фалестин көйгөйүн чечүүгө кызмат кылуу үчүн боордош Сирия режими менен алакаларды

кайра жандандыруу» чечиминин алкагында жарыяланды. Кыймылдын расмий баяндамасында төмөнкүлөр айтылат: «Кыймыл сионисттердин боордош Сирия өлкөсүнө каршы душмандыгын, ошондой эле, бомбалоо, өлтүрүү, талкалоо, жерлерин басып алуу, майда бөлүктөргө бөлүп жиберүү жана анын Фалестин маселесиндеги олуттуу тарыхый ордун жок кылуу аракеттерин көрүп жатканын күзөтүп турат. Сирия ондогон жылдар бою Фалестин элин жана андагы каршылык күчтөрүн өз кучагына алып келди. Мына ошондуктан, ырайымсыз агрессияга кабылып жаткан Сирия менен чогуу болушубуз зарыл. Биз араб жана Ислам Умматы менен, ошондой эле, сионисттерге каршы күрөшүбүздү колдоп жаткан бардык тараптар менен алакаларыбызды жакшыртууга жана өнүктүрүүгө куштарбыз, бул – биздин өзгөргүс стратегиябыз. Фалестин элин жана анын адилеттүү максаттарын ар дайым колдоп келген Сирия Араб республикасынын жетекчилигине жана элине сый-урматыбыз чексиз. Сириянын араб жана Ислам Умматы алдындагы өз ордун кайрадан тикелөөсүнө убакыт келип жетти. Биз Сирияда тынчтык жана туруктуулук орношуна, ошондой эле, анын гүлдөп-өсүшүнө колубуздан келген салымыбызды кошобуз. Биз сионисттердин Сирияга каршы үзгүлтүксүз агрессиясын каралайбыз жана бул агрессияга боордош Сирия эли менен чогуу каршылык кылабыз. Биз Сириянын аймактык жана элдик бүтүндүгүн колдойбуз, ошондой эле, ага зыян жеткирүүчү аракеттердин бардыгына каршы турабыз. Ислам Умматынын кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана көйгөйлөрүн чечүү үчүн өз ара күрөштөрдүн баарына чекит коюу, ошондой эле, ал күрөштөрдү келтирип чыгаруучулар, мамлекеттер жана ар кандай күчтөр ортосунда олуттуу диалог жана өз ара түшүнүшүү аркылуу элдешүүгө келүү зарыл. Биз сионисттердин Умматыбызды бөлүп-жаруу жана байлыктарыбызды талап-тоноо максатындагы жийиркеничтүү пландарына каршы улуттук, арабдык жана Исламий биримдик астында бир сапта тизилишибиз зарыл». Үстүбүздөгү жылдын июнь айында «Anadolu» маалымат агенттиги фалестиндик булактарга таянуу менен ХАМАС жана Сирия режими 10 жылдык үзгүлтүктөн кийин кызматташуунун жаңы барагын ачып, алакаларды калыбына келтирүүгө камданып жатышканын билдирген. Эскерте кетсек, ХАМАС кыймылы 2011-жылдын март айындагы Сирия козголоңу башталгандан бир жыл өткөндөн кийин, 2012-жылдын феврваль айында Дамасктан чыгып кетүү чечимин кабыл алган.

**Ал-Ваъй:** ХАМАСтын мындай кадамынын артында Хизболла жана анын артында Иран турат. Алардын баарынын артында болсо

Американын канкор Сирия режимин регионго алып кирүү чечими турат. Кыймылдын мындай бурулушун башкалар айыптай электе эле, бул бурулуш өзүн-өзү айыптап турат. Анткени, билдирүүдө айтылган сөздөрдүн бардыгы кыймылдын ушул күнгө чейин «ката» кылып келгенине далалат кылууда. «10 жылдык үзгүлтүктөн кийин... ХАМАС Сирия режими менен алакаларды кайра жандандырууда».

## Путин: Ислам өлкөлөрү глобалдык маселелерди чечүүдө Орусиянын салттуу өнөктөшү

Орусиянын президенти Владимир Путин Казан дүйнөлүк жаштар саммитинин катышуучуларын куттуктоо телеграммасында Ислам өлкөлөрүн Орусиянын глобалдык маселелерди чечүүдө салттуу өнөктөшү деп атады. Кремлдин расмий сайтында жарыяланган телеграммада Путин мындай деген: «Ислам ааламынын мамлекеттери аймактык жана глобалдык күн тартибиндеги көптөгөн актуалдуу маселелерди чечүүдөгү, ошондой эле, адилеттүү жана демократиялуу дүйнө тартибин куруу жолундагы биздин салттуу өнөктөшүбүз». «Russia Today» агенттигинин маалыматына ылайык, Путин өз сөзүндө «Мына ушундай көп кырдуу жана конструктивдүү кызматташууларга жаштардын дагы да көбүрөөк, активдүү катышуусу абдан маанилүү. Казанга ар түрдүү коомдук уюмдардын, илимий изилдөө борборлорунун жана жаштар саясаты боюнча мамлекеттик органдардын өкүлдөрү болгон ондогон өлкөлөрдөн делегаттар келди. Казандын Ислам Кызматташтык Уюмунун жаштар борбору болуп тандалышы Орусиянын бул уюм менен болгон мамилесинин жогорку деңгээлде экендигин тастыктайт», деп кошумчалады. Ошондой эле, Путин 27 – 30-август аралыгында болуп өтүүчү «Казань – Ислам Кызматташтык Уюмунун Жаштар борбору – 2022» саммити Орусия менен Ислам өлкөлөрү ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жана ишенимди чыңдоого салым кошорун баса белгилеп, иш-чаранын катышуучуларына ийгилик жана бакубатчылык тилерин айтты.

**Ал-Ваъй:** Эл аралык күрөштө Ислам тарапка мындай көңүл буруу мусулмандардын эл аралык майданда таасирлүү экендигин жана бул жаатта аларды ийгиликтүү пайдалануу мүмкүн экендигин көрсөтүп турат. Ошону менен бирге бул абал мусулмандардын алсыздыгын жана башкалар аларды өз кызыкчылыгы жолунда пайдаланып жатканын айгинелейт. Ошондуктан, мусулмандар дүйнө жетекчилигин колго алуу тууралуу баш катыруулары керек. Бул ишке мусулмандар гана татыктуу, анткени алардын дини жана түзүмү ааламдар жаратуучусу Аллах тарабынан түшүрүлгөн. ❑

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

Аллах Таала айткан:

﴿قَدْ كَانَ لَكُمْ ءَايَةٌ فِي فِئَتَيْنِ ٱلْتَقَتَا ۖ فِئَةٌ تُقَٰتِلُ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَأُخْرَىٰ كَافِرَةٌ يَرَوْنَهُم مِّثْلَيْهِمْ رَأْىَ ٱلْعَيْنِ ۚ وَٱللَّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصْرِهِۦ مَن يَشَآءُ ۗ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَعِبْرَةً لِّأُو۟لِى ٱلْأَبْصَٰرِ ١٣﴾

***«Силер үчүн бири Алла жолунда согушкан, экинчиси каапыр болгон эки топ арасындагы кагылышууда аят-белги болгон эле. Алар*** *(мусулмандар)* ***өз көздөрү менен*** *(каапырлардын)* ***эки эсе көп экенин көрүп турушкан эле. Алла болсо Өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, бул*** *(окуяда)* ***пикир ээлери үчүн ибрат-үлгү бар»*** [3:13]

Шайх Мухаммад Мутавалли аш-Шаъравийдин (Аллах аны ырайымына алсын) тафсиринде бул аят тууралуу мындай деп айтылган: «Аллах Таала айтты:

﴿قَدْ كَانَ لَكُمْ ءَايَةٌ﴾

***«Силер үчүн бири аят-белги болгон эле».***

Бул аяттагы хитаб (кайрылуу) кимге каратылган? Шек-күмөнсүз, аяттын уландысында айтылган окуядан кийин келгендердин баарына, момун болсун, кафир болсун, айырмасыз. Бул аят момун үчүн Аллахтан боло турган нусрат эч кандай себепсиз болсо дагы, сөзсүз түрдө келерин баяндайт. Ал эми кафир үчүн бул аят Аллах Таала аларды эч себепсиз болсо дагы, сөзсүз түрдө жеңилүүгө дуушар кылары тууралуу ибрат-үлгү болот. Аллах Таала ал окуяны аят-белги кылып койду. Ал эми аят-белги болсо адамзаттын күтүүсүнө ылайык эмес, балким таң каларлык жана күтүүсүз абалда ишке ашат.

Ооба, бул хитаб согушуп жаткан эки топтун т.а. ыйман жана куфр тобунун ар бири үчүн өзүнө жараша ибрат-үлгү. Момундар бул аят аркылуу хак менен батыл ортосундагы согушта маддий (материалдык) себептер жеңиштин кепилдиги эмес экендигин, Аллах Таала тарабынан түшүрүлгөн, момундар көрө албай турган аскерлер бар экендигин түшүнүшөт. Ошондой эле, бул аят кафирлердин «бизде жеңишти кепилдеп берүүчү сан жана даярдык жактан себептерибиз жетиштүү», деген сөзүнүн каталыгын ашкере кылат. Анткени, буга чейин хак менен батыл ортосунда мындай согуш болгон жана жеңиш – маддий себептердин аздыгына карабай – хак тарапта болгон.

Аятта айтылган «فِئَةٌ» (фиатун) сөзүн укканда адамдардын тобун түшүнөбүз, бирок ал топ жөнөкөй эле жамаат эмес, балким анын өзүнө жараша өзгөчөлүктөрү болот. Кээде адамдардан чогулган жамаат болот, бирок алардын ар бири турмуштук иш-аракеттеринде өз-өзүнчө болушат. Бирок, аяттагы «فِئَةٌ» (фиатун) сөзү бир иш үстүндө бириккен жамаатты түшүндүрөт. Согуштан башка учурда адамдардын ар бири өз-өзүнчө болуп, бири-биринен айырмалуу түрдө турмуш кечиришет. Ал эми «فِئَةٌ» (фиатун) сөзү – бир иш жана бир максат үстүндө бирдиктүү аракеттенген адамдардын тобу. Согуш мына ушундай бирдиктүү аракеттин эң кылдат көрүнүшү. Анда ар бир топ бир аракеттин, бир иштин жана бир максаттын үстүндө биригишет. Анткени, согушта жеке адам өз алдынча өз жанын коргой албайт жана жамаатка кайрылууга аргасыз болуп, жамааттан ажырай албайт. Ал эми жай турмушта адамдар өз муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жамааттан ажыралган абалда жашай берет.

Демек, «فِئَةٌ» (фиатун) сөзү бир иш үстүндө бириккен адамдардын тобун түшүндүрөт. Бул сөз көбүнчө согуш учурунда, согуш майданында беттешкен жааттарга карата колдонулат. Аллах Таала аятта айтты:

﴿قَدْ كَانَ لَكُمْ ءَايَةٌ فِي فِئَتَيْنِ ٱلْتَقَتَا﴾

***«Силер үчүн эки топ арасындагы кагылышууда аят-белги болгон эле»*** т.а. эки топ ортосунда кагылышуу болуп өткөн. Аяттын уландысында ал эки топтун акыйкаты баяндалды:

﴿فِئَةٌ تُقَٰتِلُ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَأُخْرَىٰ كَافِرَةٌ﴾

***«Бири Алла жолунда согушкан, экинчиси болсо каафир».***

Бул Куран аятынын маанисине кылдат назар сала турган болсок, анда Аллах жолунда согушкан топтун момун экендиги эскерилген эмес, бирок экинчи топтун кафир экендиги айтылган. Мунун себеби, Аллахтын жолунда согушкан топ – момун экендиги эскерилбесе дагы – сөзсүз түрдө момун болушу шарт. Ошондой эле, Аллах Таала кафир топту шайтандын жолунда согушкандар деп сифаттаган жок. Анткени, алардын кафирлигинин өзү шайтандын жолунда согушуп жатышканын айгинелеп турат. Демек, аят экинчи – кафир топтун сыфаты аркылуу Аллахтын жолунда согушуп жаткан топтун сыфатын баяндап койду. Анткени, кафирдин тескериси – момун. Ошондой эле, момун топтун Аллах жолунда согушуп жатканын айтуу менен кафир топтун шайтан жолунда согушуп жатканын баяндады. Бул ыкма араб тилинде «احتباك»

(ихтибак – камтып алуу) деп аталат[1]. Бул ыкмага ылайык, экинчи нерседе бар болгон сыфатты атоо менен биринчи нерседеги сыфат камтып алынат жана эскерилбейт, ошондой эле, биринчи нерседе бар болгон сыфатты атоо менен экинчи нерседеги сыфат камтып алынат жана эскерилбейт. Аятта бул ыкманын колдонулуусунун себеби – сөздөрдүн кайталануусуна (тафталогияга) жол бербөө. Ошентип, Аллахтын жолунда согушкан топтун момун экендиги жана кафир топтун шайтандын жолунда согушуп жаткандыгы түшүнүктүү болду. Мына ушул нерселерден келип чыгып айта турган болсок, аяттын мааниси төмөндөгүчө: «Силер үчүн эки топ арасындагы кагылышууда аят-белги болгон эле. Бул белги өтө ажайып жана таң калыштуу, анткени ал вакыйлык себептери мантыгына (реалдуулук логикасына) төп келбейт эле. Момун топ менен кафир топ кагылышкан учурда сан жагынан чектелүү болгон момун топ өзүнүн максаты – Аллахтын жолунда согушуусу себептүү шайтандын жолунда согушуп жаткан кафир топтун үстүнөн жеңишке жетти.

Андан кийин, Аллах Таала айтты:

﴿يَرَوْنَهُم مِّثْلَيْهِمْ رَأْيَ ٱلْعَيْنِ﴾

***«Алар өз көздөрү менен эки эсе көп экенин көрүп турушкан эле»***

Биздин алдыбызда эки топ турат. Алардын кимиси кимди көрүп турду? Тактап айтканда, көрүүчү ким жана көрүнүп тургандар ким? Эгер көрүп тургандар момундар болсо, көрүнүп тургандар кафирлер болот. А эгер көрүп тургандар кафирлер болсо, анда көрүнүп тургандар момундар болот. Бул аятты эки мааниде тең түшүнүүгө болот.

Эгер аятта көрүп тургандар деп кафирлер айтылган болсо, алардын көзүнө момундар өздөрүнөн эки эсе көп болуп көрүнгөн. Эгер кафирлердин саны миң болсо, момундардын саны эки эсе көп т.а. эки миң болуп көрүнгөн. Ошондой эле, бул аятта көрүп тургандар деп момундар айтылган болушу дагы мүмкүн. Андай болсо, сан жактан алсыз болгон момундар кафирлердин өздөрүнөн эки эсе көп экендигин көрүшкөн болот. Андан тышкары, аяттын маанисинде кафирлер мусулмандардын санын эки эсе көп көргөн болушу дагы ыктымал. Тактап айтканда, мусулмандар ал согушта (Бадр согушунда) 314 адам болушкан болсо, алар кафирлердин көзүнө 618 адам болуп көрүнгөн болушу мүмкүн.

[1] احتباك - тилдик мааниси камтып алуу. Араб тилинде «эки бөлөк нерсени айтууда биринде болгон сифатты
эскерүү менен экинчисиндеги сифатты камтып алуу» ыкмасы.

Эгер аяттагы «***эки эсе көп***» деген сөз момундар тууралуу айтылган деген маанини алсак, анда момундар кафирлердин көзүнө 620 чакты адам болуп көрүнүшкөн болот. Эгер «***эки эсе көп***» деген сөз кафирлер тууралуу айтылган деген маанини алсак, анда момундар кафирлердин эки миң экендигин көрүшкөн болот.

Мындан көздөлгөн максат эмне? Арийне, Аллах Субханаху ва Таала курф менен ыйман ортосундагы беттешүү тууралуу, ошондой эле, ыйманга куфр үстүнөн нусрат-жеңиш бериши тууралуу баяндап жатат. Айрым Куранга таш ыргытуучулар: «Курандын бир аятында **«*Алар өз көздөрү менен эки эсе көп экенин көрүп турушкан эле*»**, деп айтылса, дагы башка жеринде «*(Эй Мухаммад),* ***сага түшүңдө Алла аларды аз көрсөткөнүн эсте! Эгер сага аларды көп көрсөткөндө, албетте силер суз тартып калган жана бул иш*** *(каапырларга каршы согушка чыгуу)* ***туурасында кетенчиктеп калган болоор элеңер. Бирок Алла силерди мындан сактады. Албетте, Ал дилдерди ээлеп алган сырларды билүүчү.*** *(Эй момундар)* ***Алла жасала турган жумушту ишке ашыруу үчүн кагылышкан чагыңарда силердин көзүңөргө аларды аз кылып көрсөткөнүн, алардын көздөрүнө болсо силерди аз кылып койгонун эстегиле! Бардык иштер Аллага кайтарылат*»** деп айтылууда», - дешет. Арийне, биринчи аяттагы «көп көрсөтүү» момундарга дагы, кафирлерге дагы айтылган. Ал эми экинчи аятта болсо момундарга дагы, кафирлерге дагы бири-бирин «аз көрсөтүү» айтылган. Куранга шек келтирүүчүлөр «Кантип эле Куран бир окуя тууралуу эки башка нерсени айтууда?» дешет. Аларга жооп катары мындай дейбиз: «Силердин акыл жүргүзүүңөр чабал. Анткени, согушка кирер алдындагы кайраттуулук менен согуш учурундагы амалий жана маънавий рухтун ортосунда үлкөн айырма бар. Аллах Субханаху ва Таала мына ушул эки башка абал тууралуу сөз кылууда. Согуштун алдында Аллах Таала эки тарапты бири-биринин көз алдында аз кылып көрсөттү. Анткени, мусулмандар бет алдындагы кафирлердин аздыгын көргөн кезде жеңишке жетүү үчүн кайраты, күч-кубаты жана ыйманы жогорулайт. Ал эми кафирлер момундардын аздыгын көргөн кезде аларды жеңил санап, алар менен беттешүүдө бошоп калышат. Натыйжада, согуш башталган учурда кафирлер каршысында турган жоокерлердин саны аздыгына ишенүү менен салгылашууга киришет. Алар душмандарынын саны чындыгында көп экендигин түшүнүшкөн учурда абалдары кандай болот? Ал эми момундар болсо кафирлердин аздыгын көрүп, согушка болуп көрбөгөндөй эрк жана кайрат менен киришет. Ошондуктан, Аллах Таала: «*(Эй момундар)* ***Алла жасала турган жумушту ишке ашыруу үчүн кагылышкан чагыңарда силердин көзүңөргө аларды аз кылып көрсөткөнүн, алардын көздөрүнө болсо***

***силерди аз кылып койгонун эстегиле! Бардык иштер Аллага кайтарылат»***, - деп айтты. Бул аят согуш алдындагы абалды сүрөттөгөн. Анткени, Аллах бир тараптын коркуп, согушка кирбей коюусун каалабайт. Бирок, салгылашуу башталган учурда Аллах Таала иштерди бүтүндөй өзгөртүп, баштагы абалдын карама-каршысына айлантат. Абалдын мындай өзгөрүүсү адамдардын туйгуларын жана сезимдерин башкаруучу улуу Күч бар экендигин, ошондой эле, Ал улуу Күч туйгуларды Өзү каалагандай кылып өзгөртүүгө кадыр экендигин көрсөтөт. Ошондуктан, Аллах Таала эки тарап согуштан коркуп калбашы үчүн алгач сандарды аз кылып көрсөтөт жана согуш башталгандан кийин аларды бири-бирине көп кылып көрсөтүп коёт. Ошондо, ар бир топ экинчи тараптын көп экендигин көрүп, момундарды күч-кубаты жана эрки болуп көрбөгөндөй күчтөнөт, ал эми кафирлер болсо өздөрү ойлогондон көбүрөөк душман менен согушуп жатышканын түшүнүшкөндө алардын жүрөктөрүн коркуу басат.

Аллах Таала айтты:

﴿قَدۡ كَانَ لَكُمۡ ءَايَةٞ فِي فِئَتَيۡنِ ٱلۡتَقَتَاۖ فِئَةٞ تُقَٰتِلُ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَأُخۡرَىٰ كَافِرَةٞ يَرَوۡنَهُم مِّثۡلَيۡهِمۡ رَأۡيَ
ٱلۡعَيۡنِۚ وَٱللَّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصۡرِهِۦ مَن يَشَآءُۚ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَعِبۡرَةٗ لِّأُوْلِي ٱلۡأَبۡصَٰرِ ١٣﴾

***«Силер үчүн бири Алла жолунда согушкан, экинчиси каапыр болгон эки топ арасындагы кагылышууда аят-белги болгон эле. Алар*** *(мусулмандар)* ***өз көздөрү менен*** *(каапырлардын)* ***эки эсе көп экенин көрүп турушкан эле. Алла болсо Өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, бул*** *(окуяда)* ***пикир ээлери үчүн ибрат-үлгү бар»***

Бул аят момундар үчүн нусрат болору тууралуу сүйүнчү кабар, ошол эле учурда, момундар менен беттешкен кафирлер үчүн жеңилүү болору тууралуу эскертүү. Ошондуктан, иштерди маддий себептер менен өлчөбөгүлө. Маддий себептер адамзаттын мүмкүнчүлүгүнө жараша гана талап кылынат. Маддий себептерди мүмкүнчүлүккө жараша аткарып, алардын акыбетин Аллахтын кадарына тапшыргыла. Момундар тобу көп сандагы душман алдында жеңилип калбайт. Ошондой эле, кафирлер санынын көптүгү менен сыймыктанышпасын. Мына, силерге чейин болуп өткөн окуя аз сандагы момундардын көп сандагы кафирлерди жеңип чыгышканын тастыктап турат.

Бул аяттын маанилеринин биринде, кафирлер мусулмандарды өздөрүнөн эки эсеге көп көрүшөт (т.а. мусулмандар эки миң болуп көрүнгөн). Аяттын үчүнчү маанисинде, кафирлер мусулмандарды өз санынан эки эсеге көп көрүшөт (т.а. мусулмандар 314 киши болсо, алар кафирлердин көзүнө 628 болуп көрүнгөн). Ал эми бул аяттын

төртүнчү маанисинде мусулмандар кафирлерди өздөрүнөн эки эсеге көп көрүшөт т.а. кафирлердин саны 600дөн бир аз көбүрөөк болуп көрүнгөн. Мына ушул төртүнчү мааниге ылайык, кафирлер мусулмандардын көзүнө өздөрүнүн чыныгы санынан азыраак болуп көрүнүшкөн. Мына ошондо, Аллах Тааланын «*эки эсе көп*» деген сөзүн түшүнүү жеңилирээк болот. Аллах Таала ушул эле сүрөнүн башка аятында момундарга нусратты убада кылып, мындай деди:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ حَرِّضِ ٱلْمُؤْمِنِينَ عَلَى ٱلْقِتَالِ ۚ إِن يَكُن مِّنكُمْ عِشْرُونَ صَـٰبِرُونَ يَغْلِبُوا۟ مِا۟ئَتَيْنِ ۚ وَإِن يَكُن مِّنكُم مِّا۟ئَةٌ يَغْلِبُوٓا۟ أَلْفًا مِّنَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَفْقَهُونَ ﴿٦٥﴾﴾

***«Эй пайгамбар, момундарды согушка чакыр! Эгер силерден жыйырма сабырдуу киши болсо, эки жүз** (душманды) **жеңет! Эгер силерден жүз киши болсо, каапырлардан миңин жеңет! Буга себеп, алардын наадан коом экендиги»*** [3:65]

Бул аяттын маанисинде бир момун он кафирге каршы чыгып, алардын үстүнөн жеңишке жетери тууралуу айтылууда. Бул Аллахтын убадасы. Андан кийики аятта Аллах Таала бул салыштырууну бир аз жеңилдетип, мындай деди:

﴿ٱلْـَٔـٰنَ خَفَّفَ ٱللَّهُ عَنكُمْ وَعَلِمَ أَنَّ فِيكُمْ ضَعْفًا ۚ فَإِن يَكُن مِّنكُم مِّا۟ئَةٌ صَابِرَةٌ يَغْلِبُوا۟ مِا۟ئَتَيْنِ ۚ وَإِن يَكُن مِّنكُمْ أَلْفٌ يَغْلِبُوٓا۟ أَلْفَيْنِ بِإِذْنِ ٱللَّهِ ۗ وَٱللَّهُ مَعَ ٱلصَّـٰبِرِينَ ﴿٦٦﴾﴾

***«Эми Алла силердин** (жүгүңөрдү) **жеңил кылды, силерде алсыздык бар экенин билди. Эми, силерден жүз сабырдуу киши болсо, Алланын ызны-ыктыяры менен эки жүз** (каапырды) **жеңет, эгер силерден миң киши болсо, Алланын ызны-ыктыяры менен эки миң** (каапырды) **жеңет. Алла сабыр кылуучулар менен бирге»*** [3:66]

Бул аятта Аллах Таала салыштырууну жеңилдетип, бир момун эки кафирди жеңери тууралуу айтты. Ошондуктан, мусулмандар алсыз болушса да, аларга Аллах Тааладан нусрат-жеңиш убада кылынган.

Момундарга сүйүнчү жана кафирлерге эскертүү болгон бул аятты Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَٱللَّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصْرِهِۦ مَن يَشَآءُ ۗ إِنَّ فِى ذَٰلِكَ لَعِبْرَةً لِّأُو۟لِى ٱلْأَبْصَـٰرِ﴾

***«Алла болсо Өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, бул** (окуяда) **пикир ээлери үчүн ибрат-үлгү бар».***

Биз Куран аяттарында «عبرة» (ибрат) сөзүн көп угабыз. Бул сөз араб тилинде бир жерден экинчи жерге өтүү дегенди түшүндүрөт. Мисалга алсак, биз жай турмушубузда жөө жүргүнчүлөрдүн чоң жолдон басып өтүүсү үчүн өтмөктөрдү курабыз, бул өтмөк араб тилинде «عُبور» (убур) деп аталат. Ибрат сөзү мына ушул уңгудан келип чыккан. Ошондой

эле, деңиз жээктеринин бири-бирине туташкан жери дагы араб тилинде «عُبور» (убур) деп аталат. Демек, «عُبور» (убур) уңгусу бир жерден экинчи жерге өткөрүүчү өтмөктү түшүндүрөт. Ал эми «العَبرة» (ибрат) сөзү араб тилинде көз жаштын тамчысына дагы колдонулат, анткени көз жаш каректен агып чыгып, жаакка түшөт. Андан тышкары, «العِبارة» (ибарат) сөзү араб тилинде биз сүйлөп жаткан сүйлөмдү түшүндүрөт, анткени сүйлөмдөр ооздон кулакка көчүп өтүшөт. Демек, «عُبور» (убур) уңгусу өтмөктү түшүндүрөт. Мына ушулардан келип чыгып айта турган болсок, Аллах Тааланын «***бул*** *(окуяда)* ***ибрат-үлгү бар»*** деген сөздөрүнүн мааниси мындай болот: «Эй момундар, силердин саныңар аз жана кафирлердин саны көп болгондугу себептүү силерди коркууга салып жаткан бул абалды Аллах Таала башка абалга көчүрөт жана момундарга нусрат берет. Эй кафирлер, силердин даярдыгыңар жана саныңар көп болушуна карабай, Аллах Таала силердин абалыңарды жеңилүүгө көчүрөт».

Ибрат бул адамды бир нерседен экинчи нерсеге көчүрүп өткөрүүчү окуя. Мисалы, биз залимдерди көргөндө «Мында биз үчүн ибрат-үлгү бар», деп айтабыз т.а. залимдердин зулумун көргөнүбүздө, алардын айбаты жоголуп, биздин көз алдыбызда кор болуучу байкуштарга айланышат. Демек, ибрат – бир өкүмдү адамдын зээнине жат болгон башка өкүмгө көчүрүп өтүүчү үлгү. Жогорудагы аятты мына ушул мааниге сала турган болсок, анын толук жана жаркын мааниси келип чыгат. Аллах Таала аяттын башын минтип баштады:

﴿قَدۡ كَانَ لَكُمۡ ءَايَةٞ فِي فِئَتَيۡنِ ٱلۡتَقَتَاۖ﴾

***«Силер үчүн эки топ арасындагы кагылышууда аят-белги болгон эле».***

Ал эми аят соңунда мындай деди:

﴿إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَعِبۡرَةٗ لِّأُوْلِي ٱلۡأَبۡصَٰرِ﴾

***«Албетте, бул*** *(окуяда)* ***пикир ээлери үчүн ибрат-үлгү бар».***

Андыктан, ибрат – бизди бир абалдан башка абалга көчүрөт. Эгер адам жалгыз өзүнө гана таяна турган болсо, себептердин аздыгынан түшкүндүккө түшүүсү мүмкүн. Ал эми момун-мусулман себептерди аткаруу менен бирге өзүнө эмес, Аллахка таянат. Эгер Аллах кааласа, кафирлерди мусулмандар менен согуштурбай туруп деле азаптап коё алат. Бирок, Аллах Таала кафирлерди момундардын колу менен азаптоону каалады. Аллах Таала айтат:

﴿قَٰتِلُوهُمۡ يُعَذِّبۡهُمُ ٱللَّهُ بِأَيۡدِيكُمۡ وَيُخۡزِهِمۡ وَيَنصُرۡكُمۡ عَلَيۡهِمۡ وَيَشۡفِ صُدُورَ قَوۡمٖ مُّؤۡمِنِينَ ١٤﴾

***«Алар менен согушкула,*** *(ошондо)* ***Алла аларды силердин колуңар менет азаптайт, кор кылат жана силерди алардын үстүнөн***

***женишке ээ кылат, ошондой эле, момун коомдун дилдерин кандырып, көңүлдөрүндөгү кам-кайгыны кетирет»*** [9:14]

Эгер Аллах Таала кафирлерди момундардын колусуз эле азаптоону каалаганда, жер титирөө сыяктуу табигый апааттар менен эле азаптап коёр эле. Бирок, Аллах Таала аларды момундардын колу менен азаптоону каалады. Аллах Азза ва Жалла айтты:

﴿وَٱللَّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصۡرِهِۦ مَن يَشَآءُۚ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَعِبۡرَةٗ لِّأُوْلِي ٱلۡأَبۡصَٰرِ﴾

***«Алла болсо Өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, бул*** *(окуяда)* ***пикир ээлери үчүн ибрат-үлгү бар»***

Аяттагы «колдоо» сөзү күч-кубат берүү дегенди түшүндүрөт. Демек, Аллах момундардан амалий аракетти гана талап кылууда, бул аракеттин натыйжасын Өзү нусрат-жеңиш менен толуктайт. Аллах Таала Өзү каалаган адамды нусрат менен колдойт жана бул иште пикир ээлери үчүн ибрат болот.

Аяттагы «لِّأُوْلِي ٱلۡأَبۡصَٰرِ» (пикир ээлери үчүн) деген сөздүн араб тилиндеги дагы бир мааниси «көзү барлар үчүн» дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан, бул аятта «көзү барлар үчүн» деген маани көздөлгөн деп айтсак болот. Анткени, аятта көрүнүп жана сезилип турган окуя тууралуу сөз болууда. Көзү бардын баары бул окуяны көрө алышат. Ой калчоо, фикир жүргүзүү бардык адамдарда боло бербегени менен, көпчүлүк адамдарда көз болот эмеспи. Алардын ар бири көздөрүн ачып бул окуяны көрсө болот. Эгер болуп өткөн салгылашууга назар сала турган болсок, аяттагы сүйлөмдүн акыйкат экендигине толук түрдө ишенебиз. Анткени, момундардын саны аз жана чектелүү болгон, ошондой эле, алардын согушка даярдыгы дагы жакшы эмес эле. Алар согушуу максатында эмес, балким Меккеде мушриктер тарабынан тартып алынган мал-байлыктарын кайтарып алуу үчүн азык-түлүк жана мал-байлык ташып бара жаткан кербенди колго алуу максатында чыгышкан. Эгер алар Шамдан келе жаткан кербенди колго алуу менен эле чектелишкенде, Бадр согушундагы жеңиштей үлкөн ийгиликке жетпеген болушар эле. Себеби адатта, кербен аз гана сакчылар менен корголуп, чоң күчкө ээ болбойт. Бирок, Аллах Таала момундарга күчтүүрөөк душмандын т.а. куралдуу кошуундун үстүнөн нусрат берүүнү каалады. Аллах Таала момундарга эки тайпанын биринин үстүнөн нусрат берүүнү убада кылып, мындай деди:

﴿وَإِذۡ يَعِدُكُمُ ٱللَّهُ إِحۡدَى ٱلطَّآئِفَتَيۡنِ أَنَّهَا لَكُمۡ وَتَوَدُّونَ أَنَّ غَيۡرَ ذَاتِ ٱلشَّوۡكَةِ تَكُونُ لَكُمۡ
وَيُرِيدُ ٱللَّهُ أَن يُحِقَّ ٱلۡحَقَّ بِكَلِمَٰتِهِۦ وَيَقۡطَعَ دَابِرَ ٱلۡكَٰفِرِينَ ٧﴾

***«Ошондо*** *(эй момундар),* ***Алла эки тайпадан*** *(кербен жана кошуундан)* ***бирин силер үчүн*** *(олжо)* ***кылууга убада берген эле. Силер курал-жараксыз тайпа,*** *(тактап айтканда, кербен)* ***өзүңөр үчүн болуусун эңсеген элеңер. Алла болсо Өз сөздөрү менен чындыкты жүзөгө ашырууну жана каапырлардын куйругун кесүүнү каалаган эле»*** [8:7]

Аллах Таала момундарга эки тайпанын биринин үстүнөн нусрат-жеңиш берүүнү убада кылды. Момундар алсызыраак тайпаны т.а. курал-жарак жана үлкөн кошууну жок болгон кербенди гана жеңүүнү үмүттөнүп жатышкан эле. Бирок, бул жеңиш куралдуу кошуундун үстүнөн болгон жеңиштей чоң жетишкендик болбой калмак. Анда адамдар «Мухаммад жана ага ээрчигендер курал-жарагы жана кошууну жок болгон алсыз кербенге кол салышыптыр», деп сөз кылышы мүмкүн эле. Бирок, Аллах Таала бул беттешти чечүүчү жана акыйкат менен батылдын ортосун ажыратуучу салгылашуу кылууну каалады.

Ушуга ылайык, аяттын маанисинде Аллах Таала момундарга кайрылып ушундай деди: «Эй момундар, силер кербенди колго алууну гана көздөп чыккан элеңер т.а. кошуун менен беттешүү үчүн даярдык көрбөдүңөр эле. Ал эми кафирлер болсо болгон күчүн чогултуп келишти. Бул беттеш үчүн Мекке өзүндө болгон күч-кубаттын баарын сарптады. Ошондуктан, ушул сыяктуу окуяда Аллахтан нусрат келсе, бул – чыныгы нусрат жана Аллах Тааланын улуу аят-белгилеринин бири болот, ошондой эле, бул окуя башкалар үчүн ибрат-үлгү болот». Чынында, бул Бадр салгылашуусунда таң каларлык окуялар көп болду. Анда бири-бирине болгон терең жакындыкка карабай, эки башка жаатта, эки башка кошуунда бири-бирине каршы турган эки бир тууганды жана ата менен уулду көрүүгө болот. Мисалга алсак, Абу Бакр رضي الله عنه нун уулу ал кезде Исламга кире элек болчу. Ошондуктан, ал кафирлер тарапта турду. Анын атасы Абу Бакр Сиддик رضي الله عنه болсо Расулуллах ﷺ менен бирге болчу. Абу Бакр رضي الله عنه нун уулу Исламга киргенден кийин атасына кайрылып мындай деди: «Бадр күнүндө сиз мага туш келип калганыңызда, жүзүмдү сизден буруп жаттым». Ошондо, Абу Бакр رضي الله عنه: «Эгер ал күндө мага туш келгениңде, сени өлтүргөн болор элем», - деп, чыныгы момундун жообун берди. Экөөнүн айткан сөздөрү тең мантыкый (акылга сыярлык) болчу. Анткени, Абу Бакр رضي الله عنه нун уулу атасы менен туш келген кезде, ал үчүн өз максатынан көрө атасы жогоруураак турат эле. Ошондуктан, ал атасын аяп, ага туш келүүдөн качып жатты. Ал эми Абу Бакр Сиддик رضي الله عنه болсо уулу менен Аллахка болгон ыймандын ортосун салыштырышы керек эле. Арийне, анын назарында ыйман бардык

нерседен жогору турат, ошондуктан, эгер уулуна туш келсе, аны экиленбестен туруп өлтүргөн болор эле.

Бул согушта Курайш кылмышкерлеринин момундардын колу менен өлтүрүлүшүндө Аллах Тааланын хикматы бар эле. Ошондой эле, кафирлердин арасынан өлбөй, тирүү калгандары дагы Аллахтын хикматы менен аман калышты. Анткени, тирүү калгандардын көпчүлүгүн Аллах Таала алдыдагы, ыйман жолундагы үлкөн сыноолор үчүн калтырган эле. Мисалы, Халид ибн ал-Валид кафирлер тарабында туруп согушкан казаттардын биринде көз жумса, биз мусулмандар терең кайгыга баткан болор элек. Анткени, Аллах Таала аны ыйман жолундагы казаттар үчүн даярдап койгон эле. Натыйжада, Халид ыйман келтирип, «Аллахтын кезелген кылычы» деген лакабга татыган улуу аскербашчыга айланды. А эгер ал согушта Икрима көз жумганда, Ислам Умматы теңдешсиз жоокеринен айрылып калар эле. Айрым мусулмандар Бадр согушунда ал атчандарды өлтүрө албай калышкандыгы үчүн өкүнүп жатышкан эле. Анткени, алар Аллах Тааланын хикматынан бейкабар болушкан. Аллах аларды ыйман сабына кошулуп, үлкөн ийгиликтерди жаратышы үчүн аман калтырган эле. Аллах Таала Бадр күнүндө мусулмандарга өз коомунун双 динанде болгон аскерлердин кээбирлерин өлтүрүүгө мүмкүнчүлүк бербегенинин себеби, Аллах аларды алдыдагы, ыйман жолундагы согуштарда мусулмандар катарында туруусу үчүн аман калтырган эле. Бул дагы момундар үчүн Аллахтан болгон нусрат.

Расулуллах ﷺ Мадинага Аллахтын динин жеткирүү үчүн жана мадиналыктарга динди үйрөтүү үчүн жөнөткөн кутман сахабий Мусъаб ибн Умайр رضي الله عنهнун Абу Азиз деген бир тууганы бар эле. Мусъаб ибн Умайр رضي الله عنه Курайштын эрке баласы болгон. Анын апасы өтө бай эле. Учурунда жибектен кийим кийген Мусъабдын Исламга киргенден кийин үстүнө тери жамынып жүргөнүн көргөн Расулуллах ﷺ:

«انظروا إلى الإيمان ماذا فعل بصاحبكم»

**«Карагылачы, ыйман жолдошуңарды эмне кылганын»**, - деп айткан. Бадр күнүндө Мусъаб өзүнүн бир тууганы Абу Азиз менен беттешти. Абу Азиз кафирлер тарапта болчу, Мусъаб رضي الله عنه мусулман болуп, Расулуллах ﷺ менен чогуу турган. Салгылашуудан кийин, Мусъаб инб Умайр رضي الله عنه бир тууганы Абу Аздин Абу ал-Юср деген сахабанын колунда туткун болуп турганын көрдү жана: «Эй Абу ал-Юср, туткунуңа катуураак кара. Анын апасы өтө бай, уулу үчүн жакшы акча төлөп берет», - деп айтты. Аны көргөн Абу Азиз: «Бир тууганыңа кылганың ушулбу?» - деп кекетти. Ошондо, Мусъаб колу менен Абу ал-Юсрду көрсөтүп: «Сен эмес, мына бул менин бир тууганым», - деди.

Мына ушул аз сандагы кошуунду кафирлер үстүнөн жеңишке жеткирген ыйманий рух момундардын жүрөгүндөгү бир туугандарына, аталарына жана уулдарына болгон сезимдерден үстөм келди. Аллах Таала Бадр окуясы аркылуу саны жана согушка даярдыгы аз болсо дагы момундар үмүтсүздүккө түшпөшү керек экендигин, ал эми кафирлерге болсо саны көп жана даярдыгы күчтүү болсо дагы менменсинип кетпеши керек экендигин көрсөттү. Аллах Таала бул салгылашууну чыныгы ыйманды таразалоочу белги кылды. «Өлүмдү эстесең, ал сага жашоо берет» деп бекеринен айтылган эмес. Бул согушта момундардын жүрөгү ыйманга толуп турду. Акыйкатта, ыйман жан дүйнөнү толкутуп, эбегейсиз эрдиктерге түртүүчү улуу байлык. Кафирлер эмне үчүн мусулмандарга көрө албастык кылышат? Анткени, мусулмандар Аллахтын жолундагы согушта өлтүрүлсө бейишке киришет же кафирлер үстүнөн жеңишке жетишет. Ошондуктан, Аллах Таала Куранда мындай деген:

﴿قُلْ هَلْ تَرَبَّصُونَ بِنَآ إِلَّآ إِحْدَى ٱلْحُسْنَيَيْنِ ۖ وَنَحْنُ نَتَرَبَّصُ بِكُمْ أَن يُصِيبَكُمُ ٱللَّهُ بِعَذَابٍ مِّنْ عِندِهِۦٓ أَوْ بِأَيْدِينَا ۖ فَتَرَبَّصُوٓا۟ إِنَّا مَعَكُم مُّتَرَبِّصُونَ ﴿٥٢﴾﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Силер биз үчүн эки жакшылык*** *(же шейит болуубуз же болбосо жеңишке ээ болуубуз)****дан бирин гана күтүүдөсүңөр. Биз болсо силер үчүн Алла Өз алдынан же болбосо, биздин колубуз менен бир азап жеткиришин күтүүдөбүз. Демек, силер да күтө бергиле, биз да силер менен бирге күтүүчүбүз»*** [9:52]

Ошондуктан, мусулмандардын ийгилиги эки түрдүү болот: кафирлер үстүнөн жеңиш же Аллахтын жолундагы шахиддик жана түбөлүктүү бейиш. Мусулмандар болсо кафирлерге эки нерсени күтүшөт: аларга Аллах тарабынан азап келишин же ал азаптын мусулмандардын колу менен болушун. Акыйкатта, бул ачык-айкын жана улуу ыймандын үлгүсү. ❑

## ЧЫНДЫГЫНДА, ШАЙТАН СИЛЕРГЕ ДУШМАН, ОШОНДУКТАН СИЛЕР ДА АНЫ ДУШМАН ТУТКУЛА

Ар бир мусулман аны менен жанаша жүргөн шайтан бар экендигин билиши жана ишениши важиб. Шайтан жана анын шериктери (жиндер) бизди көрүшөт, биз болсо аларды көрө албайбыз. Турмушубуздун алгачкы көз ирмемдеринен тартып, соңку демибизди жутканга чейин шайтан бизди коштоп жүрөт. Анын жападан жалгыз максаты – адам баласын адаштырып, күнөөгө жана куфрга батыруу. Шайтан васваса, шыбыроо, азгыруу, тукуруу, адаштыруу жана харам иштерди кооз көрсөтүү аркылуу инсандын акылына, жүрөгүнө жана дене мүчөлөрүнө ээлик кылууга умтулат. Адам баласы Аллахка болгон ыйман, итаат, таваккул, тавба, берилгендик жана истигфар менен гана шайтандын азгырыктарын жеңип чыга алат. Инсан дин жана дүйнө иштеринде шайтандын васвасасына каршы иш тутуусу зарыл, анткени Аллахка болгон кулчулук шайтандан алыстоо жана аны душман тутуу менен гана толук түрдө ишке ашат. Ооба, адам баласы ар дайым шайтандын эң биринчи душман экендигин, ошондой эле, анын жападан жалгыз максаты адамды азгыруу жана адаштыруу менен тозокко түртүү экендигин оюнда жана жүрөгүндө бекем тутушу зарыл.

Аллах Таала Адам عليه السلامды жараткан учурда шайтанды жана бардык периштелерди ага сажда кылууга буйруган. Бирок шайтан текеберлик кылып, өзүн Адам عليه السلامдан жогору көргөн жана сажда кылуудан баш тарткан. Андан кийин Аллах Таала шайтанды шерменде жана кор абалында бейиштен чыгарып, ага жана аны ээрчүүчүлөргө түбөлүктүү тозокту убада кылган. Мына ошол учурдан тартып шайтан Адам عليه السلامдын жалпы урпактарына душман болду. Адам баласынын ичер суусу бүткөнгө чейин шайтан ага каршы күрөшө берет. Шайтандын хизбинен (тобунан) болгондор эки дүйнө бактысыздыкта, ал эми шайтандан алыс болгондор түбөлүктүү бактылуулукта болушат. Адамзаттын жаралуусунан тартып, кыямат күнгө чейин улана турган бул күрөш шайтан менен адамдын эле ортосундагы эмес,

балким Аллахтын хизби менен шайтандын хизби ортосундагы күрөш. Андыктан, шайтан биздин эң чоң душманыбыз жана ага каршы туруубуз зарыл.

Шайтанга каршы туруу үчүн анын инсанды азгыруу жолдорун мыкты түшүнө билүү шарт. Ал ар качан баатылды кооз көрсөтүп, адамдарды ага чакырат жана адамдын жүрөгүнө наадандык үрөнүн себип, аны харам иштерди кылууга үндөйт. Шайтан адамга шыбыроо (оюна салуу) аркылуу васваса кылат. Анын васвасасына жол ачуучу шарттар абдан көп, бирок шайтан адам үстүнөн эч кандай маддий күч-кубатка ээ эмес жана адамды кайсы бир ишке мажбурлай албайт. Аллах Таала айткан:

﴿وَقَالَ ٱلشَّيۡطَٰنُ لَمَّا قُضِيَ ٱلۡأَمۡرُ إِنَّ ٱللَّهَ وَعَدَكُمۡ وَعۡدَ ٱلۡحَقِّ وَوَعَدتُّكُمۡ فَأَخۡلَفۡتُكُمۡۖ وَمَا كَانَ لِيَ عَلَيۡكُم مِّن سُلۡطَٰنٍ إِلَّآ أَن دَعَوۡتُكُمۡ فَٱسۡتَجَبۡتُمۡ لِيۖ فَلَا تَلُومُونِي وَلُومُوٓاْ أَنفُسَكُمۖ مَّآ أَنَا۠ بِمُصۡرِخِكُمۡ وَمَآ أَنتُم بِمُصۡرِخِيَّ إِنِّي كَفَرۡتُ بِمَآ أَشۡرَكۡتُمُونِ مِن قَبۡلُۗ إِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ لَهُمۡ عَذَابٌ أَلِيمٞ ٢٢﴾

***«Качан иш аяктаган соң*** *(тактап айтканда бейиш калкы бейишке ылайык болуп, тозокулар тозокко өкүм кылынган соң),* ***шайтан*** *(мындай)* ***деди: «Албетте Алла силерге чын убада кылган эле. Мен болсо*** *(жалган)* ***убадаларды берип силерди алдаган элем.*** *(Бирок)* ***мен үчүн силердин үстүңөрдө эч кандай өкүмдарлык жок эле, бирок мен силерди*** *(каапырдыкка)* ***чакырышым менен эле өзүңөр мага моюн сундуңар. Эми мени эмес, озүңөрдү жемелегиле. Мен силерге жардам бере албаймын, силер да мага жардам берүүчү эмессиңер. Албетте, мен силер мурда*** *(Аллага)* ***мени шерик кылганыңарды танамын. Албетте, заалимдер*** *(каапырлар)* ***үчүн жан чыдагыс азап бар»*** [14:22]

Имам ал-Куртубий бул аяттын тафсири тууралуу мындай деген: ***«Мен үчүн силердин үстүңөрдө эч кандай өкүмдарлык жок эле»*** дегендин мааниси, шайтандын адамдар үстүнөн эч кандай хужжат-далили жок экендигин түшүндүрөт. Башкача айтканда, шайтан «Мен силерге убада кылган жана кооз кылып көрсөткөн нерселериме эч кандай хужжат-далил келтирбедим. Мен болгону силерди чакырдым жана силер мага ээрчидиңер т.а. мен силерди азгырдым жана силер мага азгырылдыңар», деп айтат. Башка риваятта келишинче, шайтан «Мен өзүм чакырган

нерсеге силерди мажбурлаган жокмун. Мен болгону силерди васваса менен чакырдым жана силер өз ыктыярыңар менен мага ээрчидиңер. Эми мени эмес, өзүңөрдү жемелегиле», деп айтат. Дагы бир риваятка ылайык, шайтан «Менин силердин үстүңөрдөн т.а. ыйман келтирүүчү жүрөгүңөр үстүнөн бийлигим, үстөмдүгүм жок болчу. Мен болгону силерди чакырдым жана силер мага ээрчидиңер», деп айтат».

Имам Ахмад ан-Насаий өз «Сахихинде» риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«إنَّ الشَّيطانَ قعدَ لابنِ آدمَ بأطرُقِهِ، فقعدَ لَهُ بطريقِ الإسلامِ، فقالَ: تُسلمُ وتذرُ دينَكَ ودينَ آبائِكَ وآباءِ أبيكَ، فعَصاهُ فأسلمَ، ثمَّ قعدَ لَهُ بطريقِ الهجرةِ، فقالَ: تُهاجرُ وتدَعُ أرضَكَ وسماءَكَ، وإنَّما مثلُ المُهاجرِ كمَثلِ الفرسِ في الطِّولِ، فعَصاهُ فَهاجرَ، ثمَّ قعدَ لَهُ بطريقِ الجِهادِ، فقالَ: تُجاهدُ فَهوَ جَهْدُ النَّفسِ والمالِ، فتُقاتلُ فتُقتَلُ، فتُنكَحُ المرأةُ، ويُقسَمُ المالُ، فعصاهُ فجاهدَ، فقالَ رسولُ اللَّهِ: فمَن فعلَ ذلِكَ كانَ حقًّا على اللَّهِ عزَّ وجلَّ أن يُدْخِلَهُ الجنَّةَ، ومن قُتِلَ كانَ حقًّا على اللَّهِ عزَّ وجلَّ أن يُدْخِلَهُ الجنَّةَ، وإن غرِقَ كانَ حقًّا على اللَّهِ أن يُدْخِلَهُ الجنَّةَ، أو وقصتهُ دابَّتُهُ كانَ حقًّا على اللَّهِ أن يُدْخِلَهُ الجنَّةَ»

**«Шайтан адам баласынын жолдорунда отурат. Ал адамдын Исламга болгон жолунда отуруп алып: «Исламды кабыл алып, өзүңдүн, аталарыңдын жана бабаларыңдын динин таштайсыңбы?» - деди. Адам анын сөзүн укпай, Исламга кирди. Андан кийин, шайтан анын хижратка болгон жолунда отуруп алып: «Хижрат кылып, өз жериңди жана асманыңды таштап кетесиңби? Акыйкатта, мухажирдин мисалы тушалган ат сыяктуу», - деп айтты. Адам анын сөздөрүн укпай, хижрат кылды. Андан кийин, шайтан адамдын жихадга болгон жолуна отуруп алып: «Жихад кылсаң жаныңдан жана мал-байлыгыңдан айрыласың. Өлтүрүү үчүн согушсаң өлтүрүлөсүң. Аялың башкага турмушка чыгат, мал-байлыгың бөлүштүрүп берилет», - деди. Адам анын сөздөрүнө кулак салбай, жихад кылды. Кимде-ким ушундай кыла турган болсо, Аллах Azза ва Жалла аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет. Кимде-ким** (жихадда) **өлтүрүлсө, Аллах Азза ва Жалла аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет. Эгер адам баласы чөгүп өлсө Аллах аны бейишке киргизет. Эгер адам баласын минген улоосу өлтүрүп койсо, Аллах аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет».**

Шайтан адамдын ачык душманы. Анын душмандыгы эзелтен белгилүү. Ал адамдарды Аллах Азза ва Жаллага жакындатуучу

нерселерден тосуу үчүн васваса кылат. Жогорудагы хадисте Расулуллах ﷺ **«Шайтан адам баласынын жолдорунда отурат»**, деп айтты. Тактап айтканда, шайтан адамдын хидаятка жана акыйкатка болгон жолундорунда отуруп алып, ал жолго жүрүүдөн тосуу үчүн васваса кылат. **«Ал адамдын Исламга болгон жолунда отуруп алып: «Исламды кабыл алып, өзүңдүн, аталарыңдын жана бабаларыңдын динин таштайсыңбы?» - деди»** т.а. шайтан адамды Исламдан тосуу үчүн анын жолуна отуруп алып, ал карманган дин анын ата-балалары карманга динге каршы келерин айтты. Адам болсо анын сөздөрүн укпай, ага тескери иш тутту жана Аллах Азза ва Жалланын динине ээрчиди.

**«Андан кийин, шайтан анын хижратка болгон жолунда отуруп алып: «Хижрат кылып, өз жериңди жана асманыңды таштап кетесиңби? Акыйкатта, мухажирдин мисалы тушалган ат сыяктуу», - деп айтты»** т.а. шайтан адам баласын хижрат кылуудан кайтарып, ага өз мекенин улуу кылып көрсөттү. Андан кийин, адам баласын азгырууну дагы да күчөтүп, бөтөн жерде жүргөн мухажирди тушалган атка салыштырды. Анткени, бөтөн жерде жүргөн адам белгилүү чөйрөдөн башка эч кимди тааныбайт жана эч кимге аралаша албайт. Тушалган ат дагы ушул сыяктуу, ал белгиленген жеринен башка жерлерди кезе албайт, каалаган жерде оттой албайт. Ал эми өз мекенинде жашагандар мындай эмес. Алар жайытка коё берилген ат сыяктуу кысылбастан, ээн-эркин жүрө алышат. Шайтан мына ушундай жол менен момунда васваса кылат жана жүрөгүнө коркуу салууга урунат. Ал ар дайым дин жолунда жүрүүнүн кыйынчылык-машкаттарын эстетип, момун адамга ыйман чектерин тар жана оор кылып көрсөтөт, ошондой эле, кафирдин абалын кооз, кенен жана эч кандай буйрук-кайтаруулар менен чектелбеген экрин кылып көрсөтүүгө умтулат. Анын жападан жалгыз максаты – момундарды ыйман жолунан адаштыруу. Ал эми момун адам Аллахтын колдоосу менен шайтандын васвасасына азгырылбады жана **«анын сөздөрүн укпай, хижрат кылды»**.

Андан кийин, Аллах Азза ва Жалланын жолунда жихад кылуудан тосуу үчүн **«шайтан адамдын жихадга болгон жолуна отуруп алып: «Жихад кылсаң жаныңдан жана мал-**

**байлыгыңдан айрыласың»**, деди. Шайтан муну менен жихаддын улуулугун кемсинтип, аны жанды жана мал-байлыкты текке кетирүү деп сыфаттады, ошондой эле, «**Өлтүрүү үчүн согушсаң өлтүрүлөсүң»**, деп айтты. Тактап айтканда, согушка барсаң, сени өлүм күтүп турат деп коркутту. Андан кийин, Шайтан «**Аялың башкага турмушка чыгат, мал-байлыгың бөлүштүрүп берилет**», - деди. Бирок, момун «**анын сөздөрүнө кулак салбай, жихад кылды»** т.а. адам баласы анын сөздөрүн укпай, ага каршы чыгып, жихадга жөнөдү.

Андан кийин, Расулуллах ﷺ «**Кимде-ким ушундай кыла турган болсо, Аллах Азза ва Жалла аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет**», - деп айтты. Тактап айтканда, кимде-ким шайтандын азгырыгына каршы чыгып, Исламга кирсе, хижрат кылса жана жихадга чыкса, Аллах Азза ва Жалла аны сөзсүз түрдө бейиш менен сыйлайт.

**«Кимде-ким** (жихадда) **өлтүрүлсө, Аллах Азза ва Жалла аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет. Эгер адам баласы чөгүп өлсө Аллах аны бейишке киргизет. Эгер адам баласын минген улоосу өлтүрүп койсо** (т.а. минген улоосунан кулап түшүп же улоосу сүзүп көз жумса)**, Аллах аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет».** Бул сүйлөмдө Аллахтын жолунда жүрүп көз жумуунун жалпы абалдарды айтылган. Башкача айтканда, адам баласы согушта өлтүрүлсө, чөгүп өлсө, же улоосу себептүү көз жумса, ошондой эле, Аллахтын жолунда жүрүп мындан башка себептер менен көз жумса дагы, Аллах Азза ва Жалла аны сөзсүз түрдө бейишке киргизет.

Бул хадис шайтандын кооптуулугун эскертип, адам баласынын изгилик жолундорунда ар дайым шайтан болорун баяндаган. Ошондуктан, мусулман адам ар качан сак болуп, Аллах Тааланын буйрук-кайтарууларына бекем болуу менен шайтандын васвасасынан коргонуусу зарыл.

Имам Ахмад жана Муслимдер Абдуллах ибн Масъуд رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

**«ما مِنكُم مِن أحدٍ إلاَّ وقدْ وُكلَ به قَرينه مِن الجنِّ، قالوا: وإيَّاك يا رَسولَ الله؟! قال: وإيَّاي، إلاَّ أنَّ اللهَ أعانَني عليه فأسلَمَ، فلا يَأمُرُني إلا بَخير»**

**«Силердин ар бириңерге жанаша жүрүүгө буйрулган жиндер бар».** Сахабалар андан: «Сизге дагыбы, оо Расулуллах ﷺ?» - деп сурашканда, ал ﷺ айтты: **«Ооба, мага дагы. Бирок,**

**Аллах мага жардам берип, анын зыянан сактап койгон. Ошондуктан, ал мага жакшылыкты гана буйруйт».** Адам баласы салих болсо дагы, бузуку болсо дагы, шайтан эч качан андан ажырабайт. Анын жалгыз максаты – адамды жакшылыктан тосуу жана жамандыкка түртүү. Хадисте айтылгандай, шайтан ар дайым адам баласы менен жанаша жүрүп, кыяматка чейин андан ажырабайт.

Сафия бинти Хуяайдан риваят кылынган хадисте шайтандын инсанга канчалык деңгээлде жакын болору тууралуу Расулуллах ﷺ мындай деген:

«إنَّ الشَّيطان يَجْرِي مِن الإنسانِ مَجْرى الدَّمِ»

**«Шайтан инсандын кан тамырларында жүрөт»**[1].

Имам Ахмад жана Муслим Абу Хурайра ﵁дан риваят кылышкан хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«إذا قرَأَ ابنُ آدَمَ السَّجدةَ فسجَد اعتزلَ الشَّيطان يَبكِي، يَقول: يا وَيلي! أُمِرَ ابنُ آدمَ بالسُّجودِ فسجَد فله الجنَّة، وأمِرْتُ بالسُّجود فأبَيتُ فلِيَ النَّار»

**«Эгер адам баласы сажда аятын окуп, сажда кыла турган болсо, шайтан андан алыс качып, ыйлайт жана «Куурадым! Адам баласы сажда кылууга буйрулганда сажда кылды жана ага бейиш** (убада кылынды)**, а мен болсо сажда кылууга буйрулганда баш тарттым жана мага тозок** (убада кылынды)**», деп айтат».**

Бул хадистеги шайтандын ыйлоосу анын өз күнөөсү үчүн өкүнгөндүгү себептүү эмес, балким анын адам баласы үчүн ич күйдүлүгү жана көрө албастыгы себептүү.

Имам Ахмад Абу Хурайра ﵁дан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«إنّ المؤمن لينضي شيطانه، كما ينضي أحدكم بعيره في سفره»

**«Сапардагы адам өз улоосун баш ийдиргендей, момун адам өз шайтанын баш ийдирип алат»**.

«Ал-Жами ас-Согир» китебинде бул хадистин шархы (түшүндүрмөсү) тууралуу мындай деп келген: «**Өз шайтанын баш ийдирип алат**» дегендин мааниси момун адам шайтанды түйшөлтүү жана өз каалоосуна моюн сундуруу аркылуу аны жеңип алат, ага үстөм болот дегенди түшүндүрөт. Эгер шайтан момундун жүрөгүнө жакындаса, ал Роббисин таануу менен

[1] Имам Ахмад, Муслим жана ал-Бухарийлер риваяты.

шайтанды алыстатат. Эгер шайтан момундун нафсине жана шахваттарына жакындаса, ал Роббисин зикир кылуу мунун шайтандын жолун бууйт. Ошентип, момун адам сапарда улоосуна жүктөрүн артуу жана анын тизгинин тартуу менен аны өзүнө баш ийдирип алгандай эле, Аллахка болгон итааты жана берилгендиги менен шайтанды дагы моюн сундуруп алат. Хадисте жок кылат же дагы башка ушул сыяктуу сөздөр колдонулбастан **«баш ийдирип алат»** деген сөз колдонулду. Анткени, момун адам тирүү кезинде эч качан шайтандан биротоло кутула албайт. Шайтан момун адам бул дүйнө менен кош айтышканга чейин, ар дайым анын жүрөгүн багындырууга уруна берет жана момун болсо аны менен күрөшүп жашайт. Ыйманы күчтүү момун шайтандан үстөм келип, ага жетеленбейт, бирок ошону менен бирге, ичер суусу бүткөнгө чейин андан коргонуп жана ага каршы күрөшүп бара берет. Аллахтын буйрук-кайтарууларына ылайык жашоо жана шайтанга ээчрип кетпөө оңой көрүнгөнү менен, адамзаттын эң айыгышкан душманы ар качан ыңгайлуу учурду күтүп жашайт. Ошондуктан, момун адам ар качан сактык жана ага каршы күрөшүү менен жашашы важиб.

Имам Ибн ал-Каййим бул хадис тууралуу мындай деген: «Ар качан шайтан момунга кол салганда, момундун Аллахты эстөөсү, Ага жүздөнүүсү, истигфар айтуусу жана итаат кылуусу шайтандын чабуулун майтарып турат. Натыйжада, анын шайтаны азапталат. Бузуку адамдын шайтаны болсо кененчиликте жана ырахатта жашайт. Ошондуктан, анын шайтаны күчтүү жана таасирдүү болот. Кимде-ким бул дүйнөдө Аллахты зикир кылуу, Аны жалгыздоо, Ага истигфар айтуу жана итаат кылуу менен өз шайтанын азаптабаса, акырет күнүндө шайтан аны тозокко тартуу менен азаптайт. Ошондуктан, ар бир момун өз шайтанын азапташы керек, болбосо шайтан аны азаптайт». ❑

# ШЕЙХ БИЛХАЖ РАЙССУНИНИН БИЛДИРҮҮСҮНӨ КАРШЫ ААЛЫМДАРДЫН МИЛДЕТИ ТУУРАЛУУ ЖАРКЫН СӨЗДӨР МЕНЕН КОММЕНТАРИЙ БЕРДИ

Ислам конференциясы уюмунун башкы катчысы жана Саудия Арабстандагы чоң уламалар кеңешинин мүчөсү Мухаммад Исанын бул жы Август айынын орто ченинде Эл аралык Аалымдар Бирлигинин төрагасы шейх Ахмад Райссуни магрибдик (марокколук) Blanca Press маалымат агенттигине берген билдирүүсүндө «Биз Магриб менен Алжир ортосундагы талаш болгон Сахара чөлү жана Мавритания аймагы Магриб Королдугуна таандык экендигине кескин түрдө ишенебиз», - деп айтты. Ошондой эле, Ахмад Райссуни эгер Магриб монархы талап кылса, магрибдиктер Жашыл жүрүш сыяктуу жихадга даяр экендигин, бул жүрүш Лааюнга чейин эле эмес, Алжирдеги Тиндуф аймагына чейин жетерин кошумчалады. Ал өз сөзүндө Мавриятанияны «Мавритания аталган» деп сыфаттап: «Мавритания аталган Шинкит өлкөсүндөгү аалымдардын жана көрүнүктүү адамдардын Магриб королдук тактысына берген байъаты дагы деле күчүндө», - деп айтты. Ал Сахара жана Мавритания маселеси колонизаторлордун колу менен түзүлгөнүн айтып, «Магриб Европа чабуулуна чейинки, баштапкы абалына кайтышы керек», деди.

Ахмад Райссунинин бул билдирүүсү коомчулукта чоң талкуу жаратып, натыйжада, ал Эл аралык Аалымдар Биримдигинин төрагалык кызматынан кетүүгө аргасыз болду. Ал мындай чечимин өзүнүн «туруктуу фикирлери жана компромиссиз позициялары, ошондой эле, эч кандай шарттарга жана басымдарга карабай, сөз эркиндигин пайдалангандыгы» менен актады.

Райссунинин бул билдирүүсүн көптөгөн аалымдар сындап чыгышты жана алардын арасынан эң көрүнүктүүсү шейх Али Билхаждын комментарийи болду. Ал Алжир, Магриб жана жалпы мусулман өлкөлөрүндөгү аалымдарды кайсы бир башкаруучу режимге саясий кулчулук кылуудан баш тартууга, ошондой эле, мусулмандарды бириктирип, алардын коопсуздугун камсыздоочу Исламий негиздерге жана кымматтарга кайтууга чакырды. Шейх Билхаж Алжир менен Магриб ортосундагы Сахара чөлү боюнча талаш-тартыштар тууралуу Райссунинин билдирүүсүн талкуулагысы келбегенин айтып, мындай деди: «Айтайын дегеним, мен аалымдарды көз карандысыз болууга, бирөөлөрдүн буюртмасына жараша иш тутпоого, ар дайым акыйкатты айтып, өз сөздөрүнүн кесепеттери тууралуу ойлонууга чакырамын... Азыркы режимдер колонизаторлор коюп кеткен чек араларды алып салуудан жана элдерди бириктирүүдөн баш тартып жатышкан учурда, даъватчылардын милдети элдерди бириктирүүгө басым жасоо. Анткени, бул режимдер туруктуу эмес, ар дайым алмаша берет, ал эми элдер ошол бойдон калышат. Мунун мисалын турмушта канча ирет көрдүк го. Саясат – ар дайым өзгөрүп туруучу нерсе... Ошондуктан, мен аалымдарды бул же тигил режимге кызматчы болуп калуудан сактанууга, ошондой эле, тар мекенчилдикке берилбөөгө чакырамын. Ибн Бадис бизге улуу мекенчилдик үчүн кызмат кылууну үйрөткөн. Анткени, улуу мекен үчүн умтулбаган адам кичи мекен үчүн кызмат кыла албайт». Ошондой эле, шейх Али Билхаж аалымдарды бул саясий оюндарга аралашпоого чакырып мындай деди: «Биз бузуку режимдердин курманчылыгы болуудабыз. Бузукулукту бузукулук менен оңдоо мүмкүн эмес. Биз элдердин биримдигин жана бүтүндүгүн сактап калышыбыз зарыл». Ооруп жатканына карабай билдирүү жасаган Билхаж сөзүнүн аягында: «Магриб өлкөлөрү, араб өлкөлөрү жана жалпы мусулман өлкөлөрү колонизаторлор сызып берген чек араларды алып таштоо жана бир мамлекет астына биригүү менен гана ийгиликке жетишет. Аалымдардын милдети мусулман элдердин биримдигине салым кошуу жана бул фикирлерди таза бойдон калтыруу. Эгер алар бул фикирлерди ишке ашыра алышпаса дагы, сөзсүз түрдө аларды ишке ашыра турган башка муун келет», - деп айтты. ❑

# АЛДЫДА ЖАҢЫ ЖАНА КҮЧТҮҮРӨӨК «АРАБ ЖАЗЫ» КҮТҮЛҮҮДӨ

«Le Monde Diplomatic» гезити акыркы санында Гарвард университетинин илимий кызматкери Мавлаи Хишам Алавинин «Араб контрреволюцияларынын алсыз жеңиши» деген аналитикалык изилдөөсүн жарыялады. Аталган изилдөөнүн авторунун айтымында, араб авторитардык режимдеринде турмушка жарактуу так идеялар жана экономикалык долбоорлор жок болгондуктан, бул абал эртеби-кечпи кеңири жайылган элдик толкундоолорго алып келет. 2011-жылдан тарта он жылга созулган элдик толкудоолордон кийин, учурдагы араб коомдору чарчоо жана кайдыгерлик абалына келип калган. Бир тараптан, карапайым элдер аларды канааттандыра турган идеологияны таба алышпады. Экинчи тараптан, саясий жетекчилер чарчап, элдерди жаркын келечек күтүп тургандыгына ишендирүү үчүн эч кандай аракет кылбай калышты. Мына ушул эки тенденциянын биригүүсү себептүү, карапайым калк саясаттан алыстап, алардын бир бөлүгү кутулуунун жолун эмиграциядан издеп калды, ал эми калган бөлүгү болсо алдыдагы жылдарда кыймылсыз отуруп калууну каалабай турат. Анткени, тереңдешип кеткен экономикалык жана социалдык көйгөйлөр жаңы элдик толкундоолорду жана нааразылыктарды келтирип чыгарары бышык. Автордун көз карашында, алдыда күтүлүп жаткан революциялар Исламий көрүнүшкө ээ болбойт. Ошондой эле, автор учурдагы араб өлкөлөрүндөгү саясий сенектик төмөнкү факторлордон улам пайда болду деп эсептейт:

1. Батыштагы соңку саясий өзгөрүүлөр элдердин демократиядан көңүлү калуусуна алып келди жана Батышты үлгү катары көрүүсүн төмөндөттү. 2. Саясий Ислам ийгиликсиздикке кабылды. Он жыл мурун бир катар шайлоолордо жеңип чыккан Тунистеги «ан-Нахда» кыймылы, Мисирдеги «Ихван ул-Муслимин» жамааты жана Магрибдеги «Адилеттүүлүк жана Өнүгүү» партиясы сыяктуу Исламий кыймылдар элге ишенимдүү альтернатива сунуштай алышкан жок. Алардын баары эскирип, өз актуалдуулугун жогото баштагандай. Ошондой эле, аталган Исламий кыймылдар сунуштаган экономикалык долбоорлор либералдык моделден дээрлик айырмаланбайт. 3. Интернет жана социалдык тармактар өзгөртүүгө умтулган жаштар үчүн эркин майдан болбой калды. Бийлик аталган тармактарды тыкыр көзөмөлгө алып, жаш активисттердин сайттарын бузууда, ошондой эле, аларга карата тынымсыз куугунтуктоолорду, кысымдарды жана коркутууларды уюштурууда. 4. Араб жарандык коомунун өзү дагы ийкемдүү болуп калды. Анткени, коомдук бирикмелердин жана профессионалдык союздардын үндөрү басылып, бейөкмөт уюмдар кыска мөөнөттүү максаттар тузагына түшүп калышты. 5. Бир катар араб өлкөлөрү Ливанда, Иракта, Ливияда, Яманда жана Сирияда согушуп жаткан куралдуу топторго өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн өткөрүп берип коюшту.

Сөзүнүн соңунда, автор араб өлкөлөрүндөгү контрреволюциялар кайрадан залимдикке (тиранияга) алып келерин жана анын назарындагы күтүлүп жаткан жаңы «Араб жазы» мурункусунан бир топ күчтүүрөөк болорун баса белгиледи.

**Ал-Ваъй:** Азыркы учурда бүтүн дүйнө өзгөрүүнү каалап турат. Бирок, дүйнө элдери бүткүл адамзатты бактысыздыктан куткарып, алардын жана келечек муундардын турмушун бейпилдикке бөлөй турган, альтернативалык туура мабдавий фикирди таба албай жатышат. Арийне, жалпы адамзат үчүн жарактуу болгон бир гана мабда бар, ал – Ислам. Ислам мабдасы дүйнөлүк деңгээлдеги рошид Халифалык мамлекети тарабынан татбик кылынып, алгач жалпы мусулмандарды бир байрак астына бириктирет. Андан кийин, бул мабда өлкө ичинде Исламды татбик кылуу менен, тышта болсо даъват жана жихад менен бүтүн дүйнөгө жайылат. Акыйкатта, ал күн абдан жакын.